63.3(2Ки)
А50

ЭРГЕШ АЛИЕВ

# ЫЙЫК ЖОЛ



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

25000

ЭРГЕШ
АЛИЕВ



63.3(2Ки)

ЭРГЕШ АЛИЕВ

А50

# ЫЙЫК ЖОЛ

Эскерүүлөр

ОШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ N 411779

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»,
1990

АБОНЕМЕНТ

ББК 83. 3ки
А 50

Өспүрүмдөр үчүн
Сүрөтчүсү *К. А. Давлетов*

Алиев Эргеш.
А 50 Ыйык жол: Эскерүүлөр: Өспүрүмдөр үчүн /Сүрөтчүсү К. А. Давлетов. — Ф.: Адабият, 1990. — 112 б.
ISBN 5-660-00305-2.

Милициянын генералынын бул эскерүүлөрүндө жаш Совет бийлиги үчүн күрөшкөн республиканын ички иштер органынын кызматкерлеринин каармандыктары жөнүндө баян этет.

В своих воспоминаниях генерал милиции в увлекательной форме повествует о горячих схватках органов внутренних дел республики с врагами молодой Советской власти.

А $\frac{4803300100—62}{М 455 (11)—90}$ 120.90

ББК 83.3 Ки

ISBN 5-660-00305-2.

© «Адабият» басмасы, 1990.

* * *

*Жашым улам улгайып бара жаткан сайын колунан наныи, жүзүнөн күлкүсүн уурдаткан балалык кез, Улуу Октябрь менен кошо жаралган жаңы заман таңындагы окуялар, Совет бийлигин чыңдоо үчүн болгон күрөш, ага өзүмдүн аздыр-көптүр кошкон салымым, жалпы эле мына ошол өрт кечкен жылдарга тушташ келген күлгүн, кабагым-кашым дебестен эл үчүн кызмат өтөгөн соңку жылдар баары, баары күнү бүгүнкүдөй көз алдымда тургансы турган. Улуу муундун өкүлү катары дал ошол тынчы жок опаалуу-коогалуу күндөр — тарыхка өз изин калтырып кеткен күндөр жөнүндө кийинки урпактарга эртеби, кечпи аңгеме куруп берүүм керек эле. Бирок тынчы жок кызмат, түрдүү шарттарга байланыштуу бул максатым улам кийинкиге калтырылып келген болучу...*

*Кантсе да жүрөккө уялаган ошол бийик ой, аруу максат акыры колго калем алдырып, кечирээк болсо да ак дилим менен окурманым — сага, ыймандай жан сырымды баян этүүгө ниеттенип олтурам...*

## ЖАРГА КАМАЛГАН ЖАШТЫК

Мен 1905-жылы Көзжаман кыштагында (азыркы Ош областынын Ленин районуна караштуу Сакалды селосунда) кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулгамын. Ошондо мен ата-энемдин үчүнчү перзенти экемин. Кийин бир үй-бүлөдө он уул, бир кыз бой көтөрдүк.

Октябрь революциясына чейин колунда жок жатакчы адамга ар кыл өнөргө жакын колу сулдуу уста адам эле. Ал айылда жамакчылык, чачтарачтык, темир усталык кесиптерди аздектей билгендиктен — уста катары белгилүү болучу. Айылдаштары, коңшу кыштактарда жашаган адамдар «Али жамакчы» деп аташа турган. Буга тууган-урук, үй-бүлөбүз өзүбүзчө ичибизден сыймыктанып калаар элек. Анан калса атам да кимдир бирөөнүн керегине жарап, алкышын алганга тамылжый түшүп, ороктой чоң колдору менен берметтенген терлерди чекеден шыпырып ыргытып:

— Койсоңорчу, мен деген эптеп эле «уста» атыгып жүрсөм керек. Атакөрү, колунан көөрү төгүлгөн чыныгы устага жетиш кайда?!. — деп өз ишине ичи чыкпаган адам болумуш этип калар эле.

— Их-ий! Теңирди карасаң боло?!. Бу чөлкөмдө алдыңа чыккан уста жок. Ушу менден, жараткан бир-тике өнөрдү аяп койгон дейм да. Болбосочу, мына бу жыртык чапанымды алда качан эле желкеге таштап, шаар кезип кетмекмин, дүкөн издеп! Ха-ха-ха!

Алардын артынан узакка чейин күлкү жаңырыктап калар эле.

Бирок атамдын мындай өнөрлүүлүгүнө карабастан көкөй кескен ачарчылык, ал куруткан оору-сыркоо биздин үйдөн алыс кетпей койду. Ичкенге ашыбыз, кийгенге кийимибиз жетпеди. Улам биринен бири кичине бөбөктөрүмдүн бири ооруп, атамдын шайын кыйла эле оодуруп коюшту. Бул жалгыз эле биздин үйдө өкүм сүргөн көрүнүш эмес эле. Ошонун кесепетинен ал кездеги кедей-кембагалдын энчиси болгон малайлык, мага да эртелеп келди. Тагдырдын дил мокоткон суук шамалын эртелеп тостум.

Көзжаманда «Көз айнек» деп атыккан бай адам болор эле.

Күндөрдүн биринде атам агам Акмат экөөбүздү ошол «Көз айнек» байдыкына ээрчитип келип: «Эптеп аман болсоңор болду, ананайындарым! Тагдырдын тардыгы да, болбосо мен кантип эле силерди кашымдан чыгарайын, байкуштарым!» — деп каргылданган үнү менен алда кандай абалда жаштуу көзүн жашыра албай, жалтаң карап узай берди. Демейде шайыр, бакыбат, карылуу атам көз алдыбызда көтөрүм адамдан бетер илкип басып, мүңкүрөп, эңкейе түшкөн тейде көчө өйдө жүрүп отуруп, көрүнбөй кетти...

Мына ошол күндөн баштап биз малайлыктын ачуу тузун татып, айдагына көндүк. Курсагыбызды эптеп тойгузуунун айынан бай үйүн баш паанек кылып малын бактык, чөбүн чаптык. Эрте жаздан кеч күзгө чейин талаа кезип пахтасын өстүрүп, түшүмүн жыйнадык. Көзүбүздөн нур, ууртубуздан күлкү кетти. Ата үйүндөгү «төгөрөгү төп» күндөрдү түшүбүздө гана көрүп калдык. Антсек да көз жарган жаңы таң менен жошодой кызарып батып кеткен кезектеги күндөн жакшы күнгө болгон үмүтүбүздү жашырган жокпуз. Ал үмүт көөдөнүбүздө уялады, ачуу тер менен жылан боор камчынын заарын бирге тартты.



Кийинчерээк, он жети жашыма чейин Өзбекстандагы Кызыл-Токой деген кыштактагы (азыркы Ильичевка селосу) Молдо Сулайман жана өзүбүздүн кыштактагы Өскөнбай деген байлардын колунда жүрүп, оту менен кирип, күлү менен чыктым. Дагы эле сугат мезгилинде жиликке өткөн муздак суу кечип, талаада таман тилдирип отун алдым. Жайдын мээ кайнаткан аптаптуу узун күндөрүндө шалы паяларда тыным албай иштеп, түнү короодо калып ат бактым. «Ырахмат» укпай бай жемесине көп кабылып, далай ирет өлө жаздап таяк жедим. Дагы эле көз жарган буурул таң менен жошодой кызарып батып кеткен кезектеги күн күткөн үмүтүмдү алып келбей кечиге берди. Күз жазга алмашып, далай ирет даркан талаа аппак шейшеп жамынып, жашыл жоолук салынды. Эч нерсе өзгөргөн жок. Болгону кожоюнум Өскөнбай эмес Дөрбөн деген болду, итине аш бербеген битир, заар неме. Кээде өзүмчө мындай ойго келем: «Бардык жерде эле ушул байлардын күнү тууганбы? Болбосо не Манас баш болгон алптар келип булардын баарын чогултуп айдап олтуруп, кайра келгис жайга таштаса кана?! Ана ошондо көк сеңир алардын сазайын бир берип, өңкүлдөтүп ыйлатса! Маңдайында гана карап турсам!.. Алар менден ырайым сураса». Балалык кыялымда дал ошондой болуп кеткендей сезип, бир жылуу сезимден дене боюм магдырап туруп, кээде чакырганын укпай калып, камчы жегенимчи.

Күндөрдүн биринде Дөрбөн бай мени чакырып калды. Анын көздөрү туздай көк келип, чачтары болсо уйдун жүнүнө түспөлдөшүп кетер эле. Ошондуктан айылдагылар аны артынан «Дөрбөн сарык» деп, көзүнчө «Дөрбөн аке» деп коюшчу. Деген менен өзүнүн «Дөрбөн сарык» аталганын билүүчү. Билгенде не? Эл оозундагы сөздү кайра алып болобу? Түкүнчө айтты деп түкшүмөлдөп калганын эби келе калганда аёочу эмес.

Анын алдына барып, тизе бүгө салам айттым.

Дөрбөндүн Кожо, Кашка, Ала деген келишкен аттары боло турган. Экөөнү мен багуучумун. Ал саламыма алик айтуунун ордуна көзүнөн чаары чыгып, бакырып кирди:

— Эмне үчүн Кожонун ооздугу алынбаган. Ал кантип кепшеп, кантип жем-кашек жей алсын! Колуңдубу сенин... Оо атаңды...

Анын жерден алып көргө урган ыплас сөздөрү кулак учумдан учуп жатты.

— Кожо меники эмес, аны Жолдош акем багат эмеспи? — деп ызама бутумун учу менен жер чийдим.

— Эрсинип сүйлөгөнүн кара муну, паччагар десе! Мен сенин тилиңди азыр кесип албасамбы, кайрып сөз сүйлөр бекенсиң! Ох энеңди...

Жылан боор камчы тийбеген жерим калбады. Аңгыча:

— Токтоңуз, кожоюн! Сабыр этиңиз?! — деген үн жаңырды.

Карасам мени менен кошо ат баккан Жолдош аке. Менин чырылдап ыйлаганымды угуп, биздин жаныбызга жетип келген экен.

— Тийбеңиз! Баланы бөөдө өлтүрүп коёсузбу? Өткөн жолу да орозосун ачып койду деп өлөрчө сабагансыз. Көгөрбөгөн жери калган эмес. Айтыңызчы, Эргештин күнөөсү не? Аттын ооздугу алынбаган болсо күнөө менде го акыры. Кожо мага бекиген эмеспи. Мени урбайсызбы андан көрө! — деп Жолдош аке ортону бөлө басты.

Жолдош аке кең далылуу, бакыбат, каруусу ашыпташкан олбурлуу неме эле. Андан байлар гана эмес элүү башы, жүз башылар да тымызын чочулай тургити катары алып жүрүүнү самашаар эле, ар кимиси өзүнчө. Анткен менен Жолдоштун терс кыялы аларды сестентчү. Анан да бизге муштум көтөргөн бай балдарын «төпөчтөп» да коер эле. Муну угуп калышып: «Бөрү баласы ит болбойт» дегендин өзү ушул. Колдон келсе мунун көзүн тазалап таштаган оң. Болбосо заман жаман жагына айланып кеткени туру! «Балтыр бит башка чыгат» дегендей болуп жүрбөсүн» — деп калышат эле. Анын үстүнө жакындан беркилер «имиш-имиштен» чочуладыбы, же куулук кылдыбы, айтор сөгүнгөн болуп Жолдош акеге кол кайырбай ары басып кетти.



Ордумдан турбай үч күн жаттым. Жолдош аке чебеленип:

— Жарга камалган жаштыгың менен кур! Майып болуп калсаң не болот?! Эми минтип кичине заман оңолот-оңолот болуп жатканда! Бизге окшогон шордуулардын көрөр күнү болобу? — дейт.

Бүткөн боюм өрт каптагандай күйүп-жанып, таңдайым катып суу көзүмдөн учат. Жолдош аке жанымдан чыкпады. Денеме зыгыр майын сүртүп, кандайдыр бир нерсени күйгүзүп майга аралаштырып, жарааттарыма басты. Көңүлүм тамакка тартканда кардымды тойгузуп, көңүлүмдү көтөрдү.

Дагы эле көз жарган буурул таңдар менен жошодой кызарып батып кеткен күн күткөн үмүтүмдү алып келбей кечиге берди...

## АЛГАЧКЫ КЕЗДЕШҮҮ

1921-жылдын акыркы айлары эле. Күз мээлүүн келип, жер узакка чейин кара турганы менен кыш өкүмүн сүрбөй койгон жок. Эки күн мурда жааган жамгыр нөшөрлөп төгүп олтуруп өзү менен кошо аппак карды алып келди. Бир эле түндүн ичинде теребел аппак шейшеп жамынды да калды. Күнү кечеги эле кызуу кыймыл, талаа-түздө жайылган жандык көзгө көрүнбөй, бак-дарактар да күндөгүдөй көзгө сө-

лөттүү эмес, негедир жапыс көрүнөт. Жылаңач калган бутак-шактарга конуп топ таранчы үрпөйөт.

Эби кеткен жука чапанымды канчалык кымтылаганыма болбой жаңы кардын суугу үйдөн чыкканымда эле ичиркентип алган. Малайлык турмуштун көйгөйү менен Сакалдыдан Кызыл-Токойго карап жүргөнүмө анча болгон. Мезгил да түшкө жакындап барат. Бир оокумда алдымдан ошол кезде жергиликтүү калк «мужук» деп атап жүргөн эки орус жигити чыга калышты. Күтүлбөгөн мындай кездешүүдөн улам чочуп кеттим. Же алдыга, же артыма басарымды билбей дел болдум да калдым. «Мужуктар» жөнүндө жүрөк үшүн алган ушак-айың, «имиштерди» далай эле уккан элем. Эми мына ошол адамдар бет алдымда турушат. Турганда да күлүмсүрөшүп, жылуу мээрим менен тиктеп турушат. Бул неси? «Алдынан чыккан жанды ай-буйга келтирбей эле тытып кетишет экен» — деп айтышчу эле го? Же мени бир азга сынайлы дештикенби?! Кийген кийимдери да чоочун. Асынган мылтыктары, биринин кылычы да бар. Аңгыча:

— Үкөм, мага жакыныраак келчи?! Коркпогун, биз сага тийбейбиз! — деп жанагы бет алдымдагы эки жигиттин бири кыргыз тилинде сүйлөп кирсе болобу! Муну угуп бир аз жайлана түшсөм да тизелеримдин калтыраганы али басыла койбоду. Алда неден чочулап ордумдан жылбадым. Көрсө кыргызча сүйлөгөн жигит Орто Азияда чыккан басмачыларды жок кылуу үчүн Россиядан келген татар атчандар бригадасынын саясий бөлүмүнүн начальниги Я. Д. Чанышев жана анын жанында турган экинчи киши өзгөчө бөлүмдүн кызматкери Маслов экендигин кийин билип жүрбөйүмбү.

Ошол кезде кыргыз эмгекчилеринин көпчүлүгүнүн саясий сокурлугу, советтик кызматкерлердин жетишсиздиги, бийлик органдарында социалисттик революцияга жат элементтердин кой терисин жамынып алып



иштеп калышы,— мына ушулардын бардыгы Фергана областына, ошонун ичинде Ошко, Жалал-Абадка, Базар-Коргонго өлкөнүн борборунан революцияга чексиз берилген кадрларды жөнөтүүнүн зарылдыгы келип чыккан экен. ВКП (б) Борбордук Комитетинин тапшырмасы боюнча Волга боюндагы татар атчандар бригадасы Орто Азияга жөнөтүлүп, алар басмачылар менен күрөшүүдө кужурмөндүүлүктү көрсөтүшкөн. Бригаданын командири Ю. И. Ибрагимов, саясий комиссары Я. Д. Чанышев болгон. Алар Андижан, Ош, Жалал-Абад аймагында жүргүзүлгөн операцияларды билгичтик менен башкарышып, басмачыларды жок кылууда жетишкен ийгиликтери үчүн эмгекчилердин алкышына ээ болушкан. Ал эми ошол кезде куралжарактарын белине байланып, чагылгандай чартылдаган чабандоз «мужуктарды» алгач көргөндүктөн жандан аша кечип корккондугум да жүйөөлүү эле.

— Үкем, жакыныраак келчи?! Коркпогун, биз сага тийбейбиз! — деп жанагы сөзүн кайра кайталады кыргызча сүйлөгөнү жылмайып.

Мен артыма кетенчиктеп, качууга далбас ургум келди. Бирок алардан качып кутула албастыгымды билип эле турдум. Кара-көк тартып калчылдап, бейтааныш адамдар алдында эмне дээримди билбей ыйлап кирдим:

— Акебайлар, мен малаймын, мен малай. Не жамандык кылдым сиздерге?! Кое бериңиздерчи мени?! — деп «малай» дегенден башка сөз оозума кирбей үстөкө-босток кайталай берипмин.

— Ээ үкем, аныңды турган турпатыңдан эле көрүп турбайбызбы?

— Ооба, мен малаймын. Мен бул жердик эмесмиң. Тээтиги жердеги кыргыз айлынан келе жатам — деп шаша тоо тарапты көрсөттүм. — Ылдыйкы кыштакта менин кожоюнум бар, мен анда малай болуп жүрөмүн.

— Жакшы бала турбайсыңбы. Мен дагы кембагалдын баласымын. Улутум татар. Дал сен өңдүү малай-жалчылардын таламын талашып мында жүрбөймбү. Болбосо менин жерим кайда дейсиң? Ох-о-о! Ничево, жакында баары жакшы болот. Ушу сендейлердин баары өз эркиндигин колдоруна алышат,— деди мага боору ооругансып.

Бул жигит менен сүйлөшкөнүмө бир чети ичим ысыса, бир чети таң калам. Анан калса эски тааныымдан бетер күлүп, көзгө жылуу көрүнүп турат.

— Тигил киши ким? — деп сурадым андан кылыч жана маузер тагынган шеригин көрсөтө.

— Албы, ал — командир. Кызыл командир.

— Кызыл командир деген ким болот?

Менин бул суроомо татар жигити боору эзиле күлүп, жолдошуна орусчалап бир нерселерди айтты. Ал да көңүлүндө кири жок каткырып күлүп калды. Аларды туурап мен да жылмайган болдум. Оо бир оокумда татар жигити менин маңдайымдан аяр сылап, колтугуна кысып, жергиликтүү бай-манаптар, малай күткөндөр, басмачылар жөнүндө сурап калды. Билгендеримди жашырбай ортого салдым. Бирок бул айткандарымды эч ким укпасын деп абдан сурандым.

— Биздин байлар качан жоголот? Алардан жер-сууну кимдер тартып алат?

Алар кайрадан жылмайышып, бул суроомду түшүндүрө баштады:

— Сен жана сендей адамдар, бүткүл карапайым эл тартып алышы керек. Жер сендей кедей-кембагалдардын менчигине өтөт. Бай-манаптарды жок кылуу үчүн сага окшогон кедей-кембагалдар бизге, кызыл аскерлерге жардамдашуусу керек! Эми түшүнүктүбү?

Мен башымды ийкеген болдум.

Аңгемебиздин акырында аларга менин жардамым керектигин айтышты:



— Бай-манаптар, молдо-эшендер, басмачылар жөнүндө билгендериңди, айыл-кыштакка кимдер келип-кетип жатышканын, не кылышкандарын шек алдырбай байкаштырып жүр. Өз кишилерибиз келгенде кабар бере алгыдай бол. Сак болгун, шек алып калышпагандай иште!

Алардын сөздөрү мага буйрук катары сезилди.

— Билип калышса эмне болот? Мени уруп өлтүрүп коюшат да? — дедим балалык маңыроолук менен.

— Өлүмдөн коркпо! Бул акыйкат иште бизге коркууга болбойт. Биз сенин өмүрүңдү сактоого аракет кылабыз. Ошондой кыл Эргеш, бизге берген жардамың ушул болсун. Сен жакшы бала экенсиң. Дагы көрүшөбүз! — деп мени менен коштошуп жүрүп кетишти.

Артынан узата карап, ара жолдо канча турганымды билбейм...

Ошентип, өзүмдүн арзыбаган жумушум менен Совет бийлигине жардам берүүгө дилгирленип калдым. Басмачылардын турган жайларын аныктоо, кайсы бай орого канча дан бекитти, шектүү келди-кеттилер жөнүндө аңдаттырбай кабардар болуп, кыштакка келген өз кишиге билдирүү — менин негизги милдетим болуп калды. Көөдөндө жакшы күнгө болгон үмүт жанып, өзүмө болгон ишеним артты.

## КАРЕКТЕ КАЛГАН ЭЛЕС

Кийин Кокон-Кыштак селосундагы Аушка айылында Уста Курбантай деген байдын колунда малай болуп жүргөн кезимде да кызыл аскерлер менен болгон байланышымды үзгөнүм жок.

Күн өткөн сайын айылда өзгөрүштөр боло баштады. Таң аткандан каш карайганга чейин эле төрт адамдын башы кошула калган жерде, «тигил же бул кор башынын жигиттери орустарды кармап алыптыр

имиш» десе бири, «ай аны айтасың да! Алар тим эле атып койбостон кыйнап өлтүргөн имиш» деп, да бирлери, «паланча кор башынын жигиттери орус аскерлеринин огунан жан таслим болушкандыктарын» айтып, айтор айыл арасы «имиш-имишке» толуп кетчү болду.

Бир жарым айга жакын убакыт өткөндөн соң баягыда жолуккан татар жигит мага дагы келди. Бул сапар ал корбашы, бай-манаптар жөнүндөгү жаңы маалыматтарды сурады. Ошол кезде кызыл аскерлерден Ош — Анжиян жолунун боюндагы Хартум кыштагынан бала-чакасы менен качып келип Сатыбалды батча дегендин үйүндө туруп калышкан Юнус пансат, Маатказы жана Усубалы кор башылар уста Курбантайдын ымаласы келишкен коңшуларынан эле. Ошондуктан алардын эмне кылып жатышкандыгын, аларга ким келип-кетип жүргөндүгүн билип, кабар кылуу жөнүндө өзгөчө бөлүмдүн кызматкерлери Маслов жана Ус жолдоштор мага атайын тапшырма беришти. Мен билгендеримдин баардыгын аларга айтып турдум. Өзгөчө бөлүмдүн менден башка да батрактардан тандалган 10-15тей ишенимдүү кабар берүүчү байланышчылары болгон. Алар да мен өңдүү эле басмачылар жөнүндөгү маалыматтарды жыйнашып, жашырын билдирип турушкан.

Эртеси эле күн көтөрүлбөй туруп баягы мага тааныш татар жигит баштаган кызыл аскерлер айылга келишти. Алар бул чөлкөмдөгү байлардын, кор башылардын үйлөрүн, коргондорун, шектүү жайларды аңтарып чыгышты. Чочуганым эле биз турган Уста Курбантайдын коргонуна кирбей коюшуп, жолугушпай каламбы деген ой. Бир минута сааттка созулгансып (ал кезде минутаны кайдан билдим деңизчи) убакыт же өтсө не? Жок, акыры кызыл аскерлер айыл аралап олтуруп менин кожоюнумдун да коргонуна кирип келишти. Ал эми Кожоюн Уста Курбантай болсо түн ка-



тып, бир жакка жөнөп кеткен эле. Коргондун ичинде Уста Курбантайдын кемпири экөөбүз гана калган элек.

Мага тааныш эки кызыл аскер (командири Маслов) мени жандарына чакырып алышып көпкө аңгемелешти. Усубалы, Мааткаэы, Сатыбалды кор башыларды, Юнус паңсат, кожоюнум Уста Курбантай жөнүндө сураштырышты. Алардын суроолорун канааттандырып, керектүү маалыматтарды бүт айтып бердим.

Татар жигит колуна кагаз-калемин алып, бир нерселерди чиймеледи да мага көрсөттү.

— Так ушундай кылып кол койгун, бир нече жолу кайталагын муну.

Колум калтырап жатып араң чиймелеген болдум. Анан бир барак кагаздын алты-жети жерине дал ошондой кылып чиймелеп кол койдум. Көрсө бул пароль-белги экен. Ошол кол койгон кагаздардын бирөөнү кичинекей кылып ороп этегиме өзү билиндирбей тигип койду да, калгандарын сол ыптасындагы чөнтөгүнө мыктылап катып:

— Сага жакын арада бирөө келет — деди ал. — ошондо мына ушул кол койгон кагаздарыңдын бирөөн көрсөтөт. А сен этегиндеги кагазды алып, колуңду салыштырып көр. Эгерде окшош болсо, ал кишинин бардык суроолоруна жакшылап жооп бергин. Өз колуңду тааный аларсың, Эргеш!

Кийин ал дагы келди. Анча-мынча билген маалыматтарымды угуп жөнөп кетти. Арадан бир жумача өтпөй мал айдап көчөдө баратсам жашы отуздар чамасындагы сулууча келген жүдөө уйгур жигити менден акырын дабыш чыгарып:

— Уста Курбантайдын малайын билесиңби? — деп сурап калды.

— Ошол малай менмин! — дедим ага.

— Жакшы болбодубу. Өзүм да сен экендигиңди болжолдодум эле. Мени сага жиберишти.



...ШСКАЯ
ОБЛАСТНАЯ
БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 411779

— Мага жиберишкенин сиз кантип далилдейсиз?! Анын үстүнө мен сизди биринчи ирет көрүп олтурам. Таанымбаймын сизди! — деп этияттана жөнөмөкчү болдум.

— Далилим бар!

Ал мен өзүм баягыда кол койгон алты-жети кагаздын бирөөн коомай алып көрсөттү. Мен да этегимде тигилген кагазды алып салыштырып көрдүм. Бардыгы туура чыкты.

Келген кишинин суроолоруна жооп бердим. Уста Курбантайдын жана анын коңшуларынын 4-5 жолудан келип кеткендиктерин, алардын кайсы жерде жашырынып жаткандыктарын бүт айтып бердим. Уйгур жигит кайра артына кетти.

Ошол күндөн көп өтпөй базар күнү түш чендерде жарчы базар аралап жар чакыра баштады:

— Оо, калайык, эшитпедим дебегиле, эшитпедим дебегиле! Уккула, уккула-а! Бүгүн базар ортосунда чоң тамаша болот. Өзүнүн калкына жана ыйык динге кыянат кылып, капырлардын динин жактаган бетпак, катыны талак бир кызталак эл алдында өз күнөөсүнө жараша жазага тартылат. Ал капыр чоң күнөө кылган, өз динин саткан, ыйманын жеген! О-о калайык! Уккула-а!

Мен кожоюндун койлорун базарга айдап келген элем. Базардын орто жеринде чоң хауз (көлчө) болор эле. Дал ошол көлчөнү тегерете үстүнө кымбат баалуу килем салынган чарпаялар коюлган, анда бай-манап, молдо-эшендер, алардын таламдаштары, кор башылар кеңеш куруп чай ичип олтура турган. Бул сапар да көлчөнүн айланасы «билерман» адамдарга толуп чыгыптыр. Алардын көбү куралданган басмачылар болучу.

Көп убакыт өтпөй эле базардын төмөн жагынан эл тең экиге жарыла берип жол бошотулуп, келе жаткан атчандар көрүндү. Көргөн көзүмө ишенген жокмун. Кайра имерилип тиктедим. Жок, адашпаптырмын. Дал ошонун өзү. Дал ошо күнү мага келип кабар алып кеткен уйгур жигиттин эки колу ээрдин кашына байланып, буттары жерге тиер-тийбес болуп салаңдап келе жатат. Бети-башы тамтыгы жок шишип, кызыл-ала кан. Басмачы жигиттери камчы менен үстөкө-босток сабап келүүдө.



Бүткүл боюм дүр эте түштү, кандайдыр бир муздак нерсени башымдан ылдый куюп жибергендей жүрөгүм алкымыма тыгылды.

«Демек, мага келип жүргөн уйгур жигит Аматахун колго түшүп калган экен да, ошон үчүн жакындан бери кызыл аскерлерден киши келбей жаткан турбайбы?» — деген ой заматта башыма кылт дей түштү.

Кор башылардын букадай семирген жигиттери обу жок дарылдап кыйкырышып, элди тескеп жүрөт. Ортодогу ачык аянтчага баягы жигитти алып келип коюшту. Баятан бери канын ичине тартып олтурган, башында байлап алган жоолугу бар чап жаак субагай кара сур неме ордунан атып туруп, ансыз да эси ооп сендиректеп араң турган жанагы байланышчы жигиттин жанына текебер басып келди да кылычын кынынан сууруп алып жекирип кирди:

— Бизди ушактай турган, орустарга жеткире турган тилиң кайсы, иттин баласы! Көрсөтүп эле койчу ошол тилди, алаканыңа гана салып бербесем ит баласы мен болоюн! Кайсы алыңа элиңди кайдагы бир кырк кулак казандан аш ичип, кырк кулач төшөккө катын-эркегин таанымбай жаткан капырларга сатасың!

— Бул наалатынын тилин кесип, көзүн оюп салуу керек! — деп дарылдады анын жанындагысы.

Уйгур жигит кетенчиктей бергенде артында турган экөөнүн бири мылтыктын кундагы менен желкеден ары берип калды. Олтургандар арасында арачы түшө турган жан жоктой. Кайра табасы канып, көз-

дөрү кайнап турат. Жардап турган кедей-кембагалдардын боору ачып көздөрүнө чолок жаш алып, не болуп кетерине акылдары жетпей айраң-таң. Деген менен алардын жүрөктөрү бир жамандык болорун аңдап-билип эле турушту. Аңгыча жанагы каны ичине тарткан кара сур неме бурк этти:

— Тилин бери чыгаргыла!

Эки жигит оозун жырмалап жатып, тилин булайта сууруп чыгышты.

Жанагы кара сур неме ого бетер заардуу кыйкырды:

— Бизди ушактай турган тилиң ушулбу, каапыр?

Кылыч шарт шилтенип, бир үзүм кызыл эт жерге учуп түштү.

Оозу-мурду канга толгон жигит жер тиктей берди.

Бөрк ал десе баш кескен эки карылуу желдет кайрадан өйдө каратышты.

— Биздин сөзүбүздү тыңшаган кулагың ушулбу?!

Бул саам курч кылыч ал жигиттин кулагын «тырс» шылып өттү. Бирок Аматахун үн чыгарган жок. Кызыл ала канга боелуп боюн түзөй берди эле кутурган экөө мылтыктын кундагы менен туш келди согуп, тепкилеп кетишти. Турган эл айласы куруп тетири карашты, жаштуу көздөрүн ала качышып. Көзүмдөн аккан жашты тыя албай, жан дүйнөм сыздады. Аргам канча. Алдан тайып жыгылган Аматахунду сүйрөп барып чуңкурга ыргытып салышты, зөөкүрлөр.

Жанагы жексур кылычынын канын аарчыбастан кынына салып, элге карай мындай деди:

— Эгерде кимде-ким бизге чыккынчылык кылса, бизди орустарга сатса, куду ушул акмактын абалында өлтүрүлөт. Уктуңарбы?! Көрдүңөрбү?!.

Базар ичи жым-жырт боло түштү. Бүткөн боюмду тер басып, ошол жерден көзүмдү оолактатууга шаштым. Аккан көз жашымды аарчып жатып айдап келген койлорумдун жанына жеттим.



Аматахундун жырткычтык менен өлтүрүлүшүн көргөндөн тартып менин басмачыларга болгон жек көрүүм, ызаам, кегим ого бетер күчөдү.

Арадан бир айга жакын убакыт өттү. Дагы бир киши мени издеп келди. Пароль-белги болуп калган кагазды көрсөттү. Мен ал келген адамга өзүм жыйнап жүргөн маалыматтарды, уккан-билгендеримди жакшылап айтып бердим. Бул байланышчы менен удаа-удаа үч-төрт жолу кездештим. Ар бир жолугушуу экөөбүздү ого бетер жакындаштырып, дос кылып жиберди. Аты Максым, улуту өзбек экен. Бир жолку жолугушууда уйгур жигиттин кантип кыйнап өлтүргөндүктөрү жөнүндө айтып бергенимде, Максымдын жаак эттери түйүлүп, көздөрүнө каар ойноп:

— Көрдүңбү, Эргеш, буларың адам кейпин кийген жырткыч. Биздин сак болушубуз абзел. Эч нерсе эмес, аз күндө булардын тукумун курут кылабыз. Мына ошондо көрөсүң Эргеш, заман кандай оңолорун. Эхе-е, Эргеш, Эргеш! Ал күндөр да алыс эмес! — деди.

Мезгил күзгө таяп, бышыкчылык мезгил болуп калганда Максым да колго түштү. Жазалоочулар Максымды да эки атчан басмачыга айдаттырып, бети-башына көө сүртүп, көчөмө-көчө кыдыртып чыгышты. Камчы менен сабашып, башы-көзүн кандашты. Баягы уйгур байланышчыны кыйнаган базардагы аянтчагагы алып чыгышты. Чогулган элге жар салышып: «Кимде ким мына ушул ит сыяктуу орустарга тыңчы болуп, динге-исламга каршы чыкса ал да мына ушундай болуп доңуз өлүмү менен өлөт» — дешип Максымды улуу от жагылып турган жерге жетелеп келишип, дак болуп турган пахта майын чоң чөмүч менен сузуп алышып анын жылаңачталган денесине куюп жиберишти. Жүзүң жамандыкты көрбөсүн! Дакталган пахта майы Максымдын этин шылып түшүп, агарган сөөктөрү көрүнө түштү. Топтолгон эл «чур-р» дей түшүп, тиги шумдукка төбө чачтары тик турду. Көздө-

рүнө каар конуп, көөдөндөрүндө — орду толбос кек калды.

Мына ошол эки жолдошум тең канчалык кыйналгандыктарына, өлүм алдында турганына карабастан эч нерсе айтышкан жок. Мен жана мен өңдүү башка байланышчылар жөнүндө айтып жан-далбас кылып, шек билдиришкен жок. Кызыл аскерлер жөнүндө бир ооз сөз чыгарышпады. Чыныгы өз элинин келечеги, өз калкынын тагдыры үчүн өз Родинасынын чыныгы патриоттору катары курман болушту. Алардын өлүмдөрү али да болсо көз алдыда күнү бүгүнкүдөй. Дайыма дилимде, жан-дүйнөмдө кошо жүрөт. Алардын майтарылбас эрки, көздөгөн максатынан кайра тартпаган эрдиктери карегимде өчпөс элес болуп түбөлүккө калды. Ал элестерди мезгил изинен да, кийинки урпактардын жүздөрүнөн да окуп келем. Ал элестер өлбөс-өчпөс элестер. Аматахун, Максым өңдүү эл уулдарынын ысымдары элде, биз сыяктуу жолдошторунун жүрөктөрүндө. Таазим силерге!

## АЖАЛ МЕНЕН АРБАШКАНДА

1920-жылдын апрель айына чейин Россиядагы жана Түркстандагы Совет бийлигине каршы пайда болгон контрреволюциячыл негизги күчтөр жоюлган болучу. Бирок, анын кайрадан пайда болушу да күтүлүп жаткан. Көп өтпөй эле, башкача айтканда 1920-жылдын жай айларында жаш Совет республикасына каршы Антанталык интервенция башталды. Бул баскынчылык жүрүш Орто Азия регионун да өз кучагына алды. Чет элдик империалисттер Советтик Түркестанга каршы негизги үч күчтү пайдаланды. Анын бири Совет бийлиги орногондон кийин да өзүнчө жашап жаткан Бухара эмираты, экинчиси — Фергана өрөөнүндөгү, Хорезмдеги басмачылык кыймыл жана



үчүнчүсү ак гвардиячыл аскерлердин калдыктары болучу. Айрыкча Англиялык бийликтер Орто Азия регионуна аябай көз артып, бир жагынан мурдагы падышалык өкмөттүн кызыкчылыгын коргогон, экинчиден, жергиликтүү бай-манаптардын, кожо-молдолордун бийлигин кайра орнотууга жан күйгүзгөн катары көрүнүп, контрреволюциялык бүткүл амал-айлаларды Совет бийлигине каршы, аны коргоп жана чыңдап жаткан Кызыл Армияга, карапайым эл массасына каршы багыттаган. Алар тарабынан материалдык жана техникалык жактан колдоо алып турган падышалык өкмөттүн мурдагы жергиликтүү бийликтери, мусулмандык бардык күчтөр басмачылык кыймылды ансайын күчөтүштү. Алардын бирден-бир урааны кызылдарга жана аларды колдогондорго каршы күрөшүү, исламдык ыйыктык үчүн, кудайдын ак жолу үчүн курман болгонго чейин согушуу, Совет бийлигин муунтуп жок кылуу болгон. Басмачылардын ошол кездеги пландары кандай болгон? Кызыл аскерге, аларды кубаттап колдогондорго каршы аеосуз күрөш жүргүзүү элди талап-тоноо, коллективдештирүүгө, карапайым калктын биригип кетишине эч кандай жол бербөө, бай-манаптардын, молдо, кожолордун ой-мүдөөлөрү үчүн ыйык исламдын туусу астында жүрүшкө даяр туруу эле. Алардын башында Мадаминбек, Көр Шермат, Мойдунбек, Калкожо сыяктуу белгилүү кор башылар турган. Аларга болсо чет элдиктер тарабынан көп курал-жарактар берилип, саясий-тактикалык жактан багыт көрсөтүлүп турган. Бул максатта падышалык Россиянын мурдагы генералдары, офицерлери пайдаланылган.

Мындай кырдаал Коммунисттик партиянын Борбордук Комитетин тынчсыздандырбай койгон эмес. Ошондуктан, Түркстан фронтуна жетекчилик кылуу жана басмачылык кыймылды биротоло жок кылуу, ошондой эле Орто Азиянын партиялык, советтик ор-

гандарына практикалык жактан жардам көрсөтүү максатында М. В. Фрунзе, В. В. Куйбышев, Я. Э. Рудзутак жана башка көрүнүктүү аскердик, партиялык ишмерлер баш болгон ондогон кызматкерлер келишкен. Айрыкча М. В. Фрунзенин Кокондо, Ферганада, Ошто, Жалал-Абадда жана башка шаарларда болушу, эмгекчилердин өкүлдөрү менен жолугушуусу жаш Совет республикасын чыңдоого, эл душмандарын жок кылууга карата шыктандыруучу чакырыктары ошол кезде өтө чоң роль ойногон. Кеп, контрреволюциячыл күчтөрдү, басмачыларды гана жоюу болгон эмес, ошондой эле ошол кездеги ачарчылыктан, ар кандай оорудан жапа чеккен калайык калкты сактап калуу да негизги маселелердин бири болгон. Айрым фактыларды келтирели: 1918-жылы эле Фергана өрөөнүндө 970 миң киши аябай ачкачылыкта жашашкан. Алардын көбү Ферганада, Анжиянда, Наманганда болгон. Аларды сактап калуу үчүн кечиктирилгис иш чаралар көрүлгөн. Кавказдан, РСФСРдан жүздөгөн вагон дан эгиндер алынып келинген. Мындан тышкары жергиликтүү байлардын ашык эгиндери тартылып алынып, 632 вагон дан эгин даярдалган. Алар Кызыл аскерлерге жана ачарчылыкта калган элдерге жөнөтүлгөн. Бай-манаптар ашык баш эгиндерин өкмөткө, элге сатуудан баш тартып, кара санатайлык менен бекитип жатышкан. Коммунисттердин, комсомолдордун жардамы менен азык-түлүк топтоочу отряддар, элдик активисттер тарабынан даярдалган 632 вагон эгиндин 136 вагону Фергана, 139 вагону Кокон, 78 вагону Наманган, 217 вагону Анжиян, 42 вагону Ош уезддеринен даярдалган. Оокатсыз калган элдерге 130 миң казан асылып, тамак-аш даярдалып берилип турган. Бул жеңилге турган эмес. Басмачылар жана жалпы эле эл душмандары элдик активисттерди өлтүрүшүп турган. 1922-жылы эле Фергана өрөөнүндө милициянын 180 кызматкери, жүздөгөн активисттер душман



колунан жок болгон. Мындай жоготуулар 1932-жылга чейин миңдеген кишиге жеткен...

Албетте, мына ушундай кыйын күндөрдө мен да аскердик саясий-массалык иштерге активдүү катышуу менен башымдан көп окуялуу мезгилдерди өткөрдүм.

Менден да шек санап, басмачылар аркамдан аңдып калышкан экен. Башка жакка көз жашырып кетип калбасам иш чатагына айланып кетерин эскертип, ыктыярдуу отряддын командири Маслов атайы киши жөнөтүп кабарлады.

Ошентип, 1923-жылы өзүм туулуп-өскөн ата-конушум Сакалдыга келдим. Айылдагы карапайым калк, ата-энем, колу-коңшулар дагы эле баягы ачарчылыктын, оору-сыркоонун уу чеңгелинен чыга элек экен.

Бир нече күндөн кийин эски кожоюнум Дөрбөндүн алдына бардым. Мурдагыга караганда бир кыйла жоошуп, кытмыр болуп калган Дөрбөн менин келишимди жактыруу менен кабыл алды.

— Мен сени өзүм атайылап чакыртайын деп турган элем. Ырас болбодубу келип калганың. Мунуң жакшы иш болду үкөм! — деп жойпулана каршы алды. — Тентип жүргөнүң жетишер. Талаа кезип жүрүп бир чапаның эки болбоду. Кардыңды тойгузуунун аракетин кылбайсыңбы? Эми мага келип иште! Макулбу? — деди бир жагы буйруй, бир жагы өтүнө. А көздөрү болсо үстү-башымды аңтара тиктеп жатты.

Кайрадан мен Дөрбөн сарыктын малайы болуп калдым. Эски чокоюмду сүйрөп, чапанымды ийниме таштап кожоюнум дайындаган ишти аткара баштадым.

Дөрбөн орто дыйкан эле. Ал байлардан келишим боюнча жер бөлдүрүп алып, ага пахта эгүүчү. Керек болгондо кедей-кембагалдарды да жалдап иштетер эле. Анын үч аялы боло турган. Чоң байбичесинен кырктын кырына барып кыз көрүп, калган аялдарынын согончогу канай элек. Көзгө жагымдуу жувандар эле алар.

— Эркек балам жок, ордумду басар. Көз жумуп кетсем атымды алып калар эч кимим жок. Сен мага уул бол! Бала кылып алайын! — деп калды күндөрдүн биринде адаттагыдай эле талаадан келип эми эле оозго чай алганымда.

— Сени бала ордуна эле көрүп калдым. Жыйган малым, мына бул ак сарайларым, баары сеники. Макул деп кой!

Анын үнү жалоорундку чыкты. Не дээримди билбей башымды шылкыйттым.

Ошол күндөн көп өтпөй Дөрбөн сарык коңшу-колоңдорду чакырып, алдыларына аш тартып, ырымы кылып эл жүзүнө бата алып, «мени уулум» деп жарыялады. Көр тириликтин айынан өз атам тирүү турса да «Дөрбөн уулу Эргеш» болуп аталдым. Көрсө мунун да мен билбеген сыры бар экен. Ал он гектар пахта аянтын өзүнө жана беш гектар жерди мага жаздырып пахта эгет. Мен ага жардамдашып, пахтаны багып өстүрөм. Тапшырган пахтам үчүн «Дөрбөн уулу Эргеш» деген ысым менен пахта пунктынан акча алам. Бирок ошол алган акчанын жүзү кандай экендигин көрбөйм. Анткени, аны Дөрбөн ошол замат менден алып, чөнтөгүнө салат. Дал ушундай окуя качан үчүнчү аялы эркек төрөгөнгө чейин созулду. Ошондо гана мен өз атамдын ысымына көчүп «Али уулу Эргеш» болуп кайрадан укук алдым. А аткарган жумуш, тарткан түйшүгүм болсо мурдагы эле бойдон.

Атамдын жашай турган боз үйү болгон эмес. Ошондуктан Дөрбөн менен сүйлөшүп, иш акыма бир тамтыгы кеткен боз үйдү алдым. Боз үйдүн кийизи эскиргендиктен үзүктөнүп ар жеринен шамал ышкырып, түнү жылдыз көрүнгөн абалда эле. Мен ошого да жетине албай кубанганымды айтпа. Айрыкча атамын сүйүнгөнүчү:

— Садага кетейиним, серейип адам болот деген ушул, ананайыным! — дейт жетине албай ал.



Күндөрдүн биринде Дөрбөн мени ак май алып келе калгын деп чигиттен май жасоочу уста Көчөрдүкүнө жөнөттү. Ашкабактан жасалган май куюлчу идишимди колума алып, Көчөр акенин короосуна кирип бардым. Көчөрдүн иниси Айдар айбанчада кылычын тазалап, ачуулуу олтурган экен. Денем дүр дей түштү. Алда кандай жамандыкты сезгендей жүрөгүм болкулдап, кантсе да сыр бербеске далбас урдум. Айдардын Турдалы кор башынын эң жакын баш кесер жигиттеринин бири экендигин мурдатан жакшы билет элем. Кайра кайтууга кечтик кылып калган болуучу.

— Ассалоому алейким!

Тигил алик алыштын ордуна шарт туруп, кылычына колу жармашты.

— Тигине тыңчы, тыңчы келди! — деп кыйкырды ал коргондун ичин үч көтөрө. — Өлөр эчки өз буту менен басып келет дегендин өзү ушул. Эми колума түштүңбү? Ии түштүңбү?! Тирүүлөй кутулуп көр! Башкасы бүтүп эми менин изиме түшкөн экенсиң да. Жаңылышасың. Мен али бери сага өз өнөгүмдү бербейм! Жазаңды колуңа гана бербесем өлгөн энемди алып калайын! Ушул азыр тиги дүйнөгө кеткен шериктериңдин артынан жөнөтпөсөмбү? — деп калчылдап чыкты.

— Бул эмне дегениңиз? Адашып жатпаңыз? Эргеш тыңчы эмес. Бул Али жамакчынын уулу эмеспи. Баягы чачтарачтын баласы, Дөрбөндүн малайы,— деп ушул жуваздканада өмүр бою иштеп күн кечирип жүрүшкөн Мамажунус менен Култай деген жалчылар арага түшө калышты. Айдардын алардын сөзүн угар түрү жок. Денемди майда калтырак басып, маңдайымдан муздак тер чыбырчыктады.

Култүңдөгөн Айдар менин эки колумду аркама кайрып, айван үстүндөгү шыпка байлатып койду да сөрүдөн түртүп тээп жиберди. Мен асылып калдым. Көздөрүм чанагынан чыга жаздап, демим буулду. Ти-

лим саландап, кулактарым чуулдакка тунуп барат. Сырттагылардын ызы-чуусу тээ алыстап-алыстап угулууда. Дал ошол мүнөттө эркиндик жолунда курман болгон досторум Аматахун менен Максымдардын өлүмү көз алдыма келе түштү. Жан-далбастап жатып алардын оор тагдыры менин да башыма келгенин түшүндүм. Көздөрүм караңгылап жаным жер тартып барып «күп» этип жерге учуп түштүм. Бактыма мен асылган жип үзүлгөнү оңдой берди болду...

Айдар ошол кездеги адат боюнча элди чогултуп алып, анан менин күнөөмдү айтып өлтүрмөк болду окшойт. Култайды мечитке, намаз окуп жаткан адамдардын жанына, Мамажунусту менин кожоюнума чаптырды.

Мечиттен кишилер келгенче арадан бир жыл өткөндөй сезилди мага. Бир кезде Айдардын тууганадары Шайымкул, Мааткул, Сүйөр жана башкалар келип калышты. Кожоюнум Дөрбөн да жетип келди. Алар: «Бул Али жамакчынын уулу эмеспи, тапкан экенсиң тыңчыны» дешип Айдарды жаалап беришти. Бир оокумда менин колум чечилди. Ошентип жазадан кутулуп кеттим.

Менин тыңчы катары өлбөй калышымдын башкы себеби, биринчиден, басмачылардын айыл арасынан сээлдеп калышы, эл арасында таянычынын жоктугу, ар-ар жерде качып жүрүп калышы, экинчиден Айдардын элден, тууганадарынан чочулагандыгы болду.

Эл арасында таянычы азайып, ачык жүрө албай калган басмачылар тоо-тоонун арасын баш паанек кылып качып жатышты. Бул мезгилде айылда жаңы заман, комсомолдор жөнүндө кеңири сөз тарап калган. Бул окуя 1926-жылы өттү.

## ҮЧҮНЧҮ ЖОЛКУ КЕЗДЕШҮҮ

Күндөрдүн биринде мындан бир-эки жыл мурда мени менен Дөрбөн байдын колунда бирге иштеп жүргөн Кудаяр аттуу жигит айылга кайрылып келип калды. Мындагылар аны качып кетти деп дарегин билбей жүрүшкөн. Көрсө ал азыркы Сузак районундагы Октябрь селосундагы интернатка орношуп, ак-караны кыйла эле таанып калган кези экен. Кийими да мындагылардан башкача. Башында орус шапке, ак кайырма жакалуу көйнөк. Бутунда татынакай батинке. Ал мага аялдардын узун такалуу бут кийимин, кайыш кур жана өзүнүкүнө окшогон ак көйнөк ала келиптир. Бул кийимдерди кийинип көчөгө чыкканыбызда жаш балдар артыбыздан калбай маашырлана ээрчип, кары-картаң өздөрүнчө күбүр-шыбыр болуп калышаар эле. Айылда комсомол ячейкасы күч алып турган кез болучу. Комсомолдордун саны да айылда жүзгө жакындап калган. Күндөр өткөн сайын кожоюнумдун пейили жумшарып, мурдагы катаалдыгы өзүнөн-өзү жоголду. Тамак-ашты тең татып калдык.

Айыл арасында биздин караанибыз көрүнгөндө «Комсомолдор келе жатышат» — деп калышар эле. Сый өтүп жаткан жерге кирип барганыбызда:

— Комсомолдорго аш алып келгиле! — деп кыйкырып калышат.

Ошентип комсомолдун катарына илинип, малайлыктан кутулуу менен үйгө бардым. Бирок атамдын турмушу мурда мен көргөндөн да жаман экен. Аке-үкөлөрүм карандай ноокот жей беришип, шишип кетишиптир. Бир иним ачкадан каза болуптур. Калгандарынын да акыбалдары оор. Аман калышарына көзүм жетпеди.

— Эргеш, сен Арпачыга барып эки-үч кадак болсо да талкан таап келбесең болбой калды,— деди атам бир күнү мени өзүнө чакырып алып, үшкүрүк аралаш.

Эртеси күнү таң заардан жол алдым. Алдымда биреөлөрдөн сурап алган өгүз. Арпачыда (азыркы Базар-Коргон районундагы Советское селосу) атам менен бир тууган Айша деген эжелерибиз боло турган. Алардын деле көргөн күнү биздикинен бат эместир эле. Ошентсе да илгер үмүт менен кетип баратам. Жалгыз аяк жол менен түштүк жол жүрүп, Арпачынын бакдарактары көрүнүп калган кезде алды жагымдан келе жаткан атчандардын карааны көрүндү. Жакындай бергенде алардын кызыл аскерлер экендигин тааныдым. Кыштактагы чиркөөгө жакындай бергенде мени кармап алышты. Чалгынчы деп ойлошту алар сырткы түспөлүмдөн улам. Өгүздөн түшүрүшүп, командирлер турган үйгө алып барышты. Көргөн көзүмө ишенген жокмун. Баягыда ээн талаада биринчи ирет жолуккан мага тааныш командир. Жанында күлүмсүрөп Чанышев турат. Маслов да мени көрөр замат эле тааныды. Кандайдыр кубанычтуу жышаандан улам токтоно албай көзүмө жаш алып жибердим.

— Коркпогун батрак! Коркпо, сен анык азаматсың! — деп Чанышев бетимен өөп, колумду кыса кармады. Мени бирөө таанып калбасын деп башыма шинелин жаап, каршыбызда турган ичкерки үйгө алып кирип кетти.

— Чоң жигит болуп калган турбайсыңбы, Эргеш батрак! Капа болбо? Балдар билбестик кылышыптыр,— деп комиссар менден кечирим сурагандай болду. Мен бир азга селдее түшүп, анан Чанышевди кучактап эркеп дагы ыйлап жибердим.

— Айланайын батрагым, сен берген маалыматтар бүт бойдон туура чыгып жатат. Сага кызыл аскерлер бөлүгү атынан чоң ырахмат айтам! — деди адаттагысындай эле күлө карап.

— Бул жакка кантип келип жүрөсүң?!

— Үй-бүлөбүз менен ачка калдык. Туугандарым ачарчылыктан кезерип, оор абалда жатышат. Бул жак-



тагы жездемдикине биртике катык сурап келгеним — дедим.

Комиссар айылдагы ал-ахыбалды сураштырды. Мен ага Айдардан көргөн кордугум жөнүндө айтып бердим.

Бул күнү көз байланганга чейин ал жерден чыккан жокмун. Кардымды тойгузушуп, бир кап ун, бир баштык кант, бир топ акча берип, мени бул жерге алып келишкен беш-алты аскерди чакырттырып, аларга буйра сүйлөдү:

— Бул баланы түн жамынып адам көрбөс буйга жол менен үйүнө жеткирип кайтасыңар! Сак болгула, балага зыян тийбегидей болсун! — деди.

Анан мага колун берип коштошуп жатып:

— Келип тур, биз ушул жерде, ушул эле аймакта болобуз, Эргеш! — деп сыртка узатып чыга дагы бир ирет бетимден өөп койду.

Жол катары кубанычым койнума батпай, өзүмөн өзүм эле төбөм көккө жетип, эмелеки жолугушууну эстеп ичимден кымыям. Анан да үйдөгүлөрдүн мен кирип баргандагы кебете-кешпирлерин көз алдыма келтирип, өзүмчө эле корсоюп коем.

Айткандай эле кечиккенимден кабатыр болуп үйгө кирип-чыгып жүргөн атам биздин караанныбызды алыстан көрүп эле алкымы оозуна тыгыла чочуп кетиптир. Анын үстүнө анча мынча талкан көздөн учуп турган атам мени менен кошо келип, кайра кайткан кызыл аскерлерди, артынган жүгүмдү көрүп айраңтаң калды. Чочулаганын айтпа. Качан гана мен ага болгон окуяны баян эткенден соң терисине кубанычы батпай сүйүндү.

— Мен сени байларда малай жүрүп кара жанын эптеп багып жүрөт десем, эр жигит өтөөчү милдеттерди аткара баштаган турбайсыңбы, ананайыным! — деди ал көзүнө кадимкидей жаш алып. — Эл үчүн кызмат өтөйт деген ушул эмеспи! Айдардын сени тыңчы деп өлтүрүп кое жаздаганында да бир мандем бар

тура? Мен болсо жөн салды эле бир кокустук деп жүрсөм! Кебетеңден айланайыным, адам болгонуң ушул. Бирок дагы эле болсо сак боло көрчү? — деп бетимен өптү.

Атам экөөбүз түнү ката көзгө чалынбай ачарчылыкта кыйналып жаткан колу-коңшуларга алып келген ундан үлүштүрүп таратып чыктык. Өзүбүздө да бир-эки апта өзөк жалгарлык ун калды.

Жаратканымдын мунусуна да шүгүр! Дагы бир күн өтөр! Бечаралардын сообуна калдың, Эргеш! — деп атам түн бир оокумуна чейин күбүрөнө берди.

Уйкум качып, көз алдыма алда нелерди келтирем. Ушунчалык узак жол жүрүп чаалыкканга карабастан көзүм ирмелээр эмес. Түн мемиреп тынч. Айыл кызуу уйкуда. Кайдадыр ит улуп, алыстан-алыстан жылкынын кишинегени угулду. Мен таттуу уйку-соонун арасында баягы мага тааныш командир, комиссар менен бир катарда, аскер кийимчен кайдадыр сапар алып бараткансыйм. Алдыбызда алтын нурун чачыраткан кызыл күн шооласын жер бетине төгүп, учу-кыйырсыз суналган, чаң жол мелтиреп үнсүз жатты...

## СОВЕТ БИЙЛИГИ ҮЧҮН КҮРӨШТӨ

1927-жылы көпчүлүк жаштар, биринчи кезекте комсомолдор аскер кызматына чакырыла баштады. Мен дагы август айында кызмат өтөө үчүн өз ыктыярым менен Советтик Армиянын катарына кошулдум. Бактыга жараша Фрунзе шаарындагы легендарлуу кыргыз атчандар дивизионунда кызмат өтөдүм. Кара-Кумдун ысык чөлдөрүндө өткөрүлгөн Бүткүл союздук мааниге ээ ири маневрлерге катыштым, чек ара зоналарында болдум. Булар жөнүндө окурманым, баяным-дын соңураагында кең-кесири сөз кылып бермек-чимин.



1929-жылы сентябрь айында Фергана өрөөнүндө кайрадан баш көтөрүшкөн басмачылар менен күрөшүү үчүн биринчи кыргыз атчандар эскадрону уюштурулуп, Ашхабаддан Фрунзеге жөнөтүлдү. Анын катарында мен да бар элем.

Фрунзе шаарында бизди республиканын партиялык, советтик, комсомолдук уюмдардын жетекчилери, борбор шаардын эмгекчилери, жалпы коомчулук чоң салтанат менен тосуп алды. Пишпек темир жол станциясынын жанындагы аянтка, станцияга, баруучу жолдорго эл батпай кетти. Ар кимибизди бетибизден өбүп, ийгиликтерди каалап жатышты.

Фрунзеде беш күн болдук. Кара-Кумдун аптабынан тытылып калган кийим-кечелерибизди алмаштырдык, жакшы эс алып кайра мурдагы калыбыбызга келип тыңый түштүк. Фрунзеден Ташкентке жөнөп кеттик. Экинчи күнү Ташкентке келип жеттик. Аттарыбызды да поезд менен кошо ала келгенбиз. Ташкенттеги Ленин атындагы Кызыл командирлер мектебинде өзүбүздү тамактандырышты, аттарыбызга жемчөп беришти. Кайра тез жолго чыктык.

Эскадрондо жүздөн ашыгыраак жоокерлер бар. Чаткал, Ала-Бука, Кызыл-Жар, Наманган тарапта элге тынчтык бербей жаткан басмачыларга каршы аттанып баратабыз. Чаткал жана Наманган тарапта Стамбек, Мадумар, Насырхан төрө өңдүү кор башылардын куралдуу шайкалары жергиликтүү калктын мал-мүлкүн талап алып, коммунисттерге, советтик түзүлүштүн активисттерине каршы кулак уккус иштерди жасап, көптөрүн мыкаачылык менен өлтүрүшүп, айыл-кыштактарды өрттөп, бүлгүн салып жатышты.

Ошол учурда Шакафтарда ОГПУнун түштүк Кыргызстандагы өкүлү Хохлов да басмачылардын колунан каза тапты. (Азыркы күндө бул эр жүрөк эл уулунун ысмы менен Ош шаарындагы борбордук көчөлөрдүн бири аталып жүрөт).

Басмачылар Ала-Бука жолуна буктурма коюшуп, көңүлдөрү жай болуп, суунун боюнда арак-шарап ичип дуулдап жатышкан экен. Бирок алардын бул шаан-шөкөтү узакка созулган жок. Ташкент тараптан келген биздин аскерлер аларга каршы катуу чабуул коюшту. Басмачылардын көбү өлүп, көбү багынып беришти. Айрым тобу качып кетүүгө үлгүрүштү. Буга удаа эле Иринжит тарапта болгон кармашууда айыгышкан кырдаалда өттү. Анда Стамбек жана Мадумар кор башылар из жашырып кетүүгө үлгүрүштү. Насырхан төрө жарадар болду. Качып кутулган басмачылар аны сандыкка салып, саяван араба менен ала качып кетишти. Мына бул күрөштөрдө айырмаланган Мукашов, Эсенбаев, Кадыралиев, Качыкеев өңдүү жолдошторго атайын сыйлыктар тапшырылды. Орто Азия аскер округунун командачысы тарабынан алкыш жарыяланды. Мени аталган округдун командачысынын 1930-жыл 6-январдагы № 1/190-директивасы менен катардагы жоокерден бөлүмдүн командирлигине дайындашты.

Буга удаа эле Афлатун, Ала-Бука, Чаткал багытында үч айга чейин эл кыдырдык. Аларга Совет бийлигинин саясаты, анын кедей-кембагалдар үчүн көргөн камкордугу жөнүндө түшүндүрүп жүрдүк. Элдик кошундарды түздүк.

1930-жылдын жазында Кызыл Армиянын катарынан демоблизацияланып, өзүм туулуп-өскөн Сакалдыга кайтып келдим. Мен айылга келген күнү бул жерде чогулуш өтүп жатыптыр. Ташкенттен ВКП (б) Борбордук Комитетинин Орто Азия бюросунун өкүлү Абжапаров жана Базар-Коргон райондук аткаруу комитетинин председателинин орун басары Боталиев келишип, биздин кыштакта колхоз уюштуруу жөнүндөгү маселени карап жатышыптыр. Мындагы тааныш-тамыр, тууган-урук менен учурашып, андан кийин чогулуштун өтүшүн бир четте карап турдум. Али үйгө



бара элекмин. Мында тургандар чуулдап-чуркурашып жатып, Ташбаев Айдар дегенди колхоздун төрагалыгына көрсөтүштү. Бул баягыда мени асып өлтүрүп сала таштаган басмачынын өзү эле. Бул көрүнүшкө чыдап тура албаган мен, аскер кийимим боюнча ачыкка чыгып, сөз сүйлөдүм:

— Туугандар бул эмне кылганыңыздар?! Тапкан экенсиздер колхоз башчысын! Бул деген басмачы, Турдалы кор башынын баш кесер жигитинин дал өзү эмеспи?! Башка басмачылардын баары куралдарын таштап, өкмөт менен жарашкан күндө да бул тоо-ташка жашырынып, тиш кайраган карышкырдын өзү эмес беле. Качандан бери эле ит минген кедей боло калган? Кана, өзү туруп айтсынчы, мен жалган айтып жатыптырмынбы же?

Эл жым-жырт боло түштү. Айдар даап сөз айта албады.

— Көрдүңүздөрбү? Сөз айта албайт. Өзүнө караштуу кишилерди үгүттөп, бүгүнкү учурдан да пайдаланып кеткиси келген экен! — дегенимде эле эл:

— Туура айтасың балам! Жанатан бери эле айтам да бул Ташпаев Айдар десе эле ким деп!

— Бул канкордун бизге кереги жок!

— Чогулуштан чыгып кетсин! — деп эле жаалап калышты. Чогулушту алып барып жаткан Абжапаров ачуусуна чыдабай кубара түшүп, столду катуу тыкылдатты:

— Тү-ү! Бул эмне деген маскарачылык? Көрө туруп, биле туруп, бирге жашап туруп, оозуңарды ачканыңарга жол болсун! Бул жолдош Алиев болбосо шайлап кете бермек экенбиз да? — деп чебеленди.

Чогулуш бузулду. Эртеси күнү дал ушул убакта чогулуш болорун кулактандырып, элди таратып жиберишти. Партиянын Базар-Коргон райкомуна кат жазышып, атайын киши чаптырышты. Эртеси эл кайрадан чогулуп, ары-бери тартышкандан соң:

«Өзү жаштайынан малай жүрүп, көрүнгөн бай-манаптардын таягын жеп бышкан батрак, Кызыл-Аскерден кызмат өтөп, тартипти көрүп, көзү ачылып келди» — дешип жатып, мени колхоздун төрагалыгына көрсөтүшүп туруп алышты. Райкомдо да мени колдошуптур. Ошентип мен «Жумушчу» деп аталган жаңы колхоздун төрагалыгына шайландым.

Бул мезгилде мурда басмачы болуп жүргөндөр, бай-манаптар, молдо, эшендер Жер-суу реформасына, колхоз курулушуна, жалпы эле Совет түзүлүшүнө каршы тымызын иш жүргүзүп жатышты.

1930-жылдын март айында ОГПУнун начальниги Хасан Болотов мени Базар-Коргонго чакырып алып, ыктыярдуу отряд түзүү жөнүндө сунуш кылды. Ыктыярдуу отрядка командир болуп Евгений Чернышев дайындалды. Мен адегенде бөлүмдүн командири болуп бекидим. Андан кийин взвод командиринин жардамчысынын милдетин аткардым. Ал жылдары Совет бийлигине каршы Ачыдан Али ажы, туугандары Осмон, Жоро, Мамажунус жана эки бир тууган Мырза менен Ишмат болуштар, Акман тараптан Батырбек паңсат, Арзыкул, Ниязалы, Кадыр дегендер 120дай жигиттери менен чыгышып, элди өкмөткө каршы көтөрүлүүгө жан талашып аракет кылып жүрүштү.

Дал ошол отузунчу жылкы басмачылар менен күрөшүүдө ыктыярдуулардын арасынан чыгышкан элдин чыныгы патриот уулдары Рахманжан Маткалыков, Тажыбай Үсөнов, Кадыркул Баатыркулов, Орунбай Карабаев, Камал Тагаев, Максыт Матиев, Бакир Тажиматов, Базарбай Бегалиев, Семен Илларионович Евтушенко, Ажымат Калназаров, Евгений Чернышев, Григорий Филонец өңдүү көптөгөн жолдоштордун эрдиктери баа жеткис болду. Андыктан алардын көптөрүнүн аттары тарыхта, элдин жүрөгүндө түбөлүккө калды...

1930-жылы октябрь айларында басмачылар биротоло жоюлуп, ноябрь айында ыктыярдуу отряддар таратылды. Мен болсом Кагазды айылдык Советине төрагалыкка шайландым. Мени менен кошо жүргөндөрдүн көпчүлүгү колхозго башкарма, орун басар, айыл активдери болуп кетишти. Ошол жылы партиянын обкомунун чечими менен кыргыз кедей-кембагалдарынан 300 адам жогорку кызматка көтөрүлүп, Фрунзеге чакырылды. Алардын арасында мен да бар элем. Мени Соода эл комиссарынын орун басары кылып дайындашты.

1931-жылдын апрель айында Фрунзе шаарынан мага квартира беришип: «Үй-бүлөңдү көчүрүп келип иштей бергин!» — дешти. Үй-бүлөмдү көчүрүп келиш үчүн өзүм туулуп-өскөн Сакалды айылына кайрадан жол тарттым. Үйдө бир эки күн тынышкандан кийин учурашып келейин деп мурда бирге иштеп жүргөн ОГПУнун райондук убакили Григорий Филонецке бардым.

— Качан келдиң? Биз сени издеттирип жатпайбызбы? — деди ал көрө сала эле. Анын кабинетинде Ташкенттен, Фрунзеден, Оштон келген аскер кызматынын жетекчилери олтурушуптур. Мен Фрунзедеги кызматым, ага ичим чыкпай жаткандыгы, келген максатым жөнүндө айтып бердим. Аны-муну сүйлөштүк. Алар бир топ баарлашуудан соң партиянын райкомунун секретары Асан Жээнбековго ээрчитип барышты. Ал жерден Фрунзе шаары менен байланышты. Республиканын жетекчилери менен сүйлөшүп, мени Базар-Коргондо калууну каалаганымды жана басмачылардын кайрадан баш көтөрүп, күч алып жаткандыгына байланыштуу ыктыярдуу отрядка жетекчилик кылуу керек экендигин айтышты. Республиканын жетекчилери базар коргондуктардын сунушуна макул болушту. Ошондон кийин ыктыярдуу отряд түзүү жана басмачылардын акыркы топторун биротоло жок кылуу мага тапшырылды.

Ошентип 1931-жылдын апрель айында ыктыярдуу отрядды түздүк. Мурда отрядда болгондор иштин жоопкерчилигин жакшы түшүнөт эле, ал эми жаңы кабыл алынгандардын арасында мылтык көрбөгөндөрү да бар болучу. Аларды тезинен курал-жаракты пайдалануунун жолдору менен тааныштырууга кириштим.

Элдин тынчын алган Ноокенттик Самидин, Абдыраим, Акылбек, Акмат, Пайз паңсаттар, ошондой эле Молдожоро, Аскаралы паңсат, Сыдык корбашы, Көкөй болуш, Ажымат эшендин уулу Абдыганы эшен, Рахман паңсат жана башка корбашылар менен салгылашууга туура келди. Ошол эле мезгилде Наманган, Анжиян, Жалал-Абад тараптан да басмачылардын кыймылы күчөдү.

Күн олтуруп калган мезгил болучу. Кезектеги жүрүштөн кийин отряддын жоокерлери аттарын сугарып, жатууга кам көрүп жатышкан. Мына ушул учурда жогортон Тентек-Сай дарыясын бойлоп катуу чаап келе жаткан атчандын карааны көрүндү. Ал элеттик адам жоокерлерге жете келип:

— Мага шашылыш түрдө ГПУнун конторасын көрсөтүп берсеңиздер! Өтө зарыл! — деп өтүнөт.

— Тиги мандайдагы ак там ГПУнун конторасы,— деп жооп беришет кызыл аскерлер.

Ыктыярдуу отряддын биринчи бөлүмүнүн командири Рахманжан Маткалыков — чабарманды менин үстүмө ээрчитип келип, үч бүктөлгөн катты мага сунду. Чабармандын аптыга шашылып сүйлөгөнүнөн жана атынын кара терге түшкөндүгүнөн анын өтө алыстан катуу келгендиги байкалып турду.

— Эргеш, мына бул катты окуп көрчү, чабармандын күйүккөнү бекеринен эмес экен,— деди Рахманжан шашып. Ал экөөбүз бир айылда туулуп өскөндүктөн жана менден улуу болгондуктан Маткалыков мени атыман чакырып, бир-бирибизден сыр жашырбас жолдоштордон элек. Чабарман алып келген катта басмачылардын кун алыс кол салып, тынчтык бербей айылды өрттөп, зордук-зомбулук көрсөтүп жаткандыгы айтылган эле.



Мен бул кабарды билерим менен ОГПУнун начальниги Григорий Филонецтин үйүнө чуркап жетип, эшигин такылдаттым.

— Кириңиз! — деген үн угулду ичкериден.

Үйгө кирип честь берүү менен бирге болгон окуяны кабарладым. Анткени ал кыргыз, өзбек тилдеринде сүйлөй алганы менен кыргызча жазылган катты окуй алуучу эмес. Ал бир саамга ойлонуп туруп, мага кайрылды:

— Отрядыңызды даярдаңыз!

— Так ошондой болот! Отряд даяр! — деп жооп кайтардым мен.

Филонец партиянын райкомунун катчысы Асан Жээнбаевдин үйүнө телефон чалып, ага мен алып келген кабар жөнүндө баян этти.

Григорий Филонец кийинип чыкканча отряд турган жерге жете келип, өзүм менен бирге болчу он алты кызыл аскеримди катарга тургузууга үлгүрдүм. Аңгыча Филонец менен Жээнбаевдер да жете келишти. Жээнбаев катты алып келген чабарман менен көпкө чейин аңгемелешти. Акырында басмачылардын канча экендигин сурап калды.

— Канча экендигин билбейм,— деди чабарман. — Өтө эле көптөй көрүнөт. Биз болсо бир топ активдер менен бирдикте колдон келген чараны көрүп жатабыз. Бирок аларга туруштук берүүгө мүмкүнчүлүгүбүз жетпей, сиздерге кайрылганбыз. Басмачылар жөнөп кеткенден кийин колхоздун конторасына келгенибизде короодо болгон алты-жети атты алышып, бир адамды өлтүрүп кетишкендигин көрдүк,— деди чабарман.

Жээнбаев менен Филонец бир азга кеңешишип турушту. Андан кийин Жээнбаев мага мындай деди:

— Эргеш, басмачылардын артынан тезинен кууп жетүү керек. Бул сыяктуу оор ишти сиздей азаматтарга биз ишенип тапшыргантбыз. Болгон кабарды тезинен билдирип туруңуздар! Ак жол каалайм сиздерге!

— Буйрук аткарылат,— деп жооп бердим мен.

Аңгыча райондук аткаруу комитетинин председатели да шаша жетип келди биздин жаныбызга.

Команданы гана күтүп турган жоокерлерге «аттангыла!» деген буйрук кылдым. Отряд жөнөп бердик. Райондун жетекчилери дөңсөө жерге чыгышып, бизге ийгилик каалап, кыйла узап кеткенибизче көз албай артыбыздан карап турушту.

Отряд катуу жүрүп олтуруп, «8-Март» колхозуна жетип бардык. Ал жерде колхоздун башкармасы, партиялык ячейканын катчысы Тойчукулов жана башка бир катар активдер күтүп турушкан экен. Басмачылар өлтүргөн кишинин денесин үйүнө алып кетишкендиктен, маркумдун сөөгүн үйүнө барып көрүп, андагы эл менен сүйлөштүм. Басмачылардын курал-жарагы, адам саны жөнүндө сураштырдым. Бирок мындагылар басмачылардын так санын айтып бере алышкан жок. «Өтө эле көп. Аларды Абдраим менен Самидин баштап келгенин көрүп калдык» дешти. Кайсы тарапка кеткендиктерин көрсөтүштү. Көрсө алар Уялы-Теректин жолу менен жайлоого карай жүрүп кетишкен экен.

— Эмне, эл жайлоого чыгып калганбы? — деп сурадым мен.

— Эл жайлоого чыгып калган. Байлардан 10-15 кожолук көчүп келишкен! — деп жабыла жооп беришти ал жерде тургандар.

Жайлоого барууну чечтим. Отряддын сезимтал, кыраакы жигиттеринен төртөөнү алды жакты чалгындоого жөнөттүм. Түнкү саат он бир, он эки чендерде Уялуу-Терекке жеттик. Түркүн гүлдүн жыты буркурап, айлана көк жыттанат. Тээ алыста аркайган ак



чач тоолор үргүлөшөт. Айлана мемиреп тынч. Ар кайсы жерге тигилген салабаттуу боз үйлөрдүн жарыгы өчүп, уйкуга кетишкендей.

Боз үйлөрдүн тегерегин шек алдырбай текшерип чыгып үч жерге күзөтчү коюлду. Рахманжан Маткалыков менен экинчи бөлүмдүн командири Тажыбай Үсөновдор мага келип учурдагы кырдаалды баян этишти. Бул жайкы конушта байлардын алты-жети аксакалы жайлайт экен. Алар чогулуп келе электе аларга тааныш эмес жоокерлерден билгизбей бир жерге топтоп кийимдерин да алмаштырдык. Мунун да жөнү бар эле. Анткени басмачылар бул жерде мурдараак болушуп: «Биз Тескей Тоодон чыгабыз. Өзбекстандан болсо Ажымат эшендин уулу Абдыганы эшендин жигиттери келишет. Жалал-Абад, Анжиян, Ташкент шаарларынан да кошумча күч келет. Ушул Уялуу-Теректе бардыгыбыз чогулуп, кеңешип алган соң, байкатпастан чоң күч менен чабуулга өтөбүз» — дешип макулдашышат.

Мен алардын пландары жөнүндө так маалымат ала алдым. Мына ошондуктан да жанагы аларга бейтааныш жоокерлер менен алардын үстүнө кирип, өзүбүздү Тескей-Тоодон келе жаткан Самидин паңсаттын жигиттери катары көрсөтүүнү туура таптым.

Катуу-катуу добуш чыгарып, алыстан келе жаткан түр менен четтеги боз үйдүн жанына токтодук. Ит жан алы калбай үрүп, үйдүн ичинен чырак жанып, күбүр угулду. Биз добуш чыгардык:

— Үйдө киши барбы? Бери чыгып койсоңуздар экен!

Аңгыча ичкериден дамбалынын үстүнөн чепкенин желбегей жамынган, сакалы жайкалган аксакал адам колуна шам көтөрүп чыга келди. Чочулаган түрү бар. Бардыгыбызды тегерете карап алып:

— Жол болсун баатырлар! Алыстан келе жаткан түрүңөр бар. Жакшы ниетиңер бар болсо коногум бол-

тула! Жок арам ой менен келген шүмшүк, ичинде котур ташы барлар болсоңор аман-сооңордо жолуңарды улагыла. Андай тейде силерден суусун айлансын! — деди токтоо, көптү көргөн адам экендигин тастыктап.

— Аксакал, биз Самидиндин жигиттериненбиз. Алар да эртеңдерден жете келишет. Алды жакты байкаштырып, жол чалганча көздөн далдаа бара бергиле дегенине минтип түндөп кирип келгенибиз! — деп үнүмдү акырынырак чыгарып, эки жакты шектүү бирөө угуп койбосун дегендей элеңдеп койдум. Аксакал адам көңүлү тынчыды бейм, аттан түшүп боз үйгө кирүүбүздү өтүндү.

Көп өтпөй мындагы аксакалдардын баары чогулуп үстүбүзгө кирип келишти.

Биздин жайыбызды үй ээси баяндап берди. Бир абышка көзүн жүлжүйтө «бу, силердин көйнөгүңөрдө сары моюнуңар жүрөт, кийимиңер да башкачараак» деп шектүү тиктеди. Мен ал абышкага шек алдырбас үчүн:

— Мындан бир күн мурда келатсак Өзгөндүн үстүндөгү Ийри-Суу деген кыштакта капилет орустарга бет келип калдык. Узакка салгылашууга туура келди. Көбү курман болду. Көбү аман каларына көздөрү жетпей качып беришти. Мына ошол өлгөн орустардын кийимдерин сыйрып алып кийип алганбыз. Анын үстүнө көз бурмалаганга да оңбу дегенибиз,— дедим.

Аксакалдар ишенип калгандай болушту. Чалдардын бири селдесин башынан алып мойнуна салды да кыбыланы карап туруп: «Оомийин! Кудайым силердей пенделерине күч-кубат берип, жөлөп-таясын! Орустарды жоготкула. Ооматыңар келип, капырлардын тыптыйпылын чыгарып, биздин казы-болуштарыбызды кайрадан эл алдына чыгарып бергиле. Оомийин! Ылайым жараткан эгем өзү колдоп, сапарыңар ак болсун! Оомийин!» деп бата узатты.

— Сиздер жардам берсеңиздер эле капырлардын



көзүн тазалабаганда эмне?!. — дедим мен аларга суроо салып.

— Албетте жардамдашабыз. Ат-малыбызды кембагалдарга бергенден көрө ислам жолунда кызмат кылып жаткан силерге бербегенде кимге беребиз! — дешти алар бир добуштан.

— Жетекчибиз да жаныбызда жок. Алардын азыр кайсы жерде экенин да билбейбиз? Деги көргөнүңөр барбы? — дедим.

Анда бирөөсү ордунан тура калып:

— Бүгүн эле көрдүк. Алар төмөн түшүп орус динине кирип кетишкен «партия» деген кишини өлтүрүп келишти. Ушул жерден Жолборс-Мазарды көздөп чыгып кетишкен. Мына биз аларга эт, боорсок камдап жатабыз. Эртеге саарлап алып барып берип кайтабыз! — деп алдыбызга эт жана боорсок тартышты. Эт алда качан эле бышып, табы кайтайын деп калган экен.

...Түнкү саат экиге жакындап калган мезгил эле. Мен биз менен сүйлөшкөн кишилердин ким экендигин, басмачылар кайсыл тарапка кеткендигин толук билип алууга үлгүрдүм. Рахманжанга «Отряд даяр турсун, күзөтчүлөрдү мыктылап кой, азыр аттанабыз» деген буйрукту бердим. Муну Рахманжан экөөбүздөн башка эч жан аңдаган жок.

— Аксакалдар биз эми кайтсак. Алардын жолун тосуп чыксакпы дедим эле. Анын үстүнө жол тынч экендигин билдиришибиз керек да. Күтүп жатышкандыр бизди. Жол көрсөтүп бара турган адам бересиздерби? — дедим кетүүгө камданып ордумдан тура.

— Аа, бербей анан, беребиз! Азыр, мына, азыр кошуп беребиз! Өзүбүз эле баштап барууга да даярбыз! — дешти жабыла.

Ошентип басмачылардын Казалы-Мазар, Жолборс-Мазар деген жерлерде экендигин толук билдик. Ка-

раңгыны, анын үстүнө катуу жүрө турганыбызды шылтоолоп аксакалдарды кошо ээрчитпедик.

Сактыкка кордук жок дегендей өтө сак, сергек кетип бараттык. Таң атар алдында гана алдыга чалгынга кеткен жоокерлерибиз бет келип, басмачылар Жолборс-Мазарда, Казалы-Мазарда эмес экендиктерин, алар түндөп жай которушкандыгын, Кароол-Дөбө деген жерде экендиктерин айтышты. Аларга кабар жеткен шекилдүү, бизге каршы алды жактарга буктурма коюшуптур. Биздин жоокерлер алардын буктурмага коюлган жигиттерин алыстан байкашыптыр.

Отрядды экиге бөлүп өтө кылдаттык менен алдыга көздөй жыла баштадык. Бирок басмачылар биз жакындай бергенде шек алышып, ок чыгарышты. Уруш эрте мененки таң азандан тартып күн жайылып көтөрүлгөнгө чейин созулду. Отряддын соккусуна туруштук бербей басмачылар кача баштаушты. Биз алардын артынан түштүк.

Өзбекстандын Шархан деген районунан жайлоого көчүп келишкен бай-араптардын айлына түш келдик. Бул жерге өргүп тыныгууга туура келди. Эки тарапка кароол койдум.

Аңгыча күн чыгыш тараптагы күзөттө турган жоокерден кабар келди. Ал, «жолдош командир, чыгыш тараптан көп сандаган аттуу караан көрүнөт, караңыз» деген белгини берди. Ошол замат турнабай аркылуу көзөмөлгө ала баштадым. Чындыгында да чоң топ аттуу үч бөлүнүшүп биздин тарапты көздө келе жаткан экен. Рахманжанга «Аттарды жетелеп ылдый түшкүлө!» деп буйрук бердим. Аскерлер ылдый жыла башташты. Калган аттарды айылдагыларга тил кат менен тапшырып, мен да ылдый түштүм. Караан улам жакындап келе жатат. Ылдый түшсөм күн батышка карай кеткен жол бар экен. Ошол жол менен жүрүп олтуруп, атууга ыңгайлуу болгон Мазар-Дөбө деп аталган жерге бет алдым. Басмачылар улам жакындап



кирип келүүдө. Сөздөрү, айгай салган үндөрү даана угула баштады.

— Кара нанга динин саткандар, узаткыла мылтыкты, багынгыла!

— Капырлар силердин күнүңөр бүттү!

— Багынгыла!

Ок атышуу башталды. Биздин эки жагыбыздан тең ок ата башташты. Мен согушуунун ыгын жакшы билген Рахманжан сыяктуу жигиттерге таянып, жаштарды алдыга салып дөбөгө чыктым. Дөбөдөн арыраакта чоң чуңкур жер бар экен. Ошого жашырынып, ыңгайлуу жаттык. Басмачылар болсо бизди качып кетти деп ойлошуп, дөбөдөн ылдый көздөй түшүп кетишти. Ошол замат биз кайра дөбөгө чыгып басмачылардын аракетин байкап турдук. Жоокерлерге «менин буйругумсуз атпагыла» деп катуу эскерттим. Бирок ыктыярдуу жоокерлердин бири ок чыгарып жиберип, биздин кайсыл жерге жайгашканыбызды билип калган басмачылар 200—250 метр алыстыктагы бир дөбөгө жашынышты. Эки ортодо айыгышкан ок атышуу өкүм сүрүп, өлүм издеп октор учту. Аттар кишенеп, онтогон, айгай салган ызы-чууга теребел толуп кетти.

Мен күндүн кечтеп бара жатканынан чочулай баштадым. Эгерде түнгө калып кетсек кандай абалда калабыз. Болгону он алты гана кишибиз. Алардын жарымы да жаш жоокерлер. Кандай болбосун бир нерсени ойлоп таппаса курулай кыргынга учурап калуубуз кеп эмес. Күн батканга чейин басмачылардын бир эсебин табуу керек. Басмачылар менен бир орношкон эки дөбөнүн ортосунда жар жатат. Анын бир учу биз жайгашкан дөбөчөгө келип такалат. Мына ушул жардын түбү менен 5—6 жоокерди басмачылар тарапка жөнөтүүнү эп таптым. Тагаев Камал, Тажымаматов Бакир, көзгө атар мерген Султанкулов Раман, Батыркулов Кадыркул, Каскырбаев Жолдошторго абалды түшүндүрдүм. Аларга басмачылар биз көп ок атсак

алар токтоп калып, ал эми токтой калсак ок жаадырышкандыктарын эскерттим. Ошондуктан силер жардын түбү менен белгилүү жерге жеткиче биз ок жаадырып, басмачылар биз тарапка ок атпагыдай кыла быз деген планды түшүндүрдүм.

Биз турган жерде ат кулактар өтө эле бийик, жыш өсүптүр. Биздин беш жигитибиз жардан чыгып, ат кулакты аралап сойлоп олтуруп басмачыларга 20—25 метрдей калганда Рамандын колу капыстан ат кулакты ыргап жиберип, чочуп кеткен басмачылар жаадырып ок ата башташты. Биздин беш жоокерибиз тыным алдырбай душманга ок атып турушту. Ушул учурда Абдраим жана Самидин кор башылар биздин аскерлердин огунан курман болушту. Акмат паңсаттын бутуна ок тийип, эси оон жатты. Калган басмачылар болсо Кара-Таш тоосун карай жабыла качып беришти. Мен жана Маткалыков Рахманжан, Матиев Максыт, Кадыркулов Эргеш, Турдубаев Бегалы болуп чабуул коюп, качып бараткан басмачылардын аркасынан түштүк.

Басмачылар Кара-Ташты аша качышты. Биз баарыбыз эсен-соо бир жерге чогулдук.

— Жеңиш биздики, балдар! Эл үчүн кылган кызматыңарга ОГПУнун начальнигинин атынан ырахмат айтам! Эми мындай кеп бар: Районго бул кабарды жеткирүү керек! — дедим.

— Жеткиребиз, түнү менен болсо да жеткиребиз! — дешип, бир даары дале энтигип жүрөт.

Ошентип, бир алты атар мылтык, бир беш атар, төрт-беш 32 калибрдеги мылтык, 3 тапанча, 3 кылыч, көптөгөн ок-дааары, бир нече аттарды алып районго — Масыга карай жол тарттык...

## СЫЙЛЫК ӨЗ ЭЭЛЕРИН ТАПТЫ

Абдраим, Самидин кор башылардын, Акмат паңсаттын бандасы менен кармашууга чейин эле эрте мененки Карool-Дөбөдө болгон салгылашуу жөнүндө Базар-Коргонго кабар жиберген элем. Отряддын жоокерлеринин аздыгына жана алдыдагы кырдаалга байланыштуу, «басмачылар үч тараптан чабуул коюп жатышат, мүмкүн болушунча алардын чабуулун кайтарып, колго алууга аракет жумшайм! Биздин абал жөнүндө кошумча билдирем»,— деген кабарды айттырып, экинчи жолу да адам жөнөттүм. Ал чабарман биз жайгашкан Мазар-Дөбө жөнүндө толук маалымат бермек эле райондогуларга. Бирок кат алып кеткен Ашимден алиге чейин эч дарек жок.

Күн батып, кечки саат он чамалары болуп калганда биз отрядыбыз менен райондун борбору (азыркы Ленин району) Масы селосуна келип, андан ары Базар-Коргонду карай жол алып баратсак, кабар алып кеткен адамыбыз жолдон жолукту. Тыным албай жол жүргөн ал чарчап-чаалыгып, бир топ кыйналганын билгизбей тапшырманы аткаргандыгын далилдеп:

— Баары жайында, баары сиз айткандай болду. Баса, сизге ОГПУнун райондук уполномочени кат берип жиберди эле! — деп бүктөлгөн кагазды мага сунду.

Катты окууга мүмкүнчүлүк болбоду. Теребел көзгө сайса көрүнгүс караңгычылык басып, асманда ай да, жылдыз да көрүнбөйт. Күн батарда бир аз шамал жүрүп, анан негедир эле кан бууганлай токтоп, аба үп тартты да калды. «Жамгыр жаайт окшойт» деп болжолдошту жоокерлер. Бул аймакта дал ушинтип кулак-мурун кескендей тынчтык өкүм сүрүп, элп эткен жел учпай калса артынан катуу нөшөр келерин көп эле жолу көргөнбүз. Мына ошондуктан Масыда тыным албай жүрүп бергенибиз да ошондон улам эле. Базар-Коргонго үч километрче аралык калганда мен

эки атчым Бегалиев Базарбай, Турдубаев Асилдер менен районго мурдарак жөнөп кеттим. Анткени, райондун борборунда бизди басмачылардын колунда калды? — деп аябай тынчсызданышып жаткандыгын жүрөгүм туюп жаткан.

Болбосо, он алты жоокер 160тан ашуун басмачыга туруштук берерининин өзү күмөн эле. Анын үстүнө жер шартын басмачылар бизге караганда коен-жатагына дейре мыкты билишээр эле. Экинчиден дал ошол биз кармашып жаткан мезгилде бир тарабы Ош, Жалал-Абад менен, экинчи тарабы Кокон-Кыштак, Анжиян менен телефон байланышы үзүлүп калган эле. Мына ушундай шартта райондун борборун коргоо үчүн жергиликтүү бардык кызматкерлер, Базар-Коргон селосунун аймагындагы коңшу кыштактардан айрым адамдар биригишип эл каттоочу жолдорго буктурма коюлат. Ага ОГПУнун начальниги Г. Филонец, милициянын начальниги Сатылгановдар жетекчилик кылышат. Телефон байланышын калыбына келтирүү үчүн эки тарапка тең адамдар жөнөтүлөт. Райкомдун бюро мүчөлөрү, райондук аткаруу комитетинин мүчөлөрү ОГПУнун конторасына бүт топтолушкан эле.

Үч атчан райондун борборун көздөй келе жаттык. Караңгыда баары болушу мүмкүн. Буктурмадагы өз адамдарыбыз бизди душман ордуна кабыл алып, ок ачып жибериши да мүмкүн эле. Мына ошондуктан да мен улам, улам, «Мен Алиевмин, мен Алиевмин!» — деп үн чыгарып келе жаттым. Анан туура эле ОГПУнун конторасына келип түштүк. Күтпөгөн жерден кирип барып Жээнбаевге, Филонецке рапорт берип калдым:

— Сиздердин тапшырмаңыздар аткарылды. Мазар-Дөбөдө болгон урушта кор башылар Абдраим, Самидин, Акматтар өлтүрүлдү. Колго түшкөн 15—16 курал-жарак, унаа алынып келинди. Басмачылардын бул башчысынын колу негизинен кыйроого учурады.



Биз тараптан жоготуу жок. Жоокерлер азыр келип калышат!

Өзүмдү түздөөгө үлгүрө элегимде райкомдун секретары кучактап кетти. Сүйлөп жатат, жүзүмдөн сүйүп жатат:

— Айланайын, Эргеш! Жарайсың ишке. Мен ушундай болуп чыгарын ойлогом. Шонтсе да ой деген, ой экен да. Беш бирдей жоокер менен кантти?!. — деп бизде жан калсачы. Ырахмат! Ырахмат! Эргеш!

Буга удаа эле ОГПУнун начальниги да, райисполкомдун төрагасы да жана башка жетекчилер да мени курчап кетишти...

Аңгыча артта калган Маткалыков Рахманжан, Улумбеков Мукарам, башка бардык жоокерлер олжого түшкөн курал-жарактар менен кирип келишти. Кайрадан куттуктоо уланып, бака-шака үндөр тээ алыска-алыска угулуп турду.

Отряддын жоокерлерин эс алууга жөнөтүп, түн бир оокумга чейин жетекчилер мында калдык. Калыбына келтирилген телефон иштей баштады. Кубаныч үстүнө кубаныч кошулду. Григорий Филонец ОГПУнун түштүк Кыргызстандагы уполномочени Маевский менен, жолдош Жээнбаев партиянын Кыргызстан обкому менен байланышып, бүгүнкү биздин отряддын эрдиги жөнүндө кеңири маалымдашты. Экөө тең ал тараптагылар командир Алиевдин өзүнө жана бүтүндөй өздүк составка ырахмат айткандыгын билдиришти.

Эртеси күнү райондук аткаруу комитетинин заседание залында чоң жыйын болуп, коомчулук алдында сыйлыктар өз ээлерине тапшырылды. Мага басмачылардан колго түшкөн Абдраимдин баягы даңазалуу атын, бир наган, райисполкомдун грамотасын, Рахманжан Маткалыковго карабин жана грамота, Тагаев Камалга наган, Ботобаев Акматалыга карабин, Тажиматов Бакирге бир ат, Султанкулов Раманга бир ат, Каскырбаевге грамоталар ыйгарылды.

## ТҮНКҮ КАРМАШ

Сыйлык тапшырууга удаа эле ОГПУнун чалгынчыларынан алынган кабарга караганда Абдраим корбашынын ордуна басмачылар анын уулу Паязды ак кийизге ороп, паңсат деп жарыялагандыгын, Самиддиндин ордуна анын иниси Акылбектин дайындалгандыгын билдик. Аларга Молдо-Жоро да кошулуп кетиптир.

Менин отрядым Шайданда турган эле...

Жай саратан өз өкүмүн сүрүп, айыл чарба жумуштары кызып калган кез. Чигит жер бетине өнүп, жегенелөө жана биринчи чабык кызуу жүрүп жаткан. Мына ушул пахтачылыкта эмгектенгендерге эмгек акы катары ири суммадагы акча бөлүнөт. Бул акча Масы пахта пунктуна жеткирилет. Бул кабарды өздөрүнүн айылдагы узун кулактары аркылуу басмачылар да угат. Менин отрядымдын бул жерде экендигин басмачылар али билишпейт эле. Анткени биз бугачейин Арстанбапта туруп, түндөп мында келгенбиз. Ошондуктан Акылбек, Паяз жана Молдо-Жоролор жүзгө жакын жигиттери менен пахта пунктундагы элге берилүүчү акчаны тартып алуу, милициянын өкүлдөрүн жок кылып, курал-жарак топтоп, түрмөдөгү бай манаптарды бошотуу, райондогу партиялык-советтик кызматкерлердин эсебин колго берип, борбордогу магазин жана складдарды талап кетүү планын түзүшүп, даярдык көрүшүп түн бир маалда чабуулга өтүүнү чечкен.

Түн жарымы болгон кезде басмачылардын бир тобу пахта пунктуна жакын кирип келип, ал жерде күзөттө турган милиционер Аким Сарымсаков менен Тиркеш Кайыпов экөөнүн көзүн бачым эле тазалайбыз деген ниетте бугуп жатышат. Анткени менен эки эр азамат «шырп» эткен шырпаны сая кетирбей сак турушуп, аларды ок ачууга мажбурлайт. Милиционерлер Аким менен Тиркеш да аларды коргонго жакын жолотпой, ок жаадырып турушат. Бир топко созулган атышууга Аким Сарымсаков катуу жарадар болот. Бул жерде алар менен кошо турган пахта пунктунун башчысы Сабыралы Тойчукулов жарадардын мылтыгын алып, дубалдан ашып пунктка кирүүгө аракет кылып жаткан басмачыларды көздөй ок ача баштайт. Ошол эле мезгилде милициянын райондук бөлүмүнүн имараты тараптан да мылтык атышуу угулат. Басмачылар милиционерлердин аздыгынан пайдаланып, алардын коргонун ороп алып, ичкери кирүүгө жан аракетке түшүшөт. Бирок ошол замат башында Григорий Филонец турган ОГПУнун кызматкерлери жардамга келишип, мурда дайындалып коюлган позициядан душманга каршы катуу ок жаадырышат. Райондук милициянын имаратына жолой албай басмачылар артка чегинишет.

Масыда атылган алгачкы мылтыктын үнү аралыгы 3—4 чакырым турган Шайданга да угулат. Аны а дегенде биздин отряддын күзөтчүсү Тагай Камалов угуп, дежурда турган Бакир Тажиматовго билдирет. Бакир менин жаныма чуркап жетип келип:

— Жолдош, командир, Масыда атышуу болуп жатат! Басмачылар кирип келишсе керек,— деп кабар берди.

Бул күтүлбөгөн кабардан улам кандай болбосун ал жерге бачым жетип баруу максатында:

— Жоокерлердин баары даяр болсун! Масыга дароо жөнөйбүз! — деп буйрук бердим.

Масыга жакындаганыбызда жарык кирип, таң ата баштаган мезгил эле. Асманда жылдыз суюлуп, аба шаңкайып ачык, толукшуган сулуудай болуп теребел балкып турду.

— Жолдош командир, атышуу токтоп калды, кечигип калган окшойбуз! — деп тынчсызданды жоокерлердин бири.

Чынында эле атышуу токтолуп калган эле. Көрсө ат дүбүртүнөн улам басмачылар биздин отряддын келе жаткандыгын байкап калышып, магазин-складдардан, элден талап алган олжолорун таштай качышыптыр. Биз алардын артынан сая кууп жөнөдүк. Бирок басмачылар бир топ узап калышкан экен. Караандары көзгө чалдыкпайт. Кара-Булактын белине арттан кууп келаткан биздин жолду тосуу үчүн Молдо-Жорону баш кылып, карылуу жигиттеринен отуздан ашуун адам калтырышат басмачылар. Өздөрү Чымчык-Жар менен Сары-Бээнин башы Караташ деген бийик тоону өрдөп кетишет. Кара-Булакта эртең мененки саат тогуздарда башталган атышуу түшкү саат үчтөргө жакын токтоду. Салгылашууда төрт басмачы өлдү. Молдо-Жоро жана анын төрт беш баш кесери колго түштү. Калгандары мурда кеткен басмачылардын аркасынан тоо өрдөй качып беришти.

Мына ошол салгылашуудан кийин басмачылар тоо-тоого жашырынып, алардын кайда экендиги көпкө чейин билинбей калды. Биз тараптан жер-жерлерге жиберилген чалгынчылар да алардын кайда экендиктери жөнүндө кабар ала албай куру кол кайтып жатышты. Узакка созулган кооптуу тынчтык бул аймакта көлөкөдөй жылып жүрдү...

## РАХМАН ПАҢСАТТЫН ТАЛКАЛАНЫШЫ

Рахман паңсат эл тынчын алып, мал-мүлкүн талап, Совет бийлигине каршы чыккан, колхоз түзүлүшүнө тиш кайраган басмачылардын ичинен эң мыкаачысы, коркунучтуусу эле. Канчалаган коммунисттер, комсомолецтер, паранжасын таштаган кыз-келиндер, айыл активдери анын кандуу колунан каза табышты. Рахман паңсат: «Бай-манаптарды, молдо-эшендерди жок кылып, жаңы заманды орнотуучу чокоюн сүйрөй



албаган бачагарларды төрдүн башына чыгарып, биздин укум-тукумубузга шек келтирген сенсиңби, балчайбек!» — деп далай коммунисттердин канын төкпөдүбү.

Күндөрдүн биринде Уйгур-Кыштакка жиберилген чалгындан: «Рахман паңсаттын эң ишенимдүү жигиттеринин бири үйүнө келди. Бир-эки күн үйүндө туруусу мүмкүн. Шашылыңыздар»,— деген кабар келди.

Бул кабарды угар замат Григорий Филонец отрядды Сакалдыга пахта пунктуна алып баруу жөнүндө буйрук берди. Биз менен кошо өзүнүн да барарын айтты.

Катуу жүргөн отряд Сакалдыга күн бата жетип келди. Филонец экөөбүз түн катып үйүнө келген басмачыны кантип колго түшүрүү жөнүндө план түздүк. Түзүлгөн план боюнча Рахманжан Маткалыков төрт аскери менен басмачыны тирүүлөй кармап келүүгө жөнөттүк. Айткандай эле ал төрт аскери менен басмачы үйүндө кызуу уйкуда жаткан мезгилде кирип барып, аны курал-жарагы менен кошо биз турган жайга алып келди. Андан соң колго түшкөн бул басмачынын эл арасында кадыры бар агасы менен инисин алып келүүгө Эргеш Кадыркуловду жөнөттүк. Басмачынын ага-иниси анын колго түшкөндүгүн билишпейт эле. Биз да шек бербедик.

Григорий Филонец, оперативдүү уполномочен Иванов жана мен үчөөбүз колго түшкөн басмачыдан сурак ала баштадык. Бул басмачы чынында эле Рахман паңсаттын эң ишеничтүү жигиттеринин бири эле. Ошондуктан да ток этер жеринен эле баштадык:

— Рахмандын канча жигити, кандай жана канча жарагы бар?

— Отузга жакын жигити менен жүрөт. Ошолордун ичинен жыйырма алты киши басмачылыкка активдүү катышат,— деп жооп берди ал. — Ал эми калган төрт-беш адам Рахмандын элден талап алган мал-

мүлкүн сатып, акчасына ок-дары, тамак-аш, арак даярдап, басмачылардын жата турган жерлерин белгилеп, бир кыштакта бир түндөн ашык жаткырбастан конуштарын алмаштырып турушат.

— Канча тууган-уругуң бар? Алар менен бир турасыңбы?

— Эки бир тууганым атамдын эски жайында, өзүм болсо эл жаңыдан көчүп барган кыштакка олтурукташып, бир туугандарымдын жардамы менен үй да салып алгам. Ал кыштактын бир жак четинде. Аны сиздердин аскерлер да көрүштү!

— Үй-бүлөң канча?

— Аялым, эки кызым, бир уулум бар.

— Эмне үчүн туугандарыңды, үй-бүлөңдү элдин арасында чоң жаманаттыга калтырып, басмачыларга кошулуп кеттиң?

— Мен басмачыларга кошулбайт элем. Рахман келип мени зордук менен алып кеткен. Кошулбасам, бала-чакамды, урук-тууганымды каалаган маалда келип, өз билгениндей жазалап кетери жөнүндө айткан. Ошон үчүн... Бул жактагыларга тийбесин деп...

Колго түшкөн басмачы жашылданып, мукактана жооп берди.

— Рахманга кандай жакындыгың бар?

— Туугандык жакындыгым жок. Чайканада аш жасап бирге жеп жүрчүбүз. Кийин келип өзү менен кошо кетесиң деди.

— Рахманга жакын болбосоң ал сага карабинди эмне үчүн берип койду?

— Карабин жалгыз эле менде эмес. Көп жигиттердин алты атар, жети атар мылтыктары бар. Беш атарлар да көп.

— Туугандарыңды көрдүңбү?

— Жок!

— Аялың да, тууган-уруктарың да камакка алынат,— дедик биз. Ал туталана түшүп, бир нерсени так



айта албай баш чайкап, көздөрү кутургандай кызара берип унчукту:

— Туугандарымдын, аялымдын күнөөсү не? Агаменен үкемдин басмачылык жайы жок. Аларга тийбегиле, камабагыла,— деп өтүндү.

— Кайталап сурайбыз. Туугандарыңды көрдүңбү?

— Жок, көргөнүм жок. Кечээ түнү үйгө келип, бүгүн түнү минтип камакка алындым.

Сурактан соң басмачы бөлөк канага киргизилди. Кезек анын агасына келди.

— Үкөң Кадыржан басмачыбы? Ал Рахмандын жакын жигиттериненби?

Кадыржандын агасы бир топко ойлонуп калып мындай деди:

— Рахман өлсүн. Менин түпөтүзүк инимдин көөнүнү бузуп, зордук менен алып кеткен. Ал адам өлтүргүч. Тынч жаткан элге дүрбөлөң салып, мал-мүлктү тоноп, адам канына тсйгон карышкыр. Эки буттуу жырткыч. Анын бетин кудай нары кылсын. Иним болсо Рахмандан коркконунан эле алардын колунда жүрөт, ылаажысы болсо качып келер эле.

— Рахманды колго түшүрүүгө жардам бере аласыңбы? Аны кармоого эл жардам бере алабы?

— Эл, элби, эл албетте жардам берет. Мен дагы колуман келген жардамды берүүгө даярмын.

— Биринчиден, өзүңдүн иниңди кармап бер! — дедим мен.

— Ал бачагар, жубарымбек Рахмандан коркот, ошол коркконунан ошол жакта жүрөт да. Үйгө келет имиш деп уктум. Кайсы кезде келип калат билбейм. Жолуга албай жүрөм.

— Жакындан бери көрдүңбү?

— Жок, көрө албадым!

Эргеш Кадыркулов басмачы Кадыржандын экинчи бир тууганын үстүбүзгө кийирди. Анысы жашыкчылык, аны-муну биле бербеген момун адам экен.

— Акем эмне десе-ошону кыламын. Эгерде Кадыржанды кармап берип өлтүр десе өлтүрөмүн. Анын кесепетинен минтип бала-чакам талаада калганы туру. Балдарым көп, менден башка аларга каралашар киши жок, кедеймин, жөн гана бечара кишимин,— деп безилдеп жиберди.

— Кадыржанды көрдүңбү?

— Көргөнүм жок.

— Аны көргүң келеби?

— Кантип эле, кантип көрсөтөсүңөр. Ал Рахман менен бирге жүрөт эмеспи. Жубарымбектин көзүн оюп алар элем, кармасам.

Ошол кезде Рахманжанга Кадыржанды алып кир деген белгини бердим. Кадыржан алынып келинди. Чоң акеси көргөн көзүнө ишене бербей жал-жал тиктеп:

— Сен өлбөдүң, эл арасында шерменде кылдың! — деп Кадыржанга карай умтулганда Кадыржанды кайтарып турган жоокер ортого чыгып, «олтуруңуз» деген ишаратты көрсөттү.

— Элдин жүзүн карай албай калдым. Эл караган бетимди жер караттың, акмак. Мунун үкөсү басмачы деп балдардан өйдө көзүмө сайып кеп кылышат! — деп жаны карайды.

Мына ушул кезде Филонец ордунан туруп тигилердин бет маңдайына барды да салмактуу үн менен басмачынын агасына кайрылды:

— Акыбалыңар оор. Ооба, ооба, үчөөңөрдүкү тең. А сен Кадыржан эң оор жазага кириптер кылынышың мүмкүн. Ойлоп көргүлөчү Кадыржандын күнөөсүн эл алдында кантип актоого болот? Кантип? А силерди да тымызын байланышып жүргөн деп күнөөлөгө неге болбойт? Албетте, болот... Андан көрөкчө биздин тапшырган ишибизди аткарбайсыңарбы?

— Жолдош начальник, кандай тапшырма берсеңиз бардыгын аткарабыз! — деди акеси ордунан тура



калып. — Бала чакабыздан ажырап түрмөдө жаткандан көрө ак ниетибиз менен Совет өкмөтүнө кызмат кылып берүү бакыт деп ойлойм! Эмне десеңер мен дагы, эки үкөм дагы аны аткарууга даяр! Ан үчүн ант да беремин! — деп стол үстүндөгү нанды көкүрөгүнө басты. Анан: — Өкмөт үчүн кызмат кылганбыз, мындан ары да кызмат кылабыз! Чын сөзүбүз! Ишениңиздер! — деп жалооруду.

Анын иниси да өз оюн айтууга ыйламсырап жатып уруксат сурады.

— Уруксат, сүйлөңүз! — деди Григорий Филонец таң калычтуу кейипте кадала тигилип.

— Бардык тапшырмаңызды аткарамын, бир туугандарымы, бала-чакамы тынч коюңуздар? Эгерде бирде бир тапшырмаңарды аткарбай койсом анда мени да камай бериңиздер,— деди эки колун куушуруп, алдыбызда тике турду.

Ошондон кийин ОГПУнун начальниги басмачынын агасына кайрылды:

— Үкөң Рахмандын ишеничтүү кишиси. Рахманды кармап, же өлтүрүп берсин деймин. Кадыржан Рахман каерге барса жигити катары кошо жүрөт. Ага кимдер жардам берет, ок-дарыны, курал-жаракты кайдан алат? Мына ушуларды билип бизге кабарлап бере алабы?.. Ушуга жарайбы үкөң!

Бул сөздү уккан Кадыржан ордунан ыкчам тура калып, адам аярлык түрдө жалдырап:

— Мен ага жараймын! — деп шашыла жооп берди.

Мына ушул сөздөрдөн соң гана үчөөнөн тең тил кат алып, бошотуп жибердик. Рахман жөнүндөгү маалыматтарды басмачы Кадыржан агасына, агасы кичи инисине билдире турган болушту. Ал эми кичине иниси болсо ал кабарларды бизге жеткирип турууга милдеттенди. Мындан тышкары агасына биздин байланышчыбызды тааныштырып, керек учурда маалыматтарды ага да билдирип турууусун тапшырдык.

Арадан эки-үч ай өттү.

Жаркыраган жаз да келип жетти.

Дал ушундай жаз күндөрүнүн маңдай жылыткан шапатасы менен кошо алардан бир-эки жолу кабар алып, ал маалыматтар боюнча басмачыларды басып калууга аракет кылдык. Бирок адегенде эле бул сапарларыбыз олжолуу боло койбоду. Басмачылар качып кетип жатышты.

Жайдын аптабы болгон июль айынын акыркы чендеринде «Рахман Арсланбап тоолорун аралап Кетмен-Төбө, Үч-Терекке чейин баруута даярданып жатат!» — деген кабар алынды. Рахман жүрө турган болжолдуу жолдорго — Тайгак-Таш, Онтомо, Кара-Кысамак, Ак-Суу, Келиш деген жерлерге баруучу жолдорго биздин чалгынчылар коюлду.

Арадан беш-алты күн өттү. Тынчсызданып олтурганыбызда, «Бедире, Көгөй, Ой-Жаңгак аркылуу Кара-Кысмак жолу менен Кара-Көлдү көздөй кеткен көп аттын изи байкалды. Аттардын изине караганда алардын кеткендерине 4—5 күн өткөн сыяктуу» — деген кабар келди. Анын артынан эле Рахман Кара-Кысмакка жайлоого чыккан беш-алты үйлүү байларда конок болуп, мал сойдуруп этин бышыртып өздөрү менен кошо алып кеткендиги жөнүндөгү кабар угулат.

Бул кабарды угар замат биз Кара-Колго карай чалгынчыларды жөнөттүк жана ОГПУнун Кетмен-Төбө райондук убакилине шашылыш кабар айттырдык. Чалгынчылардан алган маалыматтарга караганда Рахман паңсат отуздай жигити менен Үч-Терекке карай кеткендиги белгилүү болду.

Мен башкарган отряд ОГПУнун Базар-Коргон райондук убакили жолдош Филонецтин жетекчилиги астында Майлы-Сайдан Ой-Жаңгак, андан ары Кара-Кысмак аркылуу барып, басмачылардын изине түштүк. Григорий экөөбүз бири бирибизди жакшы түшүнүшчүбүз. Бир сындырым нанды тең бөлүшкөн, ойдогу нерсесин жашырбай ачык айткан ынак жолдош ачык-айрым, тамашакөй адам эле. Ошондой эле тикеден тике баш ийген жетекчим да болучу.



Кара-Кысмакка барып жайлоого чыккан элдерден, баарыдан мурда ал жерде байлардын малын багып жүргөн кедей-кембагалдардан сураштырсак: Аябай куралданышкан отуздай басмачы бул аймакка келип Кара-Кысмак менен Кара-Көлдү көздөй кеткендиктерин айтып беришти.

Токтоосуз жолго чыктык, басмачылардын изи менен токтобостон жүрүп баратабыз.

Күн батарга жакын Кара-Көлдүн белинен аштык. Бизден эки-үч километр аралык арыдан Кара-Кысмакка башка жол менен түшүп келе жаткан топ караан көрүнүп калды. Караан улам көбөйүп басмачылар экендигин жазбай билип турдук. Жетелеп алышкан аттары да бар.

Басмачылар бизди байкап калышты. Алар алыс болгондуктан жана көз байланып караңгы түшүп бара жаткандыктан ок атууга мүмкүнчүлүк болбоду. Ошондуктан бөксө адырлардын боору менен жүрүп, чабуулга өтүүгө туура келди.

— Кылычыңарды сууруп, чабуулга өткүлө! — деген буйрукту бердим.

Жанымда бара жаткан Григорий Филонец экөөбүз кылычтарды көтөргөнүбүздү көрүп отряддагылардын бардыгы алга карай «ураалап!» чаап жөнөштү. Бир чакырымча аралык калганда басмачылар биздин жабылып чабуул коюп, кылыч шилтеп келе жатканыбыздан улам жетелеген аттарын таштаган бойдон жалгыз аяк жол менен өйдө көздөй кайра артына качып беришти.

Биз токтогон жер басмачыларга белгилүү болучу. Алар түндүн кайсы мезгилинде болсо да, кай жерден болсо да ок жаадырышы мүмкүн эле. Болбосо шырп алдырбай келип жоокерлер уктап жаткан кезде басып

алууга далалаттанышсачы? Канткен менен да бул турган жайыбыз коопту болучу. Ошондуктан биз артка чегиндик да белге чыктык. Эртеси басмачылардын изин кууп жөнөмөк болуп, андагы беш-алты үйлүү айылда конуп калдык. ОГПУнун Кетмен-Төбө райондук убакилине болгон абалды түшүндүргөн кат жазып, аны айылдагы тың деген жигиттердин бирине дайындадык. Жигит буйдалбастан ошол саат түн ката катты жеткирүү үчүн атын камчыланып жүрүп кетти.

Басмачылар болсо тоо аралап Сере жайлоосуна, андан ары Казалуу-Мазар аркылуу Масы районунун Арал кыштагына келишет. Ал жерде пилла өстүрүүчү совхоз уюштурулган. Кыштактын четинде Бала эшен дегендин чоң коргону боло турган. Совхоз контору мына ушул бак-шактуу чоң коргонго жайгашкан. Совхоз директору жергиликтүү өкмөт жетекчилери менен макулдашып, совхоздун конторасын кайтаруу үчүн милиция кызматкерлеринен үчөөнү өздөрүнүн карамагына бөлдүрүп алат. Мына ошол кездеги тополоң учурда колхоздун, айылдык Советтин төрагасы, айыл активдери кокусунан басмачылардын басып кирүүсүнөн чочулашып, коргонго келип чогуу жатыша турган. Ошол түнү алар тамдын үстүндө жатышкан болот.

Басмачылар түн ичинде ошол коргонду басып алышат. Мындагылардын ал-жайын аларга өздөрүнүн тыңчылары кабарлаган болуу керек. Рахман паңсат үч милиционердин колун байлап алып кетет. Курал-жарагы аз айыл активдери аларга ок ача алышпайт.

Басмачылар Өзбекстанга караштуу Кокон-Кыштак районуна өтүшөт. Андан ары Уйгур Жамаасына, Рахман паңсаттын жакындаштары бар Пайтук районуна жакын эле жердеги Такачы кыштагына келишет. Такачы эл тыгыз жайгашкан четирээк жактагы бак-дарактуу чакан кыштак эле. Басмачылар мына ушу кыштактагы калың бактуу чоң коргонго жайгашат.

Мына ушул кезде бизге жардам берип турууга сөз



берген басмачы Кадыржан Рахмандан өз үй-бүлөсүн көрүп келүүгө уруксат сурайт. Кадыржанды өзүнүн ишеничтүү жигиттеринин бири катары санаган Рахман ага уруксат берет. Мылтыгын асынып алып Кадыржан түн ката жолго чыгат. Көп узабай эле мылтыгын белгилүү жердеги пахтанын арасына катып, үйүн көздөй эмес туура эле Бүргөндүнү карай сапар тартат. Ушул учурда биз Бүргөндүдөгү пахта пунктунда элек, Түнкү саат үчтөрдөн өткөндө Кадыржан бизди таап келип, сырткы күзөттөгүлөрдөн:

— Мага Филонец же Алиев керек! Өтө шашылыш керек! — дейт.

Анда күзөтчүлөр шекший:

— Түн ичинде кандай жумушуңуз бар, аларда? Мүмкүн тигил адамдарынан болуп жүрбөңүз? Кебетекешпириңиз да башкача? — дешет.

— Жок зарыл керек! Менин ысымымды айтыңыздар? Кадыржан деңиздер! — деп өтүнөт.

Ошентип сырткы кароол ичкеридеги күзөтчүгө билдирет. Ичкериде күзөттө Үсөнов Тажыбай турган болучу.

Тажыбай биз жаткан үйгө чуркап келип:

— Сиздерди бир чоочун адам сурап жатат. Өтө шашылыш керек! — дейт, деп мени ойготту. Бул кезде Григорий Филонец да ойгонуп кетти. Сыртка чыксам баягыда убадалашкан басмачы Кадыржан турат. Ичкери Филонецтин жанына келдик. Филонец өзбек тилин жакшы билген киши эле. Көңүлү бир нерсени сезгендей болуп:

— Орток Кадыржан, жакшы келипсиз. Мунуңуз жакшы! Эми ак сүйлөп, ак айтыңыз? — деп Кадыржанга жүзү ачык жайдары кайрылды.

Адегенде толкунданып будалактанган Кадыржан, мен сунган стакандагы сууну тартып жибергенден соң өзүнө келип, сүйлөй баштады.

Кадыржан Рахмандын Кара-Көлдөгү бизге жолук-

кандагы окуядан сөз баштады эле Филонец анын сөзүн токтотуп:

— Муну кийин айтыңыз. Сиз азыр Рахмандын кайда экендигин сүйлөңүз, Рахман кайда? Ошону баяндаңыз,— деп чыдабай кетти.

— Бул жерден алты-жети, ашып кетсе он чакырым аралыкта Такачы деген Өзбекстандын кыштагына Рахман жигиттери менен келип, азыр ал жерде! Шашылыңыздар, эртең заарлап жай которуп кетиши ыктымал,— деди Кадыржан ток этер жерин айтып.

— Ал кыштакты кантип табууга болот, кайсыл жеринде Рахман жайгашкан. Тактап сүрөттөй аласызбы? — деди Филонец.

— Мына ушул жол менен барганда,— деди Кадыржан Анжиян тарапка кеткен жолду көздөй кол жаңсап,— Ош тарапта Такачы деген кыштак бар. Кыштактын орто ченинде жолду кесип чоң арык өтөт. Арыктын төмөн жагында коргон, андан он метр аралыкта тегирмен. Тегирмендин үстүндө басмачылардын күзөтчүлөрү бар. Ушул жерге жакын эле жерде чоң короо. Короодо анжир, жүзүм, анар, шабдалы жана башка дарактар өсөт. Мына ошол коргондун чоң дарбазасынын сол тарабында аткана турат. Дарбазанын оң тарабында орто айван, эки тарабында эки чоң үй турат. Анын биринде Рахман паңсат, Молдо-Өсөр, Молдо-Баатыр турат, экинчисинде болсо калган басмачылар жайгашкан. Короонун ортосунда жүзүмдүн түбүнө сөрү орнотулган. Ал жерде тамак-аш даярдалат. Күн батыш тарабында кичине дарбаза бар. Коргондун айланасы бүтүндөй пахта талаасы. Жакын жерде тегирменден башка үй жок.

Мына ушулардын баарын Григорий Филонец карта кылып кагазга түшүрдү. Басмачыларды басып алып, колго түшүрүү үчүн атайын план түздүк. Алардын качып кетүүсүнө жол бербөө үчүн отрядды төрткө бөлдүк. Күн батыш тарабына төрт аскери менен биринчи бөлүктүн командири Маткалыков Рахманжан, түштүк тарабына төрт жоокери менен экинчи бөлүктүн командири Үсөнов Тажыбай, түндүк тарабына төрт аскери менен Кадыркулов Эргеш бөлүндү. Филонец экөөбүз калган аскерлер менен чыгыш тараптан чоң дарбазага чабуул коймок болдук.



Белгиленген жерге жеткен соң басмачыларга шек алдырбас үчүн, баарыдан да тегирмендин үстүндө турган күзөтчүлөргө көрүнбөө максатында бийик өскөн пахтаны аралап биринчи болуп Маткалыковдун тобу, анын артынан Үсөновдор Кадыркулов Эргештердин топтору жүрүп кетишти. Аларга берилген тапшырма мына мындай эле: «Тегирменге жетерибиз менен тегирмендин үстүндө кароолдо турган басмачылар бизди көрүп коргондун ичиндеги Рахманга кабар беришет. Туш тарапка качып кетүүгө да далалаттанышат. Рахманжан сен тарапта эшик бар. Айрыкча этиет боло көргүлө? Бардыгыңар дубал менен ары ашып кетүүгө бой урган басмачыларды куткара көрбөгүлө! Филонец экөөбүз бир топ аскер менен чоң дарбаза тарапты ээлеп турабыз!» — дедик.

Чындыгында эле биз ойлогондой болуп чыкты. Басмачылар адегенде эле Рахманжан тарапка ок жаадыра баштады. Эшиктен качып чыккандар да болду. Экөөнү Рахманжан кармап колу-бутун байлап жандарына жаткырып койду. Бул тараптан эч кандай натыйжа чыкпаган соң басмачылар өздөрү жаткан үйдөн жана атканадан дубалды тешип алышып, эки тарапка ок жаадыра баштады. Менимче дубалдарды биз барганда эле тешип жиберүүгө үлгүрбөйт эле. Этияттанып мурунтан даярдап коюшкандай.

Атышуу таңга маалкы саат бештерде башталып, жети-сегиздерге чейин созулду. Жанагы тешип алган жерлерден туш тарабыбызга ок жамгырдай жаап жатты. Колго түшкөн эки басмачыдан башка жакшы натыйжа болбоду. Ошондо мен:

— Коргонго өрт коюу керек. Сиздин оюңуз кандай? — Филонецке кайрылдым. Ал менин сунушумду колдоду.

Жоокерлерден беш-алтоо отун чогултуп, заматта жетип келишти. Тегирменде калып кеткен эски жуурпкандарды алып келишти. Бак арасында куурап калган эски-шактар көп экен. Союлдардын башына пахта ороп от коюп, дубалдын тешиктерине тыктык. Натыйжада ашкананын ичин түтүн каптады. Анын ичиндеги басмачылар түтүнгө уугуп качып чыга башташты.

Дубалга сырттан шаты коюлуп, анын үстүнө чыгып алган биздин аскерлер атканадан качып чыккан басмачыларды көздөй таамай атып жатышты. Рахманжандын аскерлери болсо арттагы кичине дарбазадан коргондун ичине кирип, дарактардын далдаасынан өздөрүнө ыңгайлуу жай алышты. Анын отделениеси атканадан качып чыккандарга жана эки үйдүн ичине караган төрт терезесине жамгырдай ок жаадырышты. Үсөнов Тажыбай да өзүнүн аскерлери менен кичине эшиктен өтүп, Рахманжандын жанынан ок атууга ыңгайлуу жай алды. Анын аскерлеринин аткан октору да басмачыларга бүлүк салып, кыргынга учуратып жатты.

Түндүк тарапта атышып жаткан Кадыркулов Эргешке да эки үйдүн басмачылар тешип алган тешиктерине атканадагыдай кылып өрт коюуга буйрук бердим. Бул операцияга Кадыркулов Эргеш баш болуп Тажыматов Бакир, Ботобаев Акматалы, Мамытов Тажыбек, Матиев Максыт жана башкалар активдүү катышты.

Каракчылар турган эки үйгө тең от коюлду. Там ичи түтүнгө толуп, Молдо-Өсөр менен Молдо-Баатыр качып чыгышты. Тамдын артындагы дубалды паналашып, бизди көздөй ок чыгарды. Кадыркулов Эргештин жана менин аскерлерим Молдо-Өсөр менен Молдо-Баатырды тез эле колго түшүрүштү.






Р. Маткалыков, 1930—33-ж.ж. Э. Алиевдин отрядында бөлүмдүн командири болгон.



А. Чолпонов, тап душмандарын жоюуда активдүү катышкан.





Б. Тажиматов, 1929—33-ж.ж. басмачыларга каршы күрөштө тайманбас жоокерлерден болгон.

Т. Жолчубаев, 1929—33-ж.ж. басмачылар менен болгон күрөштөрдө эрдик көрсөткөн.






О. Карабаев, 1924—33-ж.ж. күжүрмөн жоокер, өзүн өзү коргоонун эрктүү командири.


А. Калназаров, коллективдештирүүнүн көрүнүктүү активисттеринин бири.



С. И. Евтушенко, 1929—33-ж.ж. басмачылар менен салгылашкан учурларда жолдошторуна үлгү болгон.



М. Донец, басмачылар кыймылын жок кылууга активдүү катышкан.



П. Заиров, Э. Алиевдин отрядынын эр жүрөк жоокерлеринин бири.



У. Жапаркулов, отрядда партиялык ячейканын катчысы болгон.




Х. Юсупов, эшендин үй-бүлөсүнөн, Кызыл Аскерлердин тайманбас чалгынчысы болгон.



А. Турдубаев, 1930—33-ж.ж. Э. Алиевдин отрядында кызмат эткен.



Ш. Мамбеталиев, басмачыларды жоюуга катышкан, колхоз курулушунун активисти.



Э. Алиев үй-бүлөсү менен, 1942-ж.





Э. Алиев Ленинград шаарында армиянын генералы, адмиралдары жана космонавт Леонов менен, 1982-ж.

Э. Алиев 1915-жылдан берки КПССтин мүчөсү Виноградов жана армиянын генералы Лященко менен, 1976-ж.




Э. Алиев өзү менен кызмат өтөгөн жолдошторунун арасында, 1964-ж.

Э. Алиев, Нарын областтык ички иштер Башкармасынын начальниги.

Б. Н. Ташланов, Э. Алиев менен көп жылдар бою чогуу иштешкен.









Э. Алиев басмачыларга каршы активдүү күрөшкөн Н. Султанов менен, 1956-ж.

Т. Багишев, 1929—31-ж.ж. басмачыларды жоюуга катышкан.



МВД СССР

ГРАМОТА

Товарищ Алиев Ергеш

приказом МВД СССР № 900

от 28 ноября 1955 г.

награжден нагрудным знаком Заслуженного работника МВД № 5288 за активную работу по охране общественного порядка

Министр внутренних дел Союза ССР

11 Января 1956 г.

п.

Подпись владельца

ЧЕКИСТ ДОЛЖЕН БЫТЬ БЕЗЗАВЕТНО ПРЕДАННЫМ ПАРТИИ ЛЕНИНА—СТАЛИНА, БДИТЕЛЬНЫМ И БЕСПОЩАДНЫМ В БОРЬБЕ С ВРАГАМИ СОВЕТСКОГО ГОСУДАРСТВА

Э. Алиевге «СССР. ички иштер министерствосунун эмгек сиңирген кызматкери» деген наам берилгендеги грамотанын көчүрмөсү.



Э. Алиев жаш милиция кызматкерлери менен.



Э. Алиев дасторкон четинде журналист Ш. Мойдиновго интервью берүүдө.

Ошол кезде коргондун ичинде бекинип жаткан басмачыларды Рахманжан менен Тажыбай жок кылышты. Ок атуу токтогондон кийин Үсөнов Тажыбай менен Маткалыков Рахманжан экөө тамдын ичине кирип барышса, басмачылардын бардыгы сойлоп жаткандыгын көрүшөт. Рахман паңсат болсо дубалга сүйөнгөн бойдон мылтыгын кош колдоп мыжыгып катып калыптыр. Ошентип басмачылар биротоло кыргынга учурап, колго түшүп беришти. Биз тараптан оор жарадар болгон эч ким болбоду. Үч-төрт жоокер гана жеңил жараат алышты.

Ушул кезде Пайтук райондук ОГПУсунун убакили Мураталиев жана отряддын командири Борисов коштогон бир топ адам келип калышты. Алар ок атышууларды угуп жардамга шашылышкан экен. Биздин жоокерлердин каармандыгына абдан ыраазы болушуп, колдорубузду кысышты.

Ошентип биздин бул жолку операциябыз ийгиликтүү аяктады. Рахман паңсаттын жана анын баш кесер, кансоргуч жигиттеринин талкаланышы менен Өзбекстандык элдин тынчын алып, мал-мүлкүн тоноп, жортуул жасап жүргөн басмачылардын сасык уясы биротоло жок кылынды. Бул аймактагы эл бейкут, совет бийлигинин чыңдалышы үчүн өздөрүнүн эркин эмгегин жумшоого толук шарт түзүлдү.

Коргондо калып калган курал-жарактарды жыйып алып мен жана ОГПУнун Базар-Коргон райондук бөлүмүнүн начальниги Филонец, Мураталиев жана Борисов баштаган отряддар Өзбекстандын Маданият деген кыштагын карай жөнөдүк. Маданияттан ары Бүргөндүгө өтүп кетмекпиз. Бул 1931-жылдын аптаптуу жайы өкүм сүрүп, пахта ачылып, аны терүү компаниясы башталганы турган учур эле.

Эртеси күнү Маданиятта чоң салтанат өткөрүлдү. Өзбекстандын бизге чектеш болгон Кокон-Кыштак, Пайтук, Изваскен райондорунун, Анжияндын жана

ошондой эле өзүбүздүн Базар-Коргон районунун партиялык, советтик, комсомолдук уюмдарынын жетекчилери, колхоздор менен айылдык Советтердин төрагалары, ОГПУнун кызматкерлери, эмгекчилердин өкүлдөрү салтанатка келишти. Эки күнгө созулган чоң той өткөрүлдү. Түрдүү той-тамаша, мелдештер өткөрүлүп, улак чабылды. Менин отрядымдын жоокерлери улак чабуунун машыккан чебери, чыныгы кыргыз жигиттери экендиктерин көрсөтүшүп, эл алдында арзыды. Отряддын бардык мүчөлөрүнө сыйлыктар ыйгарылып, мурдагы басмачы Кадыржандын Совет өкмөтүнө берилгендигин көрсөткөндүгү үчүн, чын дили менен ыктыярдуу отрядка жардам бергендиги үчүн күнөөсү кечирилди.

## ӨМҮРДӨГҮ УНУТУЛГУС ОКУЯ

Той өткөн күндүн эртеси эле. Филонец мени өзүнө чакырып калды. Туруш-турпаты шаңдуу, кабагы жарыла берип, ууртунан күлкү куюлганы турат. Дагы не болуп кетти деп чочулай барган жаным тынчтана түштү.

— Аа, келдиңби, кел отур мындай! — деп жанынан орун көрсөттү.

— Жөн-жай эле чакырттыңызбы? — дедим баары бир кооптоно.

— Эргеш, партиянын райкомунда сен жөнүндө сөз болду. Мен сени менен көптөн бери сындырым нанды тең бөлүшүп, даамдаш болуп, бирге жүрөм! Сен партияга, өкмөткө ак дилиң менен жаштык жигериңди жумшап кызмат кылуудасың. Бул багытта, басмачылар менен күрөшүүдө топтогон бай тажрыйбаң да бар. Анын үстүнө сенин ички сырыңды жакшы билген ынак жолдошуңдан эмесминби. Партиянын катарына өтүп алсаң кантет?



Григорий Филонецтин бул сөздөрүнөн соң не деп жооп берерими билбей чекем нымшып тердеп чыкты. Жүрөгүм алып учуп, көөнүмдү кандайдыр жылуу сезим өрдөп кетти.

— Ыракмат Филонец, айткан сөзүңүзгө ыраазымын! Партиянын катарына өтсөм дегенде эки көзүм төрт. Сиздин мага берген баааңыз мени аябай кубантып койду. Деги партияга өтүү үчүн не жасашым зарыл? — деп жибергенимди өзүм да билбей калдым.

— Эх, Эргеш, Эргеш! Сен чынында эле жакшы жолдош, чыныгы коммунистсиң! — деп Филонец менин далыман колун арткан калыбында көпкө чейин турду таптагылап. Анан: — Баарыдан мурда үч рекомендация керек. Анын бирин мына мен беремин. Бирин өзүңдүн отрядыңдагы политрук Жумалы Көчөрбаев, үчүнчүсүн райкомдун кызматкери Мукарам Улумбеков берет. Бар, азырынча ушул иштерди жайгар,— деп, мени сыртка узатып койду.

Көңүлүм алып учуп, жерге-сууга батпай келаттым. Кийинчерээк Лениндик коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө кабыл алындым. 1931-жылдын аптаптуу август айындагы бул күн мен үчүн өмүрүмдө унутулгус бактылуу күн болду.

Мына ошондон бери партиялык принципте туруп, Кыргызстандын алты областында тең кызмат өтөдүм, бардык учурда Ленинче иштеп, Ленинче жашоого далалаттандым. Эл алдында, комумнисттик ыйманым алдында таза жүрүп, калыстыктан, чындыктан кайтпаган адам болууга жан үрөдүм.

## ЭШЕНДИН ТИЛЕГИ ТАШ КАПТЫ

Совет өкмөтүнүн түзүлүшүнө, колхоз, мектеп-агартуу иштеринин курулушуна каршы душмандык кылып, акырында келип 1929-1930-жылдарда бай-манап-

тардын, кожо-молдолордун колдоосу менен басмачыларды тымызын уюштуруп жүргөн Ажымат эшендин уулу Абдыганы эшен 1931-жылдын күзүндө өзүнүн баш кесер жигиттери менен колуна курал алып, көтөрүлүп чыкты. Андан-мындан бир көрүнүп, түнката тынч жаткан элге түрдүү кордуктарды көрсөтүп, мыкаачылык иштерди жасай баштады. Анын аңызы бирде тигил, бирде бул айылдан чыгып, улам күч алып жатты.

Күндөрдүн биринде Абдыганы эшенди таап, тирүүлөй кармап келүү маселеси күн тартибиндеги курч маселелердин бири катары коюлду. Оштон чек арачылардын бир взводу, Анжияндан ички иштер кызматынын аскерлеринин бир эскадрону, Жалал-Абаддан Клименко, Исабеков Култай жана Попов жолдоштордун үч отряды, Базар-Коргондон менин отрядым болуп Базар-Коргонго топтолдук. ОГПУнун Түштүк Кыргызстандагы башкармасынын начальнигинин орун басары жолдош Ражевский аскер командирлери менен чогулуш өткөрдү.

Кара-Алма, Кайкы-Бел Кызыл-Үңкүр, Кара-Дөң, Кызыл-Алма, Арстанбап, Алаш, Үч-Коргон, Таш-Көмүр аймактарынын жер шарттары ачык чагылдырылган карта түзүлдү. Отряддар жер-жерлерге бөлүнүп, алардын ар бирине тиешелүү тапшырмалар берилди. Эшендин өзүн тирүүлөй колго алуу, бандасын куралсыздандырып, эл алдында жоопко тартуу иши өзгөчө зор мааниге ээ боло тургандыгы дагы бир ирет катуу эскертилди.

Анан соң ар бир отрядка бирден ОГПУнун кызматкерлери бекитилди. Филонец болсо «мен Алиевдин отряды менен боломун» деп менин отрядыма кошулду.

Ражевский алдыбызга орчундуу милдеттерди койгондон соң Филонецтин жетекчилиги менен менин отрядымдын жүргүзгөн бардык иштерине ыраазы экендигин билдирди. Шыктандырган, кайратка-кайрат, демге-дем кошкон бир катар накыл сөздөрдү айтып, тамашага салып жоокерлерди күлдүрүп да койду.



— Бирок, Эргеш Алиев,— деди ал мага кайрылып,— Абдыганы эшенди кармап менин колума салып бермейинче сенден жоопкерчилик алынбайт! Муну да билип кой! — деди.

— Буйругуңуз орундалат жолдош Ражевский,— деп ишенимдүү жооп кайтардым. Деген менен «Абдыганынын колго түшүрө албай калып уят болбосом эле болду»,— деген кооптуу бүдөмүк ой башымда турду.

Ошентип Базар-Коргондон жөнөрдүн алдында Абдыганы жөнүндө кабар бересиң деп Бүргөндүгө чалгынчы жөнөттүк. Чалгынчыдан эшен менен анын баш кесерлери тууралуу маңдай жылытарлык жакшы кабар алынган жок. Ың-жыңсыз, шек жок. Изин суутуп кеткен Абдыганы жөнүндөгү кабарды Үч-Коргон, Таш-Көмүр, Кара-Алма, Мисте-Мазар тарапка жөнөткөн чабармандарыбыздан да ала алган жокпуз. Кара-Дөң деген жерден гана жыйырма чакты аттын изи Ичке, Көк-Сөөк тарапка кетиптир деген билдирүү келип жетти.

Аттардын изи кеткен аймакка жетип, дүрбү аркылуу 3-4 үйдү көрдүк. Мынчалык алыс аймакка жайгашкан бул үйлөр басмачылар үчүн ыңгайлуу да, коргашкан кунучсуз да эле. Отрядды күттүм. Ошону менен бирге эле Григорий Филонецке алынган маалымат, шектүү жай жөнүндө билдирдим. Алдын ала план түздүм.

Этекте жайгашкан там али урай элек, бүтүн болучу. Анчалык эскилиги жетпегендиги алыстан эле көзгө илинип турат. Ал эми күн чыгыш тарапта турган үй аткана кейиптенет. Теребел тынч. Бул тынчтык кайра табышмактуу келип, бир аз кооптонууну алып келет сезимге.

— Этектеги жайгашкан тетиги там шектүү,— деп жанымдагыларга шыбырай сүйлөдүм.

Бир аз тынымдан соң он аскери менен Маткалыков Рахманжанды күн батыштагы үйгө, он аскери менен Үсөнов Тажибайды орто чендеги үйгө, ал эми калган алты аскер менен Филонец экөөбүз төмөнкү атканага окшогон үйгө барууну чечтик. Жакындай бергенибизде жанагы үй чынында эле эскилиги жетип, аткана болуп калгандыгын көрдүк. Атканынын ичинде он-он беш чакты ат ээр-токумдары менен турат. Солуктап аябай тер болгон. Кыязы жакын арада эле мында келип токтогондой түрлөрү бар. А бирок ат ээлери жакын арада жоктой. Караандары көзгө чалдыкпайт. Кулак кескен жымжырттык өкүм сүрүп, аптап күчүнөн айлана сур тартып сүрдүү мелтирейт.

Аңгыча төмөн тараптан мылтык үнү жаңырды. Теребел жаңырыктап барып токтоду. Ага удаа экинчи-үчүнчү жолу атылды. Артыбызда келе жаткан бир жоокерибиз жата калганга үлгүрбөй калып, жарадар болду. Анын жанына сойлоп жетип барып, атканынын ичине алып кирип кеттик.

Атышуу болсо күчөгөндөн күчөп барат. Жан-жагыбызга чуулдап октор учуп, айлана заматта ызы-чуу, тарса-турска толуп чыкты. Ылдый тараптан ээсинен ажыраган бир чоочун ат атканаы жандай салып жогору кетти. 300 метрдей алысыраак жерде ок тийип ГПУнун начальниги жыгылды. Беш аскерди бир граната, куралдары менен жөнөтүүгө туура келди. Бирок мөндүрдөй жааган октон алга жылуу коркунучтуу эле. Боортоктоп жылып алдын көздөй баратам. Басмачылар тегеле ок үзбөй атууда. Ок чыккан жер көзгө далда жер экен. Мерчемдүү жерге келип, гранатаны алар тарапка ыргыттым.

Катуу жарылуу теребелди солк эттирип, саамга айлана тына түштү. Коюу түтүндөн эч нерсе көрүнбөйт. Мен ушул жерден коомайлана туруп:

— Каршылык көрсөтпөй багынып бергиле! Силер курчоого алынгансыңар. Өз эркиңер менен курал-жарагыңарды таштасаңар эске алынат!» — деп кыйкырып даяр турам.



Бир азга теребел кайрадан жымжырт боло түшүп, алар тараптан кобур угулду. Аңгыча колун көтөрүп чыгып келе жаткан бир басмачынын карааны көрүндү. Артынан дагы бири, экиси, үчү.. Ошентип он бир басмачы ачыкка колдорун көтөрүп чыга келишти. Эшен олбурлуу келген кең далылуу ноочa адам экен. Жылтыраган эле эки көзү калып, бети-башын бүт түк баскан. Тагынган маузери бар. Бул жерге азык-түлүк, курал-жарак алуу үчүн келишкен экен. Ошентип, он бештей басмачы өлүп, он жигити менен Абдыганы эшен колго түштү. Түрү суук немени жөн койсок балдар майып кылып койгудай. Анткен менен закон деген закон. Бул мыкаачыны эл алдында, эл сотуна, акыл сотуна тапшыруу керек эле. Биздин жигиттердин экөө каза болду, эки-үчү жеңил жараат алышты.

Майлы-Сайдын үстүндөгү Көк-Сөөк белине чыгып, ал аркылуу Көк-Ташка ашып түштүк.

Буудай орук кез. Айлана үп тартып, желп эткен жел жок. Ууртам суу көздөн учуп, минген аттарыбыздын таноолору дердеңдейт. Кечки саат он бирлерде өзбек туугандардын саябан арабасына эки жоокердин сөөгүн салып алып Бүргөндүгө кирип келдик. Көк-Таштан «Филонец каза болду, Абдыганы эшен колго түштү. Баш кесерлеринин жарымы өлүп, жарымы колго түшүп беришти» деп районго кат жазгам.

## «АК-КОРГОН» ОПЕРАЦИЯСЫ

Майлы-Сай, Көпүрө-Башы, Сере, Кыз-Коргондогу үңкүрлөрдө жашынып жашап, жергиликтүү калкка бүлүк салып, Совет бийлигине каршы үгүт иштерин жүргүзүшкөн Пааз, Акылбек, Акмат мергендер башчылык кылган отуздан ашуун басмачылардын тобун

колго түшүрүү үчүн Көпүрө-Башыда эки-үч күн даярдык көрүү пландаштырылды.

Март айынын башталышы. Мезгил жазга таяп калганы менен али ой-тоону калың кар каптап жатат. Улуу кар аз келгенсип бети-колду чымчыган аяз ичтен өткөн караандай суук шамалды коштоп жүрөт. Майлы-Сайдан Сереге чейин 120—130 чакырымдай аралык бар. Отряддын жоокери үчүн бир күнгө үч нан, бир кадак эт, аттарыбызга болсо бир боодон чөп берилет. Буттарыбызда карда жеңил жүрүү үчүн жапкак[1]. Отрядымда отуз жоокер бар. ГПУнун начальниги Сапар Рахимов менен кеңешип, алды жакка Рахманжан Маткалыковдун жол башчылыгында он беш аскерди чалгынга жөнөттүм. Рахманжандын чалгындоо отряды Сереге (Кыя-Көлгө) бир суткадан ашык убакта жетип барышмак.

Сереге чалгындоо отряд жакындап калган кезде басмачылар алыстан көрүнүп, алардын жолуна карагай-арчалардан баш паана кылышып буктурма коюлат. Улуу карда чарчап-чаалыгып, ары ач, суукка кайгып келе жаткан Рахманжандын отрядын басмачылар ок менен тосуп алышат. Жер шартын мыкты билген алар ачыкка чыга коюшпай окту мөндүрдөй төгүшөт. Атышуу узакка созулуп, аскерлердин бири окко учуп, жарадар болгондору да болот. Өздөрүн тамак-аш, аттарына чөп жок экинчи күн дегенде мажбур түрдө кайра артка кайтышат.

Рахманжандар келгенден кийин биз алдын ала даярдалган план боюнча Рахманжандын отрядын алып, Сереге карай Майлы-Сайдан кайра жүрүш баштадык. Аттардын таноосунан ак туман буркурап, бут алдында кар кычырайт. Ага карабастан Ок-Салар да-

[1] *Жапкак* — калың карда бутка байлап алуучу тегерек буюм.



ванын ашып, Ой-Жаңгак, Көк-Жайыктан ары Көк-Тумшукка чейин келдик. Күндүзгү саат үчтөр эле. Күтүлбөгөн жерден көчкү жүрдү. Кар тозоңун учуруп, жүрөк үшүтө шуулдап өткөн көчкү бир оокумга барып токтоду. Отряддын алды көчкүдөн араң өтүп кетүүгө үлгүрүп, артта келе жаткан Суванов Казак, Тажиматов Бакир, Омошевдерди көчкү басып, кылыч менен кар шилеп араң дегенде көчкүдөн сууруп алдык.

Жол жүрүү барган сайын татаалдашып жатты. Анын үстүнө теребелдин баары бийик, жалама тоолор менен курчалып, калың карда алга жылуу кыйынды. Эмелеки сааттагы жүргөн көчкүнүн гүүлдөгү, каардуу доошу кулагыбыздан кетпей жаңырып, өтө этият, сак баратабыз. Мындай бийик жалама тик тоодо катуураак сүйлөсөң да көчкүнүн жүрүшү эч кеп эмес. Анын үстүнө отряддагылар да чарчаган. Аттар биринин артынан бири араң кыбырап илкийт. Ышкырган суук шамалга алардын да кайыккандай түрү бар. Кантсе да алды жактагы көчкү жүрө турган шектүү жерлерди тазалап алып, анан жол жүрүүдөн башка арга калган жок. Ансыз жол кооптуу эле. Бул оюмду ГПУнун начальниги Рахимов Сапарга билдирдим. Ал да өз ичинен ойлонуп келе жатканбы айтор бул сунушума кубанып да кетти. Беш жоокерге иретти менен бештен ок аттырдым, алдыдагы көчкү жүрүүгө оңтойлуу борчуктарды көздөтүп.

Мылтыктын үнүнөн улам алды жагыбыздан кар тозоңун учуруп, жүрөк үшүтө жапан шуулдак менен дагы көчкү жүрдү. О бир убакка чейин теребел дүңгүрөп, туман басып анан барып көчкү токтоду. Алда нени сезгендей кулактарын тикчийтип аттарыбыз тыбырайт.

— Ура-а-а! Жол тазаланды! — деп кубанды аскерлердин бир даары.

— Эми жолубуз шыдыр болот! Акылыңа баракел-

де, Эргеш! Баштатан эле ушинтпей! — деп мени мактай кетишти дагы бирөөлөрү.

Айткандай эле тазаланган жол менен жүрүү мурдагыга караганда алда канча оңой болду. Түнкү саат бирлерге чейин токтобостон шыдыр жүрүп олтуруп, Арчалуу-Токойго жеттик. Асмандагы жаркыраган жылдыздар суук күчүнөн өтө эле жаркырак болуп, дал төбөбүздө турат. Ушул жерде азыраак тыныгып алууну чечтик. Анын үстүнө алды жакты чалгындоо да зарыл эле. Кайдадыр алыстан үзүп-үзүп улуган карышкырдын үнү угулат.

...Таңкы үрүл-бараңда отряд кайрадан жолго чыкты. Тээ маңдайда аскага илинип, тоо артына жашынганы батып бараткан туптунук ай турат. Кудум ороктой болуп көргөн көздүн сугун алып, толукшуган сулуу кыздын бетиндей жамалы ачылып. Түнү бою соккон шамалгаката түшкөн карда жапкак менен жүрүү мурдагыга караганда кыйын эле. Өйдөлөп чыгып алган жоокерлер ылдый сыйгаланышат. Жетелеген аттар төрт аягына таканч берип тура алышпай төмөн ала салып, кээ бир жерлерде үстүбүздөгү тондорду карга жаба салып жатып, Серегe жакындадык.

Басмачылар биздин жолго койгон буктурмадан ок чыгарышып, атышуу башталды. Күтүлбөгөн жерден тынчтык бузулуп, теребел кайрадан ызы-чууга толуп чыкты. Ажал издеген ок эки тараптан шуулдап учуп, кечке чейин оор кармашуу өкүм сүрдү. Айлананы боз кыроо чалып, коюу иңир каптап, туман түштү. Үч кадам аралыктагы адамдын караанын көзгө илинбей калды. Атышуу токтолду. Учурдан пайдаланып, басмачылардын турган жеринен үч тараптан курчоого алууга шашылдык. Кечки саат алтыларда чоң үңкүргө жеттик. Басмачылардын түндүк жагы бош калган эле. Алар мына ошол бош калган жак менен Айры-Таш даванын ашып Кара-Көл селосуна карай кетишиптир. Жер төлөдөн аларды таппай койдук.



Басмачылардын кеткен изи менен жүрүп олтуруп Айры-Таш даванына жеттик. Даван бийик эле. Калың кар, көк муз... Минген аттарыбыздан түшүп жетелеп, музга тондорубузду жаба-жаба салып жатып, улам артка сыйгаланган аттарды жылоолоп олтуруп араң дегенде даван ашып, белге да чыктык. Буга чейин басмачылар Кара-Көл селосунун күн батыш тарабында болушуп, оокаттанып, тыныгып алышкан соң Чаар-Арча деген калың капчыгайды өрдөп чыгып кетишкен экен.

Селодогу активдер, жергиликтүү калк топтолуп турушуптур. Селолук Советтин секретары Бекташ аттуу орто курактагы ачык-айрым жигит бизди тамактандырып, аттарга жем-чөп бердирип, басмачылардын кайсы тарапка кеткендигин айтып берди. Анын сөздөрүн көптү көргөн айыл аксакалдары да ырасташты.

Эртеси эртелеп басмачылардын изи менен Арчалуу-Тоо аркылуу Кең-Кол менен түштүккө карай кетүүгө туура келди. Эки суткага чейин токтобостон жол жүрдүк. Кара-Көлдөн ала чыккан азык-оокаттарыбыз да түгөндү. Жолдо жолуга калган анча-мынча жапайы жандыктарды атып жейли дейбиз, ага да болбойт. Анткени басмачылар мылтык үнүн угуп калышы мүмкүн. Күн ачык болуп, суук кезде кураайдын сынганы бир канча алыстыкка чейин угулат эмеспи. Мындайды буга чейинки турмуштук тажрыйбабыздан улам көп байкаганбыз. «Эки суткага чейин токтолбостон жол жүрдүк! Тыныгалы!» — деп эч ким ооз ачпады. Ошентип үчүнчү күнү кечке маал биз болжолдогон Ак-Коргон деген жерге келип жеттик. Айлана тынч... Алдыда чалгынчылар бара жатышат. Кең-Кол дайрасы менен Ак-Коргон дайрасынын кошулушунда буктурмага туш келгендей болдук. Айткандай эле көп өтпөй мылтык атылып, алдыдагы чалгынчыбыз Акылбеков Акматкул окко учту. Алдыда төрт адам. Ок жамгырдай төгүп турду. Батыркулов Кадыркул, Отун-

чиев Бекташ, Султанов Рахманкулдар жарадар болушту. Ортодо камалып калдык...

Эки аскерге удаа көпүрөдөн өттүм. Көз байланып калган. Бир саатка жакын катуу кармаш болду. Үч басмачы колго түштү. Бирөө жарадар. Калгандары качып кетүүгө үлгүрүштү.

Эртеси Арстанбаптын Саз деген жеринен кууп жеттик. Эки саат катуу, айыгышкан атышуу жүрдү. Эки басмачы өлүп, көп жарадарлары менен калгандары дагы из жашырып кетти. Кызыл-Үңкүрдө азыраак тыныгып, Базар-Коргонго келдик. Кийин Арстанбаптын Карарт, Кызыл-Алма деген жерлеринде атышуулар болуп, басмачылар дагы жер шартын жакшы билгендиктеринен көз жазгырып карматпай кетишти.

Апрель айынын башы эле, этектерге жаз өз бийлигин жүргүзүп, теребел жашыл тартып калганына карабай тоо арасы али ала шалбырт, ала-телек кар жатат ар-ар жерде. Мына ушул маалда Туюк-Жар деген жерден басмачыларды табууга беш кызыл аскерге 15 кызыл келтек[1] кошуп жөнөткөн чалгынчыларыбыз дайынсыз жоголду.

Жергиликтүү калктан сурап, алар жөнүндө алгылыктуу кабар ала албадык. Жалгыз шек кылганыбыз «кызыл кулак» деп аталган Закир деген адамда калды. Ал басмачыларга да, бизге да аралашып жүргөн шектүү жан эле. Аны суракка алганыбызда: «Туюк-Жарга кирип көргүлө!» дегенден башка эч нерсе айтпады.

Ошентип менин эки солдатым, Жалал-Абаддан Агеевдин беш жоокери болуп сегизибиз Туюк-Жарга кирдик. Бугуп жаткан басмачылар ок төгүштү. Байкоостон атылган ок бардыгыбызды сестентти. Аралык чукул эле. Окко учуу кеп эмес. Мындайда кетирген

[1] *Кызыл келтек* — Өз ыктыяры менен отрядка кошулган жергиликтүү адамдар.



кылдай олдоксондук өмүрүң менен коштоштурары шексиз эле. Каптал жагымдагы акырдай аңчага аттан боюмду урдум. Алдыдагы он кызыл келтек окко чалынбады. Бирок артка качып беришти. Ок учуп жатат. Жакын инилеримен болгон Садыкты ГПУга жөнөттүм. Бул учурда Агеев да мөндүрдөй төгүлгөн октон баш калкалап, артка чегинген экен. Ортодо жалгыз калдым. Аңгыча башымдагы тумагым учуп түшүп, моюн ылдый жылуу нерсе жылжыгансып кетти. Колум менен сыйпалап көрсөм ок чырчып өткөн экен. Анчейин коркунучтуу эч нерсе жоктой сезилди. Башымды таңа сала, аяр турам.

Мына ушул жерде мен «Ат — адамдын канаты» деген накыл сөзгө ынанып, анын калетсиз айтылган сөз экендигине, төгүн жерден укумдан-тукумга насаат, макал болуп калбагандыгына көзүм жетти. Душман аткан октун канчалык чуулдап учуп жаткандыгына карабастан мен минген ат жанымдан алыс кетпей койду. Таш ыргытып көрөм, ок тийип калбасын деп. Жоок, кетер түрү жок. Ишараат кылып кет дегендей кылам, буга деле болбойт. Жаныбарым окуранып эле имерчиктейт. Ары далдага айдап жиберүүгө мүмкүндүк кайда дейсиң. Ордумдан турсам эле жанагы учуп кеткен тебетейимдин кейпин кийип калгыдаймын. А жаныбар ат болсо мени айланчыктап тегеренет да турат. Аңгыча ага ок жаңылды. Жаныбарым, аска жаңырта бир кишинеп алып, мага жакын эле аралыктагы жерге жыгылды. Көзүнөн мончоктоп куюлган жашты адам баласы тиктеп болобу? «Жардам эт, бул эмне кылганың! Дайыма жанында бирге болучу элем го! Тиги турган тоо-таштын тегеренгени неси? Мобул аккан кыпкызыл оргуштап жаткан нерсе не? Келбейсиңби жаныма?» дегендей аянычтуу көз карашычы. Ушул учурдагы ал аттын аянычтуу көз карашы али да күнү бүгүнкүдөй элестеп турат. Ошол аттын көзүн тиктеп чыдай албай кетип, жакында эле кайсы бир

акындын «Тарт, аттын көзүн!» деген ырын окуп алып, «Бу жазуучу дегениңерге шек жок экен! Аттын көзүн тим эле укмуш жазыптыр» деп таңдангам.

Бул атты баягы Абдраим паңсатты кармаганда мага сыйлыкка беришти эле. Ошо Абдраим паңсаттын аты болчу. Жакшылап бактырып, табына келгенде жакында эле минип чыкканмын. Кыска убактын ичинде ат мага үйүр алып кеткен болучу. Каны таза, алыс чапса арыбас, анык тулпар аттан эле. Аңгыча атка экинчи ирет ок жаңылды. Аны көрүп туруп чыдап тура албадым. Караңгы үңкүрдү көздөй тынымсыз ок ача бердим. Же алардын караанын көрүнбөйт. Октор чуулдап алар тараптан да учууда. Ошентип мен жашынган кичине чуңкурча мага түзүк эле калканч болду. Ок тийдире койгон жок. Мына ушул кезде мен:

— Ботобаев, аскерлериң менен тигил тарабынан өт. Рахман сен оң жактан курча! Булар эми качып кутулбайт. Арт жактан Жумагулов аскерлери менен келе жатат! Багынгыла, канкорлор!—деп кыйкырдым.

Саамга тыным боло түшүп, кайрадан ок жаңырды. Мен неси болсо да басмачылардын бул кыйкырыкка ушу түшө баштагандыгын билдим. Үнүмдүн барынча, бирок токтоо, өктөм үн менен дагы кыйкырдым:

— Багынгыла, канкорлор! Силердин күнүңөр бүттү! Өз ыктыярыңар менен колго түшсөңөр эске алабыз! Болбосо үңкүрүңөр менен жардырып жиберип, дейди октон учту деп кете беребиз!

Бул жолу да саамга тыным боло түшүп, этек жактан үн чыкты. Мен ого бетер кыйкырып, ага удаа ок чыгардым. Ошентип, Акылбек кор башы, Акмат мерген, Паяз басмачылар кача албай алдастай түшүп, Туюк-Жардагы мыктылап жашынган үңкүрдөн чыга беришти. Аңгыча арттан эки жигит, Агеевдер жете келишти. Түндүк жактан Рахманжан сегиз адамы менен кирип келди. Тайгак-Таштан арык ачкан басмачылардын үчөө окко учуп, үчөөнү тирүүлөй кармап



келдик. Ат болсо жан далбас кылып жатып, жардан ары кулап кетти. Садык болсо баатырларчасынан курман болду.

Эртеси күнү колго түшкөн басмачыларды айдап, райондун борборуна түшүп келдик...

«Ак-Коргон» операциясы ушинтип жеңиштүү аяктаган.

## ҮЧ ҮҢКҮРДӨ КҮЙГӨН ОТ...

Акыркы күндөрдө Ноокаттан Кебекбаев деген басмачы чыкты. Ал алгачкы кездерде кандайдыр айлаамал менен Совет өкмөтүнүн активдеринин, калктын ишенимине кирип, адегенде колхоздун төрагасы, кийинчерээк мугалим болуп иштептир. Жардамчысы Дооран деген баш кесер, бардыгы отуздай басмачы экен.

Фрунзеден Кыргыз ССРинин Мамлекеттик коопсуздук министри Павлов Ошко келип, Кебекбаевдин баш кесерлерин жок кылуунун планы түзүлүп, бул ишти жүзөгө ашыруу мага тапшырылды. Бул түзүлгөн план тууралуу:

— Жолдош министр, бул план шашылыштан так болбой калган. Жер шартына жараша оңдоп түзүүгө мажбурмун! — дедим.

— Туура, туура! Ал жерде кырдаалга жараша аракет кылууга сиздин акыңыз бар, жолдош Алиев. Ал жагын бара көрөсүз,— деп калды Павлов. — Бул жагы сиздин өзүңүзгө байланыштуу. Негизгиси белгиленген пландагы иш турмушка ашса болгону.

ОГПУнун начальниги, «Бул эмне дегениң. Чыга бербейсиңби?» дегенсип мага ишаарат берип калды. Ал эми Павлов болсо менин айткан сөзүмдүн негизинде чындыктын үлүшү бардыгын, түзүлгөн план шарттуу экендигин, аны кырдаалга жараша өзгөртүүгө

укугум бар экендигин дагы бир ирет айтып, узатып койду.

Планда көрсөтүлгөндөй бир взвод Гүлчөдөн (Алай району) алынып келинген чек арачылар, Үч-Коргондон Козубай Шамсутдиновдун отряды жана менин отрядым — баары менин карамагыма берилди. Кебекбаевдин жигиттери экспедициянын үч адамын, Кичи-Алайга магазин алып барып сатып, акча тапшырганы келе жаткан сатуучу аялды мыкаачылык менен өлтүрүшкөндүктөрү жөнүндөгү кабар да бизге келип жетти.

Ноокаттын Шалкылдак деген жеринде ОГПУнун убакили Романов болуп чогуу кетип бара жатканыбызда алдыбыздан басмачы бандасынын бизге койгон буктурмасына туш келдик. Атышуу башталды. Мындайда командир бийик, ыңгайлуу жайды ээлөөгө тырышат эмеспи. Мен да ушул ойдо улам алдыга умтулам. Жан жагымдагы куурай, төө тикендин суу сөңгөгүн чарпып сындырып октор учат. Оңдой берип, саамдан кийин атышуу сээлдеди. Матназаров Сабыр, анын артында үч адам мага куйрук улаш келе жатат. Мен алардан жыйырма кадамдай алга узап кеттим. Улам-улам ок чыгарып, өйдөлөп бараткам мын. Алды жагымдагы маңдайчада бир түп чоң арча турган эле. Аңгыча артымдан Матназаров:

— Эргеш, алдыңы кара! Сак бол! — деп кыйкырып калды. Көрсө арчанын далдаасында турган басмачыларды ал байкап калган экен. Ок ачып, мүмкүн болушунча мени калкалоого аракет кылып жатышат. Бирок мен абдан эле чукул барып калган экенмин. Артка кайтууга да мүмкүн эмес эле. Басмачылар ок атып эле тим болушпастан чоң-чоң таштарды бизди көздөй биринин артынан бирин кулатып киришти. Көзүң жамандыкты көрбөсүн. Аңкилдек аткан үкөктөй-үкөктөй таштар жан-жагыбыздан, үстүбүздөн зуулдап учуп жатты. Айлана будуң-чаң түштү да калды. Аз жерден сокудай таштын алдында калбадым. Далдаланууга аргасыз болдук. Төмөн кулаган таштардан этекте калган аттарыбыз үркүп кача баштады. Аскерлерден таштын чарпындысы тийип жеңил жараат алгандары да бар. Капчыгай ичи гүүлдөккө толуп-ташып, жаңырыктап жатып калды.

Күүгүм кеч... Көз байланып, теребел тынчып калган кезде артыбызга кайттык. Басмачыларды болсо качырып жибердик. Улам өйдөлөп таш кулатып олтурушуп, көз жазгырып кетишти алар. Ноокатты көздөй жол тартып, андан ары Кум-Белге карай багыт алдык. Биз өтүүгө болжоп келген даван көк жылгаяк муз болуп чыкты. Эртең мененден кеч бешимге чейинки убакыт ичинде не деген кыйынчылыкты, не түйшүктү көрүп жатып давандан араң өттүк. Маңдайдагы белге чыкканыбызда Чөгөмдөгү таш үйлөр көрүндү. Үйлөрдүн айланасынан кыбыр эткен жан көрүнбөйт. Ээлери эбак таштап кетиптир. О бир чай кайнамда гана четки үйдүн эшиги ачылып, корооо бир кемпир менен орто жашап калган адам чыкты. Кемпирдин жанындагы киши анын чоң уулу болуп чыкты. Аты Мырза экен. Экинчи уулу бул аймакта жок экен. Кемпир басмачылар чыгып-түшүп жүргөн жерлерди билем деди. Кемпирди өзүбүз менен кошо алып алдык, жол көрсөтүп бериңиз деп. Кеч болуп кеткендиктен Чөгөмдө түнөп калдык.

Түн... Карарып салаңдаган аскалар ичине сыр катып шектүү да, сүрдүү да. Алыстан-алыстан аянычтуу үн менен ит улуп, төмөндө ээлтеден кайталап келген күүсүн чалып, дайра күңгүрөнөт.

Күзөткө тың жигиттерден коюлду. Калгандарыбыз оокаттанып, эс алганча өз ара маектешип бүгүнкү күнү кабылган абалыбыз жагдайында кобурайбыз. Кемпир өзүнүн билгендерин жашырбай ачык айтып берди. Анын экинчи баласын да келип-кетип жүрүп Кебекбай басмачы өзү менен кошо алып кеткенин көзүнө жаш алып жатып баян этти. «Зордуктап, коркутуп

жатып алып кетти» — деди. Кемпирдин айтуусуна караганда биз түнөп калган Чөгөмдөн жогору даван ашып нары барганда үч үңкүр бар имиш. Басмачылар мына ошол үч үңкүрдүн эң төркүсүндө — үчүнчүсүндө болууга тийиш.

«Жашы улгайып калган неме эртеге жол көрсөткөндө кыйналып жүрбөсүн» — деп кемпирге жай салып бердик. Жоокерлер болсо мени курчап алып: «Кызыктуу бир нерсе айтып берсеңиз?» — деп туруп алышты. Мен аларга эл арасында жүрүп, адал эмгек кылып, маанилүү маалыматтарды бизге билдирип турган адам жөнүндө баяндап бердим. ...Таң заардан алдын ала түзүлгөн план боюнча Ноокаттан кошулган командир он беш жоокери менен жылганы өрдөп, Гүлчөдөн келген чек арачылар Гүлчө тарапты тосуп туруу үчүн жөнөп кетишти. Мен эки аскерим менен кырдын үстү менен биринчи үңкүргө эртең менен саат алтыларда келип жеттим. Үңкүрдүн тегерегинде союлган аттардын эттери кардын үстүндө үйүлүп жатат. Аттардын жал-куйругун кыркып эки кыл аркан жасашыптыр. Үңкүрдө мындан башка эки кап ун, эки кап күрүч, идиш-аяктар калып кетиптир.

Экинчи үңкүрдө эч нерсе жок болуп чыкты. Өйдө-ылдый өтүп баратышып гана тыныга калышпаса, бул жерге түнөшкөн эместей. Түш оой кемпир айткан үчүнчү үңкүргө жакындадык. Басмачылар ушул үңкүрдө болууга тийиш эле. Этекте калган адамдарыбыз келе жатышат. Айланабыз бел курчоодон кар. Же алга, же артка жылуу кыйын. Аз эле жаңылсаң аскадан учуп карга-кузгунга жем болушуң кеп эмес. Ал эми бир орунда жылбай туруу тоңуп өлүү дегендин өзү эле. Бети-колду каарып муздак шамал ышкырат. Маңдай жакта бир түп чоң арча туруптур. Ага жетүү өтө эле кыйындай. Арчанын ары тарабы күңгөй бет келип, кары жок экен. Ошол тарап менен үчүнчү үңкүргө өтүү оңой көрүндү.



Бети-колум муздап бүтүп, каруум качып барат, кудум сенек болгондой болуп. Манжаларым утуру кар жамынган куурай-карагандарды кармалап жатып калбайып шишип чыккан. Мына ушул кезде жарадар болгондорго керек деп ала жүргөн жаныбыздагы спирт эсиме түштү. Артымдагы жоокерден ал спиртти алдырып, бети-колумду сүрттүм, буттарыма шыбадым. Жылаң аяк боортоктоп арчаны көздөй баратам. Өтүк менен сыйгаланып жатканга караганда жылаң аяк бир кыйла ыңгайлуудай сезилди. Акыры арчага жеттим. Чоң түп арча экен. Арканды арчага арчындай байлап, ал аркан аркылуу ачыкка чыгып кеттим. Артымда тигил экөө келе жатат.

Биз ачык кургак беткейге чыгып буттарыбызды кийип, үңкүргө жакындай бергенибизде үңкүрдөн ок жаңырды. Кайрадан атышуу башталды. Оңтойлуу жерге туруп алышып, жылкынын этине тойгон зөөкүрлөр аянбай ок атышты бизге. Аңгыча биздин калган шериктерибиз башка жол менен келип калышты. Капысынан ок тийип, Ноокат военкому каза болду. Паиз аке катуу жарадар. Бирок канткен менен да аларды курчап калдык. Оңой менен үңкүрдөн чыга турган түрлөрү жок. Кырк минутка жакын алар менен кыйкырышып сүйлөштүм. Өз ыктыярлары менен багынышып берүүгө мажбур эттим. Алардын эч кайда чыга алышпастыгын, курчоодо тургандыгын эскерттим. Ошентип Кебекбай башында турган он төрт басмачы үңкүрдөн кол көтөрүп чыга келишти.

Куралсыздандырып, колдорун аркан менен байлап, артка кайттык.

Үңкүрдүн оозунан чала өчүрүлгөн чычалалардын түтүнү таза, муздак абада обого созолонуп көтөрүлүп жатты.

## АКТАЛГАН ИШЕНИМ.

Окурманым, баянымдын баш жагында, 1927-жылдан баштап Советтик Армиянын катарында жүрүп, Кара-Кумдун ысык чөлдөрүндө өткөрүлгөн ири маневрларга-жүрүштөргө кагыштым, чек ара зоналарында болдум деп учкай айтып, ошол учурларга кийинчерээк кеңири токтолом дегеним эсиңдедир. Мен азыр ошол сөзүмдө туруп, кеп учугун улаганы олтурам.

Мына ошол демди бууп, үлп эткен жели жок аптаптуу август айында Ош областынын Ленин районунан өз ыктыярым менен Кызыл Армиянын катарында кызмат кылууга жөнөп кеттим...

Фрунзе шаарында легендарлуу Кыргыз кавалериялык дивизионунда кызмат кылып жүргөнүмө эки жыл аяк басып, аскердик турмушка бышып, кадыресе такшалып калганбыз.

Күндөрдүн биринде дивизиондогуларга: «Түркмөнстандын Кара-Кум чөлдөрүндө союздук мааниге ээ болгон чоң аскердик маневр өтөт экен. Буга Орто Азия боюнча аскердик гарнизондор, Россия Федерациясынан көптөгөн атчандар дивизионунун жоокерлери менен бир катарда Кыргыз атчандар дивизионунун жоокерлери да катышат экен»,— деген сөз тарап калды. Бул сөздү угуп ушул чоң машыгууга катышсак дегенде эки көзүбүз төрт. Арабыздан кимдиндир бирөөлөрдүн, «Ай, ким билет?! Жөн салды эле айтыла калган сөз го дейм» деген сөздөрү тарап, айтор бардыгыбыз алдыда болуучу бир чоң окуяны күтүүдөбүз. Деген менен бул каңшаардын теги бар экен. Жөн жеринен эле айтылган эмес экен.

Фрунзе шаарында ошол чоң сыноого жөнөр алдында коомчулуктун алдында музыка коштогон атайын салтанат болду. Анда Кыргыз АССРинин Борбордук комитетинин төрагасы Абдыкадыр Орозбеков өзү катышып, биздин алдыбызда турган зор милдет жоопкерчилик жөнүндө чыгып сүйлөдү. Абдыкадыр Орозбеков аксакалдын Түштүк Кыргызстанда Совет бийлиги үчүн көрсөткөн эрдиктери ошол кезде эл ичине легенда болуп тарап кеткен эле. Кыргыз атчандар дивизионунун жоокерлери анын ар бир сөзүн кунт коюу менен өтө шыктанып уктук. Ушул жерде ал тууралуу азыноолак токтоло кетүү да оңтойлуу болгону турат.

Абдыкадыр Орозбеков жаштайынан Октябрь революциясын жактоо менен бирге өз айлынын айланасындагы сабатсыз карапайым дыйкандарга жаңы заман жөнүндө үгүт-насаат иштерин жүргүзүп келген. Ошол учурда өлкөгө нефть нан менен бирдей эле керек болгондугу түшүнүктүү. Ошон үчүн ал нефть өндүрүлүп жаткан Чемионго ревкомдун төр агасы кылып жөнөтүлөт. Өзүнүн уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн көрсөтүп, нефть өндүрүүчү бузулган ишканаларды калыбына келтирүүдө, аларды басмачылардын чабуулунан коргоодо жана ошентип революцияга эң керек болгон нефть менен камсыз кылууда өзүнүн зор эмгегин сиңирди. Ошондуктан Абдыкадыр Орозбеков Октябрь революциясынын жети жылдыгында анын сиңирген эмгеги жогору бааланып, Түркстан республикасынын Алтын белгиси сыйлыгына татыктуу болгон.

Басмачылар менен күрөш жүргүзүү боюнча атайын өкмөттүк комиссия түзүлүп, ага Абдыкадыр Орозбеков башчылык кылган. Алар басмачыларды биротоло жоюу боюнча иш чараларын жүргүзүшкөн, атайын ыктыярдуу элдик кошундарды түзүшкөн, элдик бийликти чыңдашкан, мамлекеттик мүлктү сактап калуу боюнча зор иштерди жүргүзүшкөн. Басмачылыкка каршы активдүү күрөшүп, партиянын багытын туура жүргүзгөндүгү үчүн 1932-жылы Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган.

Отузунчу жылдарда бардык эле жерде кургакчы-

лык болуп, эгин-тегиндер күйүп кетип, жер-жерлерде ачарчылык өкүм сүрүп турган. Адамдар бир сындырым нанга зар болуп, жаш балдар өлүмгө учурап жаткан. Мына ошол элди куткарып калуу боюнча Кыргызстандын аксакалынын сиңирген эмгеги зор болгон.

Ошондогу митингиде айтылган сөздөр кайратыбызга кайрат кошуп, ары бизге коюлган чоң ишенимдин өзү эле алга үндөп, шердентип, ары алдыда болучу сыноодо уятка калбоо намысы менен ар бирибиздин жүрөгүбүз алып учуп жөнөп кеттик.

Адегенде Фрунзе шаарынан поезд менен жүрүп отуруп Ташкенге караштуу Такта-Базар деген жерге жетип токтодук. Мына ушул жерде бир аз тыныгып, аскер өнөрүнө машыгуудан соң чек ара зонасын көздөй — Туркмөнстандын Кушка шаарын көздөй беш алты күн ээн талаа, эрме чөлдө суусуз, эрбейген сөксөөлдөрдөн башка дарак өспөгөн аймактарды аралап атчан басып өтүп, көздөгөн жерибизге келип жеттик.

Кушка чек ара аймагындагы чакан гана шаарча экен. Жаңыдан гана куралып келе жатыптыр. Мына ушул жерде СССР Коргоо Министерствосунун Орто Азия аскердик округунун аскер башчыларынын, командирлеринин катышуусу менен аскердик чоң сыноо — ат секиртүү, кылыч чабуу, мылтык атуу, тачанка-арабада жүрүп бара жатып пулемот атуу боюнча зор мелдештер өткөрүлдү. Өтүлгөн мелдеште кыргыз атчандар дивизионунун жоокерлери өздөрүнүн ыкчамдыгын, шамдагайлыгын, шамал жиреп ат жалында өскөндүгүн, көзгө атар мерген экендиктерин, жалпы эле аскердик машыгууга мыкты камылга, зор даярдыктар менен келгендиктерин дагы бир ирет ырасташып, зор намыс, утук алып беришти. Башкача айтканда ат секиртүүдө биринчиликти, кылыч чабууда болсо экинчи орунду ээлеп, оозго алынышты. Тачанка-арабада жүрүп баратып пулемет атууда болсо кыргыз



жигиттери, айрыкча курсант Токтобаев Нарбай жоокерлер арасындагы биринчи орунга татыктуу болду. Ошондой эле чаап бара жатып атка секирип минүүдө да экинчи орунду колдон чыгарбай намыска ээ болдук. Мелдештин жыйынтыгында салтанат болуп жоокерлер Кадыралиев Казыбек, Качикеев Кадыркул, Маркатаев өңдүүлөрдүн арасында мен да Орто Азия аскер гарнизонунун командованиеси тарабынан баалуу сыйлыктарга ээ болдум.

## ЖОГОЛГОН КУДУКТАР БАЯНЫ

Ошентип, Кушкада он күндөн ашык туруп, Ашхабад шаарын көздөй атчан чоң жүрүш менен сапар алдык.

...Күн өрттөнгөндөй кызарып батат да, кызарып чыгат. Күнү бою жер кезсең баш паанек кылар бир дарагы жок, кум учурган шамал менен кескелдириктин, бархандардын гана мекени болгон уч-кыйырсыз суналган кунарсыз чөл... Асман боз тартып түнөрөт да турат.

Үч катар тизилген атчан аскер кербени сапар улап келебиз. Ат туягынан көтөрүлгөн чаңдан бири-бирибизге жүзүбүз даана көрүнбөйт, тегирменчиден бетер бети башыбыз бопбоз. Улам арылаган сайын абал оорлошуп, ар бирибиздин алыбыз начарлай баштады. Ооз чайкаганга ууртам суу табылсачы. Бул чөлкөмдө кудук аттуудан дарек билинбей, тамчы суу көздөн учат...

Дивизионубуздун командири Трулло мурдагы пехоталык бөлүктүн (жөө аскерлердин) командири болгондуктан атка начар жүрөт экен. Аттарыбызды жетелеп алып түнү жүрөбүз. Картада белгиленген кудуктардын дареги жок. Болбосо бир кудук менен экинчи кудуктун аралыгы 40—60 чакырым гана болууга тийиш эле. Алиге чейин кудук аттуу нерсе кездеше

элек. Аттарыбыз да, өздөрүбүз да чаңкап алдан тая баштадык. Ала жүргөн суубуз эки күн мурун түгөнгөн. Чыпылдап аккан терден кийген гимнастеркаларыбыз сыгып алма суу болуп, бозоруп өңдөн кетип, калдырап катып калган. Кантсе да түнү жол жүрүү күндүзгүгө караганда бир кыйла жеңил болот экен. Күндүзү күн ысып чыкканда бөксөрөөк жерге аттарыбызды кошоктоп тушап коюп, үстүбүзгө гимнастерка, костюмдарыбызды күндөн далдаа кылып жаба салып, тынышкан болобуз. Түнү кайрадан сапар уланат.

Үчүнчү күнү дегенде мына ошондой түнкү жүрүштөн соң кудукка жеттик.

Кызыгы, басмачылар кудукту бекитип кетип жүрүшүптүр. Бул сыр да бизге маалым болуп калды. Амалдарын кара? Көрсө алар кудуктун оозун андамында бир сербейген куу сөксөөлдөрдү жыйып келип жаба салып, шакчанын үстүнөн кийиз менен жаап, кум шилеп салган соң кудуктун дареги да билинбейт экен. Эр болсоң таап көр! Бозоргон гана кумдуу чөл калат артынан.

Кудуктун суусу туздуу келет экен. Алгач жеткен бир нече жоокер суудан шимирип жиберишке үлгүрүп калган болуучу. Аңгыча дивизиябыздын комиссары Мамашев кудукту ороп алгандарга жете келип:

— Жолдош жоокерлер! Суудан иче көрбөңүздөр?! Суу туздуу келет. Анын үстүнө сууну уулантырып коюшу ыктымал. Абайлаңыздар! — деп калды.

Суудан көзү учуп турган жоокерлер четтей беришип, ичүүгө үлгүргөндөрү ыңгайсыз абалда «чынында эле суу уулантырылган болсо канттик?» деген кыязда бири-бирин тиктешет. Ар бирибизде бирден чатырдан тигилген (брезент) чака, элүү-алтымыш метрге жетерлик узундуктагы ичке аркан бар. Суунун ууланбаганы аныкталгандан соң туздуу болсо да эптеп ооз чайкаган болуп, аттарга да азыраак ичирип жөнөп кеттик.



Жолдо баягы мурда жетип суудан тое ичип алган жоокерлердин шаштысы эми чындап кетти. Ич өткөк оорусуна чалдыгышты. Аз эле мезгилдин ичинде арыктап-ташып, жаактары шимирилип, алайган көздөрү эле калды.

Ошентип сапар улана берди. Жолдо катар бекитилип кеткен кудуктарды картага карап таап алабыз. Эки күндө бир аэроплан менен азык-оокат, дары-дармек таштап кетишчү болду. Ташталган таңгактардын арасында суугa сала турган корголдой-корголдой дарылар бар. Аны кудуктан сузуп алган суугa салып жиберсек көбүрүп барып тунуп кетет. Тунгандан соң ичсең тузу жок болуп калат экен. Мына ошондо гана ичебиз. Эми кербендин артында төөгө артып алган таза суубуз бар. Кызыл аскерлердин шайын алып, суусуз калтыруу максатында басмачылар кудукка өлгөн эшектин тарпын таштап кеткен күндөр да болду. Алды жактагы чалгындоого барган чалгынчы жоокерлер күн алыс бир-экиден басмачыны, кээлери онго жакын тил кармап келишет.

Улам арылаган сайын мисте дарактары, караган-тикенектер пайда болуп, алар улам көбөйө баштады. Көрүнгөн жерде төөгө тебелетип жанчылган мисте кабыктарынын калдык топтондулары учурачу болду. Эми бул аймакта мисте дарагы көп кездешип, чөл мурдагыга караганда түгөп бара жаткандай, жеңил сезип бараттык. Ошентсе да мээ кайнаткан ысык өнөктүгүн кое бербейт.

...Күн өрттөнгөндөй кызарып батат да, кызарып чыгат, дагы эле болсо. Күнү бою демди бууган аптап өкүм сүрүп турат. Кийген кийимдерибиз аппак болуп калдайып, тешилип, көбүбүз ооруп, арыктап-азып бир канча күндө Ашхабадка кирип келдик.

## ЭСКАДРОН ЧАТКАЛГА ЖОЛ АЛДЫ...

Эки күндөн соң ысык-суукка бышыккан, тоо шартын жакшы билген кыргыз жоокерлеринен шашылыш түрдө эскадрон түзүлдү. Таза кандуу күлүк аттардан тандап алдык. 110—115тей жоокер поездге түштүк. Аттарыбыз өзүнчө вагондордо кошо келе жатат. Мага командир Шады Жороевдин келишкен аты тийген. Таң алдында Мелви станциясына келип жеттик. Мына ушул жерде Фергана өрөөнүндөгү басмачылардын жүзү каралык менен жасап жаткан иштери жөнүндө уктук. Максат аларды жок кылуу болучу.

Беш күн Фрунзе шаарында тыныккан соң басмачыларга карай жөнөмөй болдук. Бизди узатууга эл көп чогулду. Чоң митинг болуп, салтанаттуу аскер маршынын коштоосунда Ташкенге көздөй поезд менен жөнөп бердик. Андан ары жагына ат менен жол уламак болдук. Барар жерибиз айтылуу жер соорусу, Чаткал, Ала-Бука, Жаңы-Жол тараптар.

Ташкенден ары Ниязбек кыштакчасы аркылуу Чыйырчык дайрасына жеттик. Паром аркылуу аркы өйүзгө өттүк. Дайранын сол жээгинде Чимян курорту жайгашыптыр. Басмачылар мында келишип, курорттун директорун мыкаачылык менен өлтүрүшүп, курорттун кассасынан 20 миң сом акча алып кетишиптир. Ташкенден чакырылган бир рота пехоталык мектептин курсанттары келгенче басмачылар изин жашырууга үлгүрүшөт. Алар Нанай деген жерге келип түнөп, Кыргызстан тарапка ооп кеткен экен.

Эртеси биз да дал ошол Нанай аркылуу Чаткалдын Көк-Суу дайрасын бойлоп жүрүп отуруп Арал деген жерге келип кондук. Туш тарабы бөксө тоолор менен курчалып, чытырман токойлуу келип, түркүн жемиш дарактары, тиш какшаткан мөлтүр булактары көргөн адамдын сугун арттырып, көз жоосун алат. Жайы салкын, кышы жылуу дешет.



Жолдо кездеше калган азып-тозгон басмачылар менен атмылашып, беш-алтоон колго түшүрүп алдык.

Жаңы-Базарга келип, алды жакка чалгынчыларды жибердик. Үч күндөн соң Айры-Таш даванын ашып, Ала-Бука жергесине түштүк. Жолдо басмачылар менен катуу кармашып, көбү из суутуп качып кетишти. Эртеси, «Басмачылар Иринжит тарапка кетиптир» — деген кабар алдык. Жер шартын картага түшүрүп, үч тараптан курчап алуу планын түздүк.

Болжолдуу жерге жеткен соң кырктай жоокери менен взводдун командири Мукашев, кырктай жоокери менен комиссар Кузенбаев болуп түндүк тараптан, экинчи топ Самарканддан келген бир эскадрон үстү жактан, Серов, Эсентаев, Доскеновдор жетектеген отряддар үчүнчү тараптан катуу сокку урууну белгиледик. Жылга менен өрдөп жүрүп баратабыз. Биз мерчемдүү жерге жеткенче Самарканддан келген жоокерлер алыстан ок атып коюшуп, аларды сестентип салышты. Калган эки топтун чукул келип атакага өтүүсүнө, күтүүсүздөн чабуул коюуга ыңгайсыз кырдаал түзүлүп калды. Ага карабастан Мукашев, Досбергеновдордун буйругу боюнча биз чабуулга кирдик. Бир нече саатка созулган кандуу кармашуу өкүм сүрүп, жер шартын жакшы билген басмачылар, алардын башчылары Сталбек, Мадымар, Насылкан төрөлөр из жашырып качып кетишти.

Ошентсе да басмачылар көп жоготууга учурады. Мына ушул кан аккан кармашта кыргыз атчандар дивизионунун курсанттары Кадыралиев, Маркатаев, Качыкеев өңдүүлөр каармандыктарын көрсөтүштү. Ал эми командир Мукашев, комиссар Кузенбаев, курсанттар Эсенбаев, Кадыралиевдер Мекендин ардактуу сыйлыгы болгон Кызыл Жылдыз орденине көрсөтүлдү.

## КОР БАШЫНЫН ИЗИ МЕНЕН...

1930-жылдын апрель айында Базар-Коргон районунун аймагында басмачылар кайрадан баш көтөрүштү. Баатырбек басмачы, Тиллебай кор башы, Арзыкул пансат, Эшмат болуш өңдүү он бештен ашуун эски басмачылар кол курашып, жер айдоого коюлган аттарды уурдап, алгачкы тракторлорду талкалап, жергиликтүү активдерди, партиялык-советтик кызматкерлерди өлтүрүштү. Комсомол ячейкаларынын артынан сая түшүп, адам чыдагыс мыкаачылыктарды жасашты. Комсомолдун Базар-Коргон райкомунун секретары Жылкыбаевди Акман айылында жазгы талаа иштери боюнча уполномочен болуп эгин эктирип, жер айдатып жүргөн жеринен Тиллебай кор башы өзүнүн баш кесерлери менен тирүүлөй «көк бөрү» кылып өлтүрүштү. Айыл чарба жумушуна чыккан кыз-келиндердин абийирин төгүшүп, үрөндүк дандарды тартып алып кетишти.

ОГПУнун кызматкери Болотов Хасан басмачыларды тез аранын ичинде жок кылуу үчүн атайын буйрук алды. Басмачыларды жок кылуу боюнча райондук штабдын командирлигине Чернышев дайындалды. Штаб алдындагы коммунисттер, комсомолдор, жергиликтүү калк тарабынан түзүлгөн чоң отряд үч топко бөлүндү. Биринчи бөлүктүн командирлигине мен, экинчи топко — Үсөнов Тажибай, үчүнчү топко — Маткалыков Рахманжан бекитилди.

Басмачылар менен болгон кармашуу апрель айынан башталып, ноябрга чейин созулду. Кан аккан беттешүүлөр айрыкча тоо-токойлордо, аскалуу зоолордо болуп өттү. Май айында Кызыл-Үңкүр, Жазы-Кечүү, Миң-Теке, Чуңкурчак, июнь айында Зындан, Сагызган-Учпас, июль айында Кара-Алма, Күрөбөс, Арстанбап, Бака-Куруддак, августта Беш-Көпүрө, Ак-Төок, Кара-Март, сентябрь-октябрда Чал-Жайлоо, Чукур, Саз



деп аталган Базар-Коргон, Сузак өрөөндөрүнүн урунттуу-урунттуу жерлеринде жүрдү. Канча адам окко учуп, канчалары жарадар болду.

Бөөдө кан төгүүдөн качып, райондук ГПУ басмачыларды жарашууга чакырды. Эл арасында кадырбаркы, ызат-сыйы бар, элдин ишенимине алынган, кыйын кезеңдерде жол таба билген адамдардан басмачыларга жиберилип, жарашуу боюнча үгүт иштерин жүргүзүштү. Чарчадым, чаалыктым дебестен, керек болсо керт баштарын өлүмгө сайып тоо-таш кезип жан дилдери менен тапшырманы аткарууга жан үрөштү. Мындан сырткары басмачылардын арасында да биз тарап болуп калган дээринде дили таза, ыймандуу, жаңылыштык кылып басмачы атанып калган чалгынчыларыбыз бар. Алар да кор башыларга билдирбестен басмачылар арасында үгүт жүргүзүштү. Совет өкмөтү жарашкандарга кек сактабастан аларга тийиштүү шарттар түзүп беришерин, өз ыктыяры менен келгендиктери эске алынарын айтышты. Мына ошондой чалгынчылардан болуп саналган Дуванаев Мустафакул, Камбаров Авазддар кезегинде бизге чоң жардам көрсөтүшкөн.

Сентябрь айынын акыр чендеринде басмачылар менен жарашуу үчүн үч жер белгиленди. Биринчи жер — Чарбакта, экинчиси — Ачыда, үчүнчүсү — Гава айылында. Үгүт-насаат иштеринин акыбети кайтып, көпчүлүк басмачылар өздөрү келип карап беришти. Адам каны төгүлгөндөн сактап калышты.

Тиллебай корбашы жарашууга келген жок. Жигиттерин кошо ээрчитип, токой кезип кетти.

Райондук ГПУда Филонец өзү (райондук ГПУнун начальниги болучу) Мустафакул менен Авазды чакырттырып, кабыл кылды.

— Ырас, ал өзү жакшылык менен келип жарашкысы келбейт экен, эми өз кылмышын өз мойну менен тартсын! Аны менен башкача сүйлөшөбүз. Силердин

милдетиңер баштагыдай эле алардын кабарын бизге жеткирип туруу! — деди Филонец аларга жылмая карап...

— Кадырыңыз жан болсун! — дешти чалгынчылар экөө тең бир оздон. — Сиздерге ак кызмат кылып берүү неге турарын биз жакшы түшүнөбүз! Жаңы тапшырмаңыздарды күтөбүз?!.

Мына ушундан соң чалгынчылар тарабынан кабар мурдагыдай эле тез-тез келип турду. Бирок Тиллебай элге кайтууну каалабады. Канчалык куугунтук жегендигине карабастан тээ адам жүрбөс аска-зоо, үңкүр-ташты мекендеп, четтей берди. Эки курдай колго түшүрүү үчүн жасаган аракетибиз текке кетип, из жашырып кетти, жигиттери менен.

ГПУнун начальнигинин кабинетинде Мустафакулду дагы кабыл алып, ачык сүйлөшүлдү. Бул сапар Мустафакулга Тиллебайды өлтүрүү буйрулду.

Түн. Райондун борборунан алыс жайгашкан Жазы-Кечүү деген чакан айыл. Көп куугунтук жеген Корбашы Тиллебай дал ушул кыштакка бүгүн кеч келип конгон. Мурдагыдай шапар чегиш кайда. Эптеп карындарын тойгузган соң жигиттерин ошол жерге конууга калтырып, өзү эки уулу, Аскар корбашы менен бирдикте үйгө түнөгөн. Алар менен кошо Тиллебай корбашынын ишеничтүү жигиттери катары саналган Мустафакул менен Аваз да кошо түнөйт. Эки үйдүн аралыгы үч чакырымдай болучу. Бул Тиллебай кор башы кийинки учурларда, «Сактыкка кордук жок»,— деп жигиттерин көрүнө үйдө калтырып, өзү көздөн далда жерге түнөөчү.

Түн жарым кезде кор башылар менен бирге түнөгөн чалгынчылар Мустафакул менен Аваз Тиллебайды канжар менен сайып, берки экөөнү тапанча менен атып өлтүрүшөт. Түнү менен болгон иш боюнча Арстанбап айыл советинин катчысы Тажиматов Бакирге кабар беришет. Алар бизге кабар берип коюшуп, түнү



менен калган басмачыларды колго түшүрүү аракетин көздөшөт. Ошентип ыктыярдуу отряд аларды уктап жаткан жеринен басып, бирок айрымдары качууга үлгүрүп калышат, алардын артынан сая түшүп, басмачылар көп жоготууга учурашат. Айрымдары дагы көз жазгырып кетет. Бирок алардын көбү кайра артка кайтып, багынып беришти.

Ошентип Мустафакул менен Аваз чалгынчы өз милдеттерин так өтөп, туруктуулуктарын, эрдиктерин көргөзүштү. Алар берген маалыматтар менен көптөгөн басмачылар колго түшүрүлүп, куралсыздандырылган. Алар жараштыруу иштери боюнча да бир топ кызмат аткарышкан. Мунун баары эл алкышына татыктуу кылды.

## МАМАЖАН ДЕГЕН КИМ!

1951-жылдын июнунан 1954-жылдын июнуна чейин Ысык-Көл областтык ички иштер башкармасынын начальниги болуп эмгектенип турдум. Мына ошол жылдары, башкача айтканда 1953-жылдын аптаптуу июлунда мен баяндап бергени олтурган окуя өкүм сүрдү.

Пржевальск шаарынын 1-август көчөсүндө бир жесир аял жашап турат. Анын бир уул, бир кызы болот. Кызы бой жетип, турмушка чыгып кеткен. А уулу болсо офицер. Советтик Армиянын катарында Германия Демократиялык Республикасында кызмат кылат. Баласы ал жактан кымбат баалуу буюмдарды, өзүнүн офицердик кийилген кийимдерин жөнөтүп турган. Кызы үзбөй катташып турчу. Бул аял оокаттуу, өзүнчө тың жашоочу. Басса-турса акчаны кенен кармап, бирөөгө көз каранды болгон эмес. Жашап турган короосу да чоң, бак-дарактуу боло турган.

Мына ушул катамал аялдын короосунда кийинки

учуларда Мамажан аттуу узун бойлуу бакыбат жигит квартирант болуп жашап калат. Квартирант дегенчелик кылышып коңшу-колоңдору да анын ким экендигин билүүгө кызыгышпады, териштирген жок. Тек гана бир шаар турмушунда көп кездешкен пжарачы жигиттердин бири катары бул бойдок жигит жашап жүрдү.

Анын үстүнө аялга да анын «кичи пейил» мүнөзү, эшик-эликтеги жумуштарга кирише калган элпек мүнөзү жагып калбаспы? Бир нерседен шексүү мындай турсун ага ичи жылып, ичкен ашына кошо чакырып, бала ордуна бала кылып алчудан бетер оюна жаман эч нерсе албады. Күн өткөн сайын Мамажан бул чөйрөгө байыр алып, аялдын отун, суусун өзү тейлеп, муңдуруп салды.

Күндөр өз нугу менен агыла берди. Мамажан болсо жанагы кемпирдин ишенимине биротоло кирип, өз бала сыяктуу эле болуп калды. Аял ага офицер уулу, турмушка чыккан кызы жөнүндө, алардын тынбай кол кабыш кылып акчалай да, материалдык жактан да тынымсыз кайрылып кол кабыш кылып турушары жөнүндө аңыз кылып айта берди. Анысы аз келгенсип аял колунан көөрү төгүлгөн уз болот. Мына ошондуктан да анын үйүнө кийим-кечек тиктиргени келген-кеткендердин саны көп болот. А адам саны канча көп болсо акча да арбын болорун Мамажан көрүп-билип жүрөт. Аял өзү да кээде «соода-сатык кылып келе калчы» — деп Мамажанга тутам акчаны кармата салып, базар-учарга көп жумшайт. Дал ушул тутам акчалар, аял үйүндөгү кымбат баалуу буюмдар Мамажандын алкын агытып, эски оорусун козгой баштайт.

Жыл айланбай Мамажандын ойлогону жалгыз ошол тутам акчалар менен кымбат баалуу буюмдар, кездемелер болуп калды. Далай ирет өзүнчө кирпик какпай ушундай акчага жетүүгө ойлонбоду беле? Мына ошол тутам акчалар көз алдында турат. Далай



ирет көчөдө кымбат кийимдерди кийинип, өзүн салабаттуу адам катары көрсөткүсү келгени төгүнбү?! Мына ошол кымбат кийимдер аялдын үйүндө тек гана турат! Мындай даяр «аш» оозго түшүп турбас. Дал ушул ойлор, санаалар аны арбады да калды. Анан калса «эски оорусу» ээликтирип туруп алды. Аял менен өзүнүн ортосундагы эне-баладай турпат да, абал да тыйынга турбай калды эми ага.

Күндөрдүн биринде ал өзүнүн арам оюн ишке ашырды. Түнкү саат он экилерге жакындап калган мезгил. Жыла басып Мамажан аял жашоочу бөлмөгө кирди. Анын кирип келе жатканын көргөн аял иштеп жаткан ишин жылдыра коюп, орун көрсөттү жайдары.

— Негедир аба үп тартып турат. Уйкум келбегенинен сиздин иштеп жатканыңызды көрүп кире калганым,— деди Мамажан олтуруп жатып.

— Балким чай коермун? Кардың ач эмеспи? — деп суроо узатты аял энелик мээрим менен.

— Жо-о, жок. Билесизби, мен аябай эле токмун!

— Андай болсо эрмек болуп сүйлөй олтур. А мен мына бул кездемелеримди бычып бүтүп алайын.

Экөө кыйлага чейин божурашып олтурушту. Аялдын оюнда эч нерсе жок, адаттагысындай эле анымуну ачылып сүйлөп берди. Мамажан да көнүмүш адатына салып, эч нерсе билдирген жок. Качан гана түн бир кез болуп, шаар кызуу уйкуга кирген кезде бөлмөсүнө кетмекчи болду. Узатып коюуга ордунан козголгон аял ордунан тура алган жок. Кандайдыр курч нерсе көкүрөк туш сайылып, көзүнөн от учту. Кыйкырууга да дарамети келбеди.

Дал ушул учурду күткөн Мамажан алдын ала түзгөн планы боюнча акчаны, кымбат баалуу буюмдарды чемоданга салып, аялдын өлүгү жаткан бөлмөгө керосин чачып өрт коет да түн катып көздөн кайым болот. Баскан изине болсо короодон узаганга чейин ит из албасын үчүн тамеки махоркасын сээп кетет.

Ички иштер бөлүмүнө кабар келди.

Милициянын жоопту күзөтчүсү, областтык кылмышкерлерди изилдөө бөлүмүнүн кызматкери майор Житник менен подполковник Чолушев Токтогулду окуя болгон жерге оперативдүү группа менен жөнөттүм. Из алуучу ит эч кандай из ала албады. Житник менен Чолушев колу-коңшулары менен байланышып, окуяны изилдеп, шектүү эч нерсе таба алышпайт. Болгону коңшуларынын айтуусу боюнча Мамажан деген өзбек жигит бир жылга жакын мезгилден бери мында жашап жүрөт. Кайдан келгендигин, кайда иштегендигин билбейбиз дегендигин аныкташат. Алар барган мезгилде окуя болуп өткөн жерде Мамажан жок болуп чыгат. Анын үстүнө колу-коңшулары да анын жүрүш-турушу боюнча шектүү эч нерсе айта алышпайт. Ошентсе да алар Мамажанды издеп табышып, аны менен сүйлөшүп көрүшөт. Мамажан актанып:

— Мындай окуя болорун билгенимде эч кайда кетпес элем, анын жанынан. Эне ордуна эне болуп калган болучу,— деп жашылданат.

Тийиштүү көрсөтмөлөрдү алгандан соң Мамажандан шек санабаган алар аны кое беришет.

— Керек болсоң чакыртабыз! — дешет ага.

Иш кабинетиме Житник менен Чолушевдер келишти. Кабактары салыңкылыгынан эле кылмышкердин изи чыкпай жаткандыгын билдим. Алар болгон окуянын күнөөкөрүнүн ким экендиги тууралуу кабар чыкпай жаткандыгын, Мамажанды кое беришкендиктерин айтышты.

— Эмне үчүн аны кое бердиңиздер? — дейм тигил экөөнө.

— Коңшуларынын айтууларына караганда, Мамажандын өзүнүн айтуусу боюнча да кылмышкер ал болбосо керек!

Житник менен Чолушевдин пикири да туура болуп чыгышы мүмкүн эле. Ошентсе да майор Житникке



тез аранын ичинде Мамажанды мага алып келүүсүн буйурдум.

Тез эле Мамажанды мага алып келишти. Мамажанды суракка аларда Чолушев менен Житникти кошо болуусун өтүндүм. Мамажан сурак учурунда «жинди» кейпин кийип алды. Бул анын актануудагы кийинки суроктан кутулуу үчүн жасаган амалы экендигин билип калдым. Артынан үч адамды дайындап койдум.

Аялдын өлүмүн, анын кызы, коңшуларынын айткандарын, кемпирдин үйүндөгү эки чоң чемодан, бир кап буюм, акчасынын суммасы жөнүндө Кыргыз ССР ички иштер Министрлигинин кылмыш иштерин изилдөө башкармасынын начальниги Александр Сергеевич Датыненкого билдирдим. Ошол эле күнү Фрунзеге чогулушка жөнөп кеттим. Чогулуш эртеси күнү саат ондо башталып, менин жеке ишим боюнча белгиленген алты-жети адам сүйлөп, катуу сынга алышты. (Кийин ойлоп көрсөм ошол кездерде айрым жетишкендиктерге манчыркап кетип, өзүмчүл, бардык ишке көзүм жеткен адам болгондой сезе баштаган экем өзүмдү.)

Чогулуш кечки саат сегизде кайра уланмак болуп, бизди түштөнүүгө кое беришти. Жанагы мен жөнүндөгү сүйлөгөн адамдардын сын пикирлеринен соң чөгө түшкөм, сиркем суу көтөрбөйт.

Ушул учурда Мамажандын артынан жүргөн адамдар анын из жазгырып качып кеткендигин билдирип коңгуроо кылып калышты. Бул кабар мага катуу тийди. Түштөнүүгө Ысык-Көл областтык ички иштер башкармасынын начальнигинин саясий иштер боюнча орун басары майор Наволикин менен бирге чыкканбыз. Ага да катуу тийдим. Мейманкананы көздөй бара жатабыз. Мейманканага 150—200 метрдей аралык калганда бирөө келатканын көрүп калдым. Туруш-турпаты Мамажандын өзүнө окшойт. Кийген кийими

аскер кызматындагы адамдын формасы. Элдин арасына аралашып, байкатпай утурлай бастым. Дал ошол Мамажандын өзү, жанагы көргөн адамым. Колунда «Казбек» папиросу, буркурата чегип келе жатат. Жанында ээрчий баскан жүдөңкү адам эки чоң чемоданды көтөрүп келе жатыптыр.

— Саламатсыңбы, Мамажан? — дедим жетип эле аны шап колтуктан алып.

Мындай жолугушууну күтпөгөн ал бир алдын өзүн жоготуп коюп, анан соң албан неме качууга жан далбастап калды.

— Наволикин, кайдасың? Мына Мамажан, колго түштү! — деп кыйкырдым.

Артта калган ал жүгүрүп келе жатат. Жакын арада милиционер формасындагы адам көрүнө койбоду жардамга чакырганга. Кыйгачтай жүгүрүп узап бара жаткан Мамажанга бут тосо берип, үстүнөн басып калдым. Аңгыча Наволикин жетип келип, экөөлөп мейманкананы көздөй алып кирдик. Диванга олтуруп жатып таштап жиберген паспортун Наволикин байкап калыптыр.

Мына ушул кезде мейманканадан эки адам чыгып келе жаткан болучу. Бири эткээлинен келген, бою кыска семиз адам, бири арык чырай шыңга келген неме. Баягы эткээл адам:

— Карачы, таламандын чак түшүндө полковник эмне иш кылып жаткандыгын,— деп калды.

— Мүмкүн полковник өз ишин билер? — деди шериги.

Аңгыча аялдар ороп кетишти бизди. Кээлери ал жайды сүрүштүрбөй эле туш келди сөздөрдү сүйлөп жатышты. Мына ошол кезде биз өлгөн аялдын буюмдарын, акчаларын чемодандан алып чыгып, мында тургандарга болгон окуя жөнүндө баяндап бердик. Мына ошондо гана аялдар Мамажанды жеп коюшчудан бетер ызырынып бетине түкүрүп кетишти. Ушул



кезде эки милиционер жетип келди. Ага колго түшкөн тигил экөөнү тапшырып, эртең өзүм сурак кыларым жөнүндө билдирдим. Ошол эле жерден Мамажандын колго түшкөндүгү жөнүндө республикалык ички иштер министерствосуна билдирдим.

Оокаттанып алып, көчөдө ары-бери басып, бир аз сейилдедик. Анан туура эле чогулуш башталарга жарым саат калганда Мамажандын кармалгандыгы тууралуу рапорт жазып алып Ички иштер министринин орун басарынын кабинетине кирип, рапортту калтырдым. Аңгыча мени чакырып калышты.

— Куттуктаймын! — деди министрдин орун басары Чернов жылмая.

Жанындагы жолдоштор да кол кысышты:

— Куттуктайбыз!

— Ишиңде ири ийгиликтер боло берсин!...

Ошентип республиканын борбору — Фрунзе шаарында болуп өткөн чогулушта мага бериле турган катуу эскертүү ордуна алкыш алып, материалдык-моралдык сыйлык алып кайтканмын. Мамажан болсо күнөөсүн мойнуна алды. Ал мурда да соттолуп, Ош тараптан келген экен. Пржевальск шаарында убактылуу жашап, из жашырып жүргөн «жан кечтилердин» бири, кылмышкер болуп чыкты.

## СЫРКОО БАЛА, КУУ КЕЛИН...

Ошол элүүнчү жылдары Ысык-Көл областынын айрым чарбаларында медициналык максатта апийимкөкнар өстүрүлөр эле. Бул аймакка келгени областтык ички иштер башкармасынын начальниги катары областтын географиялык өзгөчөлүгүн, элдик составын, мындагы калктын үрп-адат, каада-салтын өздөштүрүүгө көп далалат жасадым. Түнү бир оокумга чейин иш кабинетимде, окуя болуп өткөн жерде болуп, таң ат-

пай кайрадан жумушка кетип жүрдүм. Апталап үй бетин көрбөй калган күндөр канча дейсиз.

Биздин тынчыбызды көп алган, түйшүккө салган иштердин негизгилеринин бири дал ошол жогоруда айтылган апийимдин «ызы-чуусу» болучу. Шаарда эмгектенген адамдар көп. Ал эми тигил же бул турмуштук зарылчылык менен мында келип-кетип жатышкандар канча. Мына ошолордун баарын эле, «сен көкнарчы, апийимчисиң!» — деш кыйын эле. Чыныгы апийимчи — кылмышкерди табуу андан бетер кыйын. Ошого карабастан бардык күч-аракетимди жумшап эмгектендим. Мага мында узак бою иштешкен тажрыйбалуу жолдоштор, жергиликтүү калк арасынан чыккан ак ниет адамдар жардамга келишти. Натыйжа жаман болгон жок. Кыска эле мезгил ичинде кылмыштуулук бир кыйлага кыскарып, бул багыттагы алгылыктуу иштерим республикалык, Союздук жогорку органдардын атайын токтомдорунда белгиленип, сыйлыктарга арзыдым. Бирок дале болсо апийимчилер менен иш алып баруу, апийим соодасын кан буугандай токтотуу ишинде али аткарар иш, турмушка ашыруучу нерселер көп болучу.

Анан калса апийим соодасы күчөгөндөн күчөп, облаcттын борбору Пржевальскинин өзүндө, Ташкентке алып барып пулдашаар эле. Апийимчилердин түрдүү айла-амалдары менен башка жакка алып өтүүгө, катып жигин чыгарбоонун айла-амалын кылышчу.

1954-жылы наркотикалык зат (апийим) биздин ишибиздеги күн тартибиндеги биринчи маселе болуп калды. Республикадан, ал турсун Союздан атайын адистер, комиссиялар көп келишчү болду. Дале болсо башты катырган нерсе: «Кантkенде апийимчилерди жоюуга болот» деген ой.

Мээ кайнаткан аптаптуу июль айынын акыр чендеринде Москвадан, партиянын Борбордук Комитетинин, ички иштер Министрлигинин атайын жолдомосу



менен РОБХССинин начальнигининин биринчи орун басары, генерал Кутовенко жетекчилик кылган он сегиз адам, республикадан кошулган бешөө, Алма-Атадан беш адам болуп, бардыгы жыйырма сегиз адам облаcтка келип түштү. Алдыга коюлган максат: апийим боюнча облаcттык ички иштер башкармасынын ишин текшерүү, көкнар менен чайкоочулук кылып, өз көмөчүнө күл тартып жаткан апийимчилерди биротоло жок кылып, колго түшүрүүгө көмөк берүү болучу. Жыйынтыгында республиканын борбору Фрунзе шаарында союздук масштабда апийим боюнча кеңешме өткөрүлмөкчү.

Атайын комиссия келердин алдында эле райондук, шаардык ички иштер бөлүмдөрүнүн начальниктерин, алардын орун басарларын, саясий бөлүктөрдүн жоопкерлерин... туу кызматкерлерин өзүмө чакыртып алып, дал ушул көкнар, аны байуунун бирден бир булагына айландырып жатышкан битир чайкоочулар, нашаачылар жагдайында кең-кесири сөз кылганбыз. Апийимчилерди аныктоо, эл алдында алардын кылмыштарын ашкерелеп жоопко тартуу боюнча иш чараларды белгилегенбиз.

Москвадан келген атайын комиссиянын мүчөлөрү биринчи күндөн эле ишке катуу киришишти. Адегенде облаcттык башкарманын бул багыттагы иш пландары, алып барылган иштер, менин өздүк жеке планым, иштерим менен таанышып чыгышты. Андан соң облаcттын район, шаарларына адамдарын бөлүштүрүштү. Алып баруучу иштерди дагы бир ирет тактап, туш-тушка топ-топ болуп жүрүп кетишти. Мени өз топторуна кошушкан жок.

Облаcттын жети район, шаарларына барган атайын комиссиянын мүчөлөрү жер-жерлердеги шектүү аталган адамдарды тактап, күмөндүү жайларды алдыртан аңдууга алып, тинтүү жүргүздү. Жергиликтүү калк менен кеңешип, аңгемелерди өткөрүштү. Түзүл-

гөн иш пландарын кайрадан карап чыгышып, айрым өзгөртүүлөрдү киргизишти. Жер-жерлерде транспорт-торду көздөө үчүн күзөт постторун уюштурушту. Бирок областтын аймагына келген бул атайын комиссия жөнүндө, алдыда боло турган колго түшүрүү боюнча апийимчилер эбак эле билишкен экен. Кыбыр этип эки жакка чыкпай из суутуп кетишти. Көптөгөн тинтүү, операциялар текке кетти. Тийиштүү натыйжа чыкпады. Райондордон, шаарлардан мага жана менин орун басарым Чолушевге күндөлүк иштер боюнча кабарлап турушту.

Ошентип арадан жыйырма күн өттү. Алгылыктуу эч нерсе колго илинген жок. Түзүлгөн иштер аткарылбай, аткарылса да натыйжасыз калып, апийимчилердин бирөө да апийим менен колго түшпөдү. Бул бизге келген комиссиялардын мөөнөтү да аяктап калды. Алардын кетээрине эки күн калды. Дал ошол жыйырма биринчи күнү кечки саат ондордо генерал Кутовенкого кайрылдым;

— Жолдош генерал, сиздер иш алып баргандан бери 21 күн өттү. Сиздерге берилген мөөнөт да аяктап калды. Колго эч нерсе кийире албадыңыздар. Уруксат болсо эми мен түзгөн план боюнча да иш алып барсак!

— Кана, кана, Эргеш Алиевич!—деп генерал жандана түштү. Ал кийинки күндөрү негедир суз болуп кеткен эле.

Ошол эле күнү ОБХССтин начальниги подполковник Фомичев менен бирдикте алдыдагы иш тууралуу маектештик. Эртеси күнү түнкү саат он бирлерде подполковник Чолушев Токтогул менен Фомичев өзүлөрүнө дагы эки адамды кошуп алышып, мурда шектүү деп эсептелип келген апийимчинин үйүнө барып, бир челек апийими менен (11 кг) эки адам, бир жаш баланы колго түшүрүп келишти. Бул мезгилде комиссиянын жетекчилери менин кабинетимде болучу. Алар абдан таң калышып, жардап калышты. Анткени алардын арасында апийимди колуна алып көрө электери да бар болучу. Ысык жерде турса апийим жаман жыттанып кете турган. Аңгыча алардын арасынан кимдир бирөөлөрү мурдун басып: «Черт ево знает, чем пахнет!» деп калды. Челеги менен подвал-жер төлөгө алдыртып кеттим.

Эртеси күнү алар Фрунзеге жөнөп кетишти. Анткени жакын арада Фрунзеде Бүткүл союздук семинар-кеңешме өтмөк болучу, апийим боюнча. Москвадан келген комиссиялар кетери менен апийимчилердин жанданышарын жакшы билип турдук. Андыктан дал ушул кыска учурда өтө кыраакы, өтө сак болууга тийиш элек. Айткандай эле ошондой болду. Биз да карап турган жокпуз. Шектүү жерлердин баарына тийиштүү адамдар туруп, жол-жолдорго ГАИнин кызматкерлерине кошуп постторду койдук.

«Кызыл көпүрөгө» — майор Помныйге жоопкерчилик жүктөлүп, ага кошуп ГАИден Акматов, бир милиционер күзөткө коюлду. Алар адегенде 5 килограмм, андан кийин 7 кг апийимди колго түшүрүшөт.

Мына ушуга удаа эле «Кызыл көпүрөдөн» көптөн бери колго түшпөй жүргөн чоң апийимчи, куу, айлакер келин Гончарованы кармашат.

...Ал мындай болот. Ичи адамга жык толгон автобус озондоп келип контролдоо пункутуна токтойт. Күзөттө турган адамдар автобустагыларды бирден тинтүүгө алат. Эч нерсе колго урунбайт. Жыт алуучу ит да эч кандай шек бербейт. Автобусту кое берүүгө туура келет. Бирок биздин «узун кулактардын» айтуулары на караганда апийимчи дал ушул автобуста болучу. Күзөтчүлөрдүн аргасы кетет. Автобусту кое берүүгө да болбойт. Ар кимисинен күмөн санашып автобустагы жүргүнчүлөрдү кайра-кайра тиктешет. Ушул учурда автобустун акырында олтурган келиндин чүпүрөк-төгү оролгон баласынын такыр ыйлабаганынан шекшип, «Бул кандай ыйлабаган бала» дешип оролгон

чүпүрөктү ачуусун суранышат. Келин баласынын тумоолоп калгандыгын айтып, макул болбойт. Көрсө чүпүрөктөгү бала эмес эле куурчак болуп чыгат. Куурчактын ичинен кылдаттык менен 10 кг апийимди салып ороп койгон экен.

Суракка алганда Гончарова өзүнүн шериктерин жашырбай айтып берет. Ошентип анын айтуусу менен бир жуманын ичинде Ысык-Көл, Түп, Покровкадан — бардыгы болуп 70 кг апийим колго түшүрүлөт. Мына ошентип Ысык-Көл аймагындагы ири апийимчилердин тобу кармалат...

* * *

...Мен 1927—1968-жылдардын аралыгында (42 жылдан ашуун мезгил) Коммунисттик партияга, Ата Журтка ак дилимден кызмат өтөп, коммунисттик ыйманыма сөз тийгизген жокмун. Мына ушул 42 жыл тикеден тике Советтик милициянын катарында болуп, жаштык жалынымды, бүткүл кубат-күчүмдү, турмуштук тажрыйбамды эл-журттун бейкутчулугуна, акыйкаттыкка жумшадым. Катардагы милиционерден «генерал-майор» деген ардактуу наамга чейин жетип, күнөстүү республикабыздын беш областында областтык ички иштер башкармасынын начальниги, областтык милиция бөлүмүнүн начальниги жана башка посттордо эмгектендим. Ленин, Эмгек Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, «Ардак белгиси» ордендерине, ондон ашуун медалдарга татыктуу болдум.

Советтик милициянын катарында кызмат эткен жылдары көп нерселерди баштан кечирип, көптү көрүүгө туура келди. Далай ирет маңдай жара кубанган, далай ирет өкүнгөн учурлар болду. Мына ушул Ата Журтума жумшалган эмгегимдин текке кетпегенине, элге арналган жаштык өмүрүмө ыраазымын.



Улуу көсөмүбүз Ленин түзгөн Коммунисттик партиянын катарында болгонума сыймыктанам.

Дал азыр сөз кыябы келип турган учурдан пайдаланып, Советтик милициянын катарында кызмат өтөп жүргөн жылдардагы айрым бир-эки эсте калган окуяны, тагыраак айтканда түмөн түйшүктү талап кылган милиция кызматкерлеринин турмушунда көп кездешкен иш күндөрүнүн айрымдарын айта кетсем ашыкча болбос. Мындай учурлар ар бир Советтик милиционердин турмушунда кездешерине ишенимим чоң.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында тылда иштеген милиция кызматкерлерине оор милдеттерди аткарууга туура келди. Алар бир тууган партиябызга, элге берилгендиктерин айкын-ачык көрсөтө алышты. Тылдагы кужурмөн эмгектери үчүн милиция кызматкерлеринин көпчүлүгү ордендер жана медалдар менен сыйланууга татыктуу болушту. Мисалы, Төрөкул Жолчубаев Жалал-Абад шаардык милиция бөлүмүндө 50 жылдан ашыгыраак милиционер болуп иштеп келди. Ал граждандык согушка да, басмачылар менен болгон салгылашууларга да, Ата Мекендик согушка да активдүү катышты. Милиция органында көп жылдар бою кынтыксыз эмгектенгендиги үчүн Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз, Ата Мекендик согуштун биринчи даражадагы ордени, көп медалдар менен сыйланган. Азыр Жалал-Абаддын бир көчөсүнө Төрөкул Жолчубаевдин ысмы берилген.

Эсимде калгандардан Айдөш Чолпоновду да айта кетишим абзел чыгар. Ал дагы граждандык согушка катышты. Андан кийин милиция органдарында өмүр бою эмгектенди. Кужурмөндүүлүгү менен да, ак ниеттүүлүгү менен да, кызматка берилгендиги менен да кеңири белгилүү болгон адам эле. Чолпоновдун Ленин ордени, Кызыл Туу, Кызыл Жылдыз ордендери, көп-төгөн медалдар менен сыйланышынын өзү эле анын сиңирген эмгегин даңазалап турат.

Согуш жылдарында кылмыш кылуу өтө эле көбөйүп кеткендиги эч кимге жашыруун эмес. Кылмыштарды алдын-ала ашкерелөө, алар менен күрөш алып баруу милиция кызматкерлеринин негизги милдеттеринин бири болду. Мына ушул милдетти аткарууда Жалал-Абад областтык милиция бөлүмүнүн кылмышкерлерди изилдөө бөлүмүнүн начальниги полковник Борис Ташлановдун сиңирген эмгегин баалабаска болбойт. Ууруларды, адам өлтүргөндөрдү изилдеп тапкан адамдардын бири ошол эле. Ошон үчүн ал республикада алдыңкы милиция кызматкери болуп эсептелинген.

Полковник Павел Петрович Воронцов — Советтик Россиядан (Ивановск областынан) Кыргызстанга жиберилген милиция кызматкерлеринин бири. Органда иштеген кыргыздардын көбүн ошол киши тарбиялаган, чыныгы чекист болгон. Согуш жылдарында Жалал-Абадда областтык ички иштер башкармасынын начальниги болуп иштеди. Чаткалдагы жана башка жерлердеги басмачылар менен болгон күрөшкө катышты. Ал партиянын обкомунун бюро мүчөсү, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты катары эл менен тыгыз байланышта болуп, карапайым элди аябай урматтай турган.

Тайыр Батышов өзүнүн өмүрүн милиция органдарында иштөөгө арнады. Ал Ленин ордени, Кызыл Жылдыз, «Ардак белгиси» ордендери жана көп медалдар менен сыйланган. Тайыр Батышов Ош шаардык милиция бөлүмүндө иштеп туруп, зор эмгек сиңирди, Алайдан чыккан басмачылар менен күрөштү.

Николай Петрович Харчев да милициянын көрүнүктүү кызматкери эле. Ал дагы партиянын тапшырмасы боюнча Ивановск областынан келгендердин катарында болгон. Ош шаардык милиция бөлүмүнүн начальниги болуп турду. Кыргыз кадрларын тарбиялоого көп көңүл буруп келди. Мен Алай райондук милиция бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп турган жеримден өзүнө орун басар кылып алды. Үч ай бою мени тарбиялап, өзү жогорку кызматка которулгандыктан мени өзүнүн ордуна коюуга жетишти. Анын үйрөткөн тажрыйбасын мен эч убакта унутпаймын. Адал эмгек кылган милиция кызматкерлерин тизмелей берсем, алар аябай көп орунду ала турган.

Ивановск областынан кызматка келген Александр Сергеевич Детыненко Кыргызстандагы милиция органдарында белсемдүү эмгектенип, Кыргыз кадрларын тарбиялап өстүрүүдө баа жеткис эмгек сиңиргендигин белгилеп кетким келет. Ал нечен жылдар бою кылмышкерлерди изилдөө бөлүмүн башкарып келди. Анын кайратман эмгеги Кызыл Жылдыз, «Ардак белгиси» ордендери жана көптөгөн медалдар менен белгиленди.

1968-жылы ардактуу эс алууга чыккам. Бирок үйдө олтурууга чыдабадым. Анын үстүнө коомдук иштен четте калууга ар-намысым жол бербеди. 1969-жылдан баштап областтык ички иштер башкармасынын жетекчилеринин, партиялык уюмунун жана областтык ардагерлер Советинин өтүнүчү боюнча ардагерлердин областтык Советине жетекчилик кылып жатам. Ошондой эле комсомолдун Ош обкомунун алдындагы Советтик Армиянын катарына чакырылуучу жаштарды патриоттукка тарбиялоо боюнча штабдын төрагасымын.

## МАЗМУНУ


Жарга камалган жаштык . . . . . . . . . . 7
Алгачкы кездешүү . . . . . . . . . . 11
Каректе калган элес . . . . . . . . . . 15
Ажал менен арбашканда . . . . . . . . . 22
Үчүнчү жолку кездешүү . . . . . . . . . 29
Совет бийлиги үчүн күрөштө . . . . . . . 32
Сыйлык өз ээлерин тапты . . . . . . . . 47
Түнкү кармаш . . . . . . . . . . 50
Рахман паңсаттын талкаланышы . . . . . . 52
Өмүрдөгү унутулгус окуя . . . . . . . . 66
Эшендин тилеги таш капты . . . . . . . . 67
«Ак-Көргөн» операциясы . . . . . . . . 71
Үч үңкүрдө күйгөн от . . . . . . . . . 79
Акталган ишеним . . . . . . . . . 84
Жоголгон кудуктар баяны . . . . . . . . 87
Эскадрон Чаткалга жол алды . . . . . . . 90
Кор башынын изи менен . . . . . . . . 92
Мамажан деген ким? . . . . . . . . . 95
Сыркоо бала, куу келин . . . . . . . . . 101



ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

**Алиев Эргеш**

**СВЯЩЕННАЯ ДОРОГА**

**Воспоминания**

Для старшего школьного возраста
Художник *К. А. Давлетов*
Издательство «Адабият»

На киргизском языке

КӨРКӨМ-АДАБИЙ КИТЕП

**Алиев Эргеш**

**ЫЙЫК ЖОЛ**

Эскерүүлөр
Өспүрүмдөр үчүн

Редактору *Ж. Тойчубеков*
Сүрөтчүсү *К. А. Давлетов*
Көркөм редактору *К. Сейталиев*
Техн. редактору *Сооронкулоза*
Корректору *Ш. Жунусова*

ИБ № 373

Терүүгө 29. 08. 1989. берилди. Басууга 15. 02. 1990-ж. кол коюлду.
Д—02054. Типография № 1 кагазы. Кагаздын форматы 70×108 1/32.
«Мектеп» арибн. Жөнөкөй ыкма менен басылды. 3,5+0,5 вкл. тет.
физ. басма табак, 4,90+0,70 вкл. тет. шарттуу басма табак, 5,25 учёт-
тук басма табак, 5.86 шарттуу боёк түшүрүү. Нускасы 10.000.
Заказ № 171. Баасы 25 т.

«Адабият» басмасы.
720361. ГСП. Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.
Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча
мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы
Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.

25 т.

